К. К. Жээнтаева, В. Ш. Исаева



# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

# 10

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Тексттин авторлору:
*Ж. Садыков менен Ш. Кулуев.*

Музыкасынын авторлору:
*Н. Давлесов, К. Молдобасанов.*

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

К. К. Жээнтаева, В. Ш. Исаева

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

## 10-класс

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн орто мектептер
жана гимназиялар үчүн окуу китеби

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана
илим министрлиги бекиткен

«Кутаалам»
Бишкек – 2013

# УЛУТТУК КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ – ЭЛДИК МАДАНИЯТТЫН БИР БӨЛҮГҮ




Түрк элдеринин, ошонун ичинде кыргыздын адабияты узак жана татаал тарыхый жолду басып өттү. Элибиздин тарыхы, тагдыры, коомдук аң-сезими тектеш түрк элдеринин тарыхы, тагдыры, коомдук аң-сезиминин өсүшү, маданияты менен чырмалышып, эриш-аркак өнүккөн *(развивался)*.

Кыргыз тилинде «адабият» деген жаңы түшүнүк XX кылымдын 20-жылдарынан тартып учурай баштайт. Ага чейин акын, ырчылар өз чыгармаларын түрдүүчө атап келишкен. Жусуп Баласагын «Кут билим» деп чыгармасынын аты менен атайт, же жөн гана «китеп» деп коёт. Жазылык Кулкожакмат ырларын «хикметтер» *(кыргызча «икметтер»)* десе, XIX кылым менен XX кылымдын башында кол жазма түрүндө тараган же бирин-экин басмадан чыккан поэзия жанрына таандык чыгармалар «казал», «кысса» деп аталган.

Кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолун, элдик мүнөздү, эл келечектен күткөн үмүт-кыялды *(надежды, мечты)*, идеалды үйрөнүүдө кыргыздардын «Манас» эпосу, көрүнүктүү эстелик мурастары мааниге ээ. Ар бир эл башынан өткөргөн орчундуу окуялардын мерчемдүү учурлары *(определенные события)* алардын эпосторунда ж. б. түрдүү эстелик мурастарында чагылдырылат. Чыныгы элдик чыгармалар түрдүү шарттарда, ар башка учурга *(в разные периоды)* байланыштуу чыгарылса да, ар бири өзүнчө өзгөчөлүккө ээ болуп, алардын мазмунунан элдердин улуттук өзгөчөлүгүн көрүүгө болот. Чыныгы элдик чыгармаларда оң каармандарынын образдарында ошол элге таандык болгон улуттук белгилер менен катар эле, жалпы адам баласына тиешелүү мүнөз орун алат. М.: эл жерин сүйүү, чечемсиз баатырдык, элге кызмат кылуу, адамгерчиликтүүлүк, жөн билгичтик, акылмандык сапаттар ар бир элдин оң каармандарына тийиштүү болот.



Түрдүү элдердин чыныгы элдик чыгармаларынын артык үлгүлөрү бүтүн адам баласы үчүн зор мааниге ээ болуп, дүйнөлүк маданияттын казынасына кирет.

Элдин көркөм чыгармачылыгы аркылуу дүйнөгө болгон көз карашын, ички дүйнөсүн, маданиятын, улуттук өзгөчөлүгүн окуп үйрөнүү менен кыргыз улуттук каада-салтын, адамдык нарк-насилин, руханий бай жан дүйнөсүн өздөштүрөсүң. Элдин бай адабий үлгүлөрүн таанып-билип, улуттун маданий көркөм мурасынын, эстетикалык көз караштарынын сырын билесиң.

Улуттук фольклордо, айрыкча, эпостордо, кыргыздардын басып өткөн тарыхый жолу, турмуштун бөтөнчөлүгү, дүйнөгө болгон мамилеси *(отношение к миру)*, эстетикалык көз караштары чагылдырылган.

Адабияты өнүккөн ар бир элдин ийгилиги эртедир-кечтир дүйнөгө тарап, бардык мамлекеттер менен элдердин кеңири чөйрөсүнө жетет.

Кыргыз адабиятынын тарыхында элдик оозеки адабияттан кийинки экинчи чоң бөлүм – акындар поэзиясы.

Улуттук адабиятты муундан-муунга өткөрүп, атадан балага акындык өнөрдү улантып келүүдө акындардын салымы өтө жогору.

Учурда алардын чыгармалары улуттук көркөм сөз өнөрүндө баа жеткиз салмакка ээ. Анткени алардын ыр, дастан, айтыш, кошок, жомоктору жана насаат, үлгү санат ырлары, балдарга арналган чыгармалары кыргыз адабиятын көркөмдүк мазмундук жактардан байытты.

Кыргыз тарыхы, маданияты, өнөрү мындан бир нече жыл мурда – СССРдин он беш союздук республикасынын бири болуп турганда да, дүйнөлүк коомчулуктун кызыгуусун пайда кылса, азыр да эгемендүү мамлекет болуп, байыртан Батыш менен Чыгышты байланыштырып турган Жибек жолунун так ортосунан орун алгандыгы, минералдык заттарга өлчөөсүз *(неизмеримая)* байлыгы, табиятынын ажайып кооздугу менен, ошондой эле байыркы маданияты, узун тарыхы бар аймак катары дүйнөнүн бардык бурчунда, материктеринде жашаган элдерди кызыктырууда.

Элдик чыгармачылыктын бийик үлгүлөрүнүн катарына кирген «Манас» жазма адабияттын берметтеринен болуп эсептелген Жусуп Баласагындын «Кут билими», Алыкул Осмоновдун поэзиясы, Чыңгыз Айтматовдун прозасы көркөм чыгармачылыктын үлгүлөрү катарында түрдүү географиялык кеңдикте жашаган окурмандарды кызыктыра алат жана кызыктырып жатат. Мына ушул себептен кыргыздын көркөм сөз чыгармалары дүйнө элдеринин көп тилдерине которулганы жана которулуп жатканы бекеринен эмес.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**эстелик мурастары** – памятное наследие
**чыныгы элдик чыгармалар** – настоящие народные произведения
**артык үлгүлөрү** – лучшие образцы
**улуттук өзгөчөлүгү** – национальные особенности
**кеңири чөйрөсүнө** – в широкий круг, окружение

**жалпы адам баласына тиешелүү мүнөз** – имеет характер принадлежащий всему человечеству. У народа свои требования к своим героям.
**көркөм сөз өнөрүндө баа жеткис салмакка ээ** – имеет неоцененимый вес в художественном слове

- **улуттук адабият** – национальная литература
**рухий маданият** – духовная культура
**өзгөчөлүктөрү** – особенности
**саясий аң-сезим** – политическое мышление
**өнүгүү жолу** – пути развития
**жетиштүү кабар** – достаточная информация *(сведение)*
**калк** – население, народ
**көркөм сөз өнөрү** – художественное слово
**түмөн** – многочисленное
**кооортпой** – неисчерпая, не уничтожая
**түбөлүктүү мурас** – вечное наследие
**маданий мурас** – культурное наследие

**Тапшырмалар.**
Сүйлөмдөрдү толуктап, дептериңерге жазгыла.

***1. ... ... муундан-муунга өткөрүп, акындык өнөрдү улантып келүүдө ... салымы зор.***
***2. Улуттук адабиятта ... ..., ..., мурас катары бааланат.***
***3. Элдик оозеки адабияттан кийинки экинчи чоң бөлүм – ... ... .***
***4. ... ... – түбөлүктүү, маданий мурас.***
***5. Алардын чыгармалары ... ... ... баа жеткис салмакка ээ.***

**Учкул сөздөрдү эстеп калгыла.**
Орундуу сөз акыл-эстен от алат,
Орунсуз сөз ийинден баш алат.

Сөздүн баарын кармап калуу эң кыйын,
Керектүүсүн эске тутуп, так уруп.
*Жусуп Баласагын.*

**Суроолорго жооп бергиле:**
1. Улуттук адабияттын кандай мааниси бар?
2. Адабий мурастардын тарбиялык таасири канчалык?
3. Адабий мурастарды кимдер изилдеген?
4. Элдик мурастарда элдин жашоо-шарты, кыялдары чагылдырылабы?
5. Бул чыгармаларда кандай мүнөз орун алган?
6. Чыныгы элдик чыгарма маданият казынасында канчалык деңгээлде болот?

**Үй тапшырма.**
Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
Суроолорго жооп бергиле.
Текстти окуп, кластер түзүп келгиле.



# «Манас» эпосунун жазма варианттары

*Зор «Манас» көлөмүнө жетпес ченим,*
*Чарчабай үч ай айтса түгөнбөгөн.*
*Кыргызда дагы толгон көп укмуштар,*
*Чынында байра сенин күчүң белем.*
*А. Осмонов*



Көптөгөн узак жана татаал жолунда кыргыз эли өзүнүн эң негизги маданий мүлкү *(культурное богатство)* болгон поэзияны, кантсе да, оозеки түрдө кылымдан кылымга, муундан муунга өткөрүп сактап келди. Улуу адабий мурасыбыз катары бааланган «Манас» эпосубуз буга далил.

«Манас» эпосун жыйноо, кагаз бетине жазып, изилдөө иштери өткөн кылымдын ортосунда, түндүк кыргыздар Россиянын карамагына киргенден кийин, казак, орус окумуштуулары тарабынан башталганын белгилей кетүү керек. Ал эми эпосту көркөм чыгарма катары кайра иштеп чыгуу жана анын элдүүлүгү боюнча маселелери 1952-жылы 6–10-июнда өткөрүлгөн Бүткүл союздук илимий конференцияда каралган.

Азыр Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунда «Манастын» үч бөлүмүнүн 62 варианты сакталууда. Эгер Ч. Валиханов менен В. В. Радлов жазып алган варианттарды, «Маджму ат-таварих» жыйнагындагы материалдарды

өзүнчө вариант деп эсептесек, илимге азырынча бардыгы болуп 65 варианты белгилүү. Булардын 34ү – «Манас», 22си – «Семетей», 9у – «Сейтек» 7 айтуучудан эпостун үч бөлүгү жазылган, 15 адамдан «Манас» менен «Семетей» жазылып алынган. Кытай Эл Республикасындагы кызыл-суулук манасчы Жусуп Мамайдын айтуусунда эпостун бир нече китеби чыккан.

Эгер «Манастын» басма бетинде жарыяланышын 1904-жылы Ч. Валиханов орус тилинде бастырып чыгарган «Көкөтөйдүн ашынан» баштасак, анда 1990-жылга чейин болжол менен «Манастын» 50–60тай китеби, миң жылдыктын ары-берисинде дагы ондогон китеп жарык көргөн. Алардын арасында Б. Юнусалиевдин жалпы редакторлугу астында жарыяланган курама варианттын төрт томдугу (1958, 1959, 1960), Ч. Айтматовдун башкы редакторлугу астында Сагымбайдын «Манасынын» төрт томдугу (1972 – 1982-жж.), Саякбайдын «Манасынын» беш томдугу (1984 – 1991-жж.) бар. Андан тышкары Сагымбай менен Саякбайдын «Манасынын» академиялык басылыштары чыгарылган.

Алгачкы саамалыктар *(первые предпосылки)* катары эпостун «Манас», «Семетей», «Сейтек» сыяктуу үч бөлүмүн тең айткан жана кагазга түшүргөн таланттуу манасчылардын атын атасак, анда алар: Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкулов, Шапак Ырысмендиев, Багыш Сазанов, Мамбет Чокморов, Жаңыбай Кожеков, Ыбырай Абдырахманов. Булардын ичинен Тоголок Молдо менен Ыбырай Абдырахманов жаза билген инсандар болгондуктан, үчилтиктин үч бөлүгүн тең өз колдору менен жазып, Илимдер академиясынын фондуна өткөрүшкөн.

1940-жылы Зияш Бектенов «Манастын» 1-бөлүгүнүн сюжетин кара сөзгө *(в прозе)* айлантып жазып чыккан. Бул бөлүк согуш жылдарында орус тилине которулган жана орус илимпоздорунун эпос менен таанышуусуна өбөлгө түзүп, 1946-жылы Москвадан С. Липкин, Л. Пеньковский, М. Парловский которгон «Манас киргизский эпос» *(«Великий поход»)* китебинин чыгышы республиканын маданий турмушундагы маанилүү окуя *(важные события)* болгон. Ал эми кыргыз элинин белгилүү жазуучулары Ашым Жакыпбеков менен Кеңеш Жусупов эпостун кара сөз нускасын жазып чыгышып, үзүндүлөрү бир нече жолу гезит-журналдарга жарыяланган. Ошондой эле атактуу эл акыныбыз Жалил Садыковдун «Манас» үчилтигинин (трилогия) негизинде «Манастын уулу Семетей» (1982), «Сейтек» (1987), «Айкөл Манас» (1989) аттуу ыр менен жазылган драмалары кыргыз элинин руханий көркөм дүйнөсү катары дайыма жогору бааланууга татыктуу. Себеби, таланттуу акын драмаларында эпостун сюжеттик өзөгүн сактоо менен өз мезгилинин жана коомунун актуалдуу проблемасына байланыштырууга, андагы социалдык-философиялык ойдун тереңдигин көрсөтүүгө аракеттенген.

«Манас» бөлүгү 1984-жылы Дүйнөлүк адабият институтунун башкы илимий кызматкерлери А. С. Мирбадалева жана Н. В. Кидайш-Покровский тарабынан которулуп («Манас» секторунун башчысы С. М. Мусаевдин катышуусунда), эл сүймөнчүлүгүнө ээ болду.

«Манас» эпосунун 1000 жылдыгына арналып, 1995-жылы С. И. Липкин тарабынан өтө көркөмдүк менен которулган «Айкөл Манас» аттуу повести басылмага даярдалган. Ошондой эле «Манас» казак, өзбек, тажик, түрк, орус, немис, француз, англис, венгер, кытай, монгол тилдерине которулган жана которулууда.



«Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесин *(юбилей)* өткөрүү боюнча жарлык чыккан. Жаш эгемендүү мамлекетибиз улуу Манас Атанын «жети осуятын» бийик кармап, анын атак-даңкын *(слава)* көтөрүү максатында жана бүткүл дүйнө жүзүндөгү кыргыздардын башын бириктирип, кыргыз жергесинин коздугун, элибиздин меймандостугун *(гостеприимство)* даңазалоо эле.



1995-жылдын 27–29-августунда «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы өткөрүлүп, дүйнө жүзүнүн 69 өлкөсүнөн келген өкүлдөр менен 500 миң калк чогулган той 3 күнгө созулуп, коздолгон 1000 боз үй тигилип, 12 канат боз үй Хан Ордосу болуп, шаан-шөкөт менен өткөн. Ушул тойдо абдан кооз жасалгаланган 3 кабат боз үй чет элдик меймандардын жана жалпы эле тойго катышкандардын алкоосуна татыктуу болгон.

Маарекеде куттуктоо менен чыгып сүйлөгөн: Азербайжан Республикасынын Президенти Гейдар Алиев, Түркиянын Президенти Сулейман Демирель, ЮНЕСКОнун гендиректору Федерико Майор жана башка өлкөлөрдөн келген өкүлдөрдүн пикиринче *(по мнению представителей)* кыргыз элине, Манастын урпактарынын меймандостугуна, адамгерчилиги менен ызааттуулугуна, ата мурасын кадырлаган урматтоосуна, бекем ынтымагына ыраазылыктарын билдиришкен. Анда 1000 боз үй каз-катар *(подряд)* тигилип, кыргыз элинин улуттук оюндары, каада-салттары, ыр-күүлөрү жаңырып, ошол кайталангыс ажайып *(неповторимый чудесный)* ыр-музыкага бөлөнгөн, кубаныч тартуулаган укмуш көрком керемет *(кра-*

*сочное чудо),* Улуу мааараке жөнүндө көз жарган китептер, документалдык фильмдер элдин руханий кенчине айланды. Кыргыздардын ыйык эстелиги – Манас күмбөзү баштапкы калыбына келтирилип, ошол маарakede «Манас Ордо» комплексинин салтанаттуу ачылышы да болгон.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**12 канат боз үй** – по 12 юрт с каждой стороны;
**3 кабат боз үй** – трехэтажная юрта;
**урпактарынын меймандостугуна, адамгерчилигине, урматтоосуна, бекем ынтымагына** – гостеприимство, человечности, уважению наследия отцов и предков.

■
**карамагына** – в состав
**түрткү** – предпосылка
**курама** – сборный
**маанилүү** – значительный
**чечим** – решение
**аш** – поминки
**андан тышкары** – кроме того
**басылыш** – издания
**алгачкы саамалык** – первоначальный
**үчилтик** – трилогия
**катышуусу менен** – с участием
**көркөмдүк** – художественность
**кайталангыс** – неповторимый
**алкоосуна татыктуу** – достойно благодарности

**! Оозеки чыгармачылыктын мыйзам–ченеми боюнча канча манасчы болсо, ошончо вариант болот. Себеби, ар бир манасчы бири-биринен окуяларды тарытып же кеңитип бериши, ыр саптарын түзүлүшү, көз карашы, чеберчилиги боюнча айырмаланышат. Маселен, Сагымбай, Саякбай, Жусуп Мамай – үч залкардын «Манасынан» эле варианттуулук ачык көрүнүп турат.**

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. «Манас» эпосунун көркөм чыгарма катары кайра иштелип чыгуусуна эмне түрткү болгон?
2. Алгачкы саамалыктар боюнча эмне айта аласыңар?
3. Эпосту кайра иштеп чыгуунун зарылдыгы бар беле?
4. Канчанчы жылдардан баштап кайра иштелип чыгып, которула баштаган?
5. Эпоско арналган конференция, 1000 жылдык мааракенин өткөрүлүү себеби эмнеде?

**Тапшырмалар.**

*Муун, басылыш, алгачкы, көркөм* деген сөздөргө синоним, *аш, курама, алкоо, катыш* деген сөздөргө антоним таап, сүйлөм түзгүлө.
«Манас» эпосу, манасчы, изилдөөчү деген сөздөргө синквейн түзгүлө.

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
Суроолорго жооп бергиле.
Текстти окуп, түшүнгөнүңөр боюнча концептуалдык картаны толтургула.

| **жылы** | **окуя** | **мааниси** |
|---|---|---|
| | | |



**Билип алгыла.**

***Улуу адамдар «Манас» эпосу тууралуу:***

«Манас» дастаны – кыргыз калкынын бирегей романтикалык төл чыгармасы. Анын башкы каарманы – «Баатыр Манас».

*Чокан Валиханов.*

«Манас» – туушкан кыргыз элинин кылымдар бою жазуусуз ырдалып, урпактан-урпакка келе жаткан орошон зор этикалык туундусу».

*Мухтар Ауэзов.*

«... Манаска мусулман баатырларынын эч кимиси тең эмес».

*Василий Радлов.*

«... Манас – адабий образ катары доорго тиешелүү...».

*Евгений Поливанов.*

«Баатыр «Манас» эпосу – кыргыз элинин болгон поэтикалык чыгармачылык байлыгынын синтези жана туу чокусу».

*Саул Абрамзон.*

«Манас» – Кыргыз рухунун туу чокусу».

*Чыңгыз Айтматов.*

**Адабият теориясынан: Көркөм чыгарманын түп нускасы жана аны кайрадан иштеп чыгуу.**

Ар бир эле көркөм чыгарманын түп нускасы адегенде көлөмү чакан келип, бара-бара кеңейтилип, көптөгөн окуяларды, маалыматтарды камтып *(охватывая),* көркөмдүүлүгү жагынан байып отурат. Айрыкча элдик чыгармаларга мындай көрүнүштөр мүнөздүү. Коомдун өнүгүшү менен адабий чөйрөдө да элдик оозеки чыгармаларга кайрылып, көркөм чыгарманы коомдун, саясий көз караштардын талабына ылайык кайра иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыгат. Буга айкын мисал, Улуу «Манас» эпосу.

«Манас» эпосунун көркөм чыгарма катары кайра иштелип чыгуусуна 1952-жылы өткөрүлгөн Бүткүл союздук илимий конференция чоң түрткү *(огромный толчок)* берген. Ал конференцияда «Манас» эпосунун негизи элдик экендиги жана анын курама вариантын даярдоо керектиги жөнүндө чечим чыгарылып, Манас таануу илиминин өсүшүнө, эпосту окуп үйрөнүү, которуу, изилдөө, басып чыгаруу иштерин жүргүзүү каралган.

Эпосту көркөм чыгарма катары кайра иштеп чыгууда кыргыз элинин көрүнүктүү акын-жазуучуларынын кошкон салымдары зор. Атай кетсек, З. Бектеновдун, А. Жакыпбеков менен К. Жусуповдун кара сөз түрүндө жазып чыккан прозалары, Ж. Садыковдун үчилтиктин негизинде жазган драмалары азыркы убакка чейин журтчулугубуздун сыймыгы болуп келсе, Ж. Мамайдын Манастын сегиз урпагына чейин бир миллиондон ашык сап ыр менен жазып чыгарган варианты кыргыз окурмандары үчүн эң чоң белек болуп саналат.

# ҮЧ ЗАЛКАР

*«Дилиң таза болбосо, Манас ата кечирбейт, анын кусуру урат».*
Сагымбайдын сөзү.



## Сагымбай Орозбак уулу (1867–1930)

Кыргыз элинин залкар манасчысы Сагымбай Орозбак уулу 1867-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Кабырга деген жерде туулган. Ал 13–14 жашынан өмүрүнүн акырына чейин «Манас» айткан. Манасчы Келдибектен, Балыктан, Чоңбаштан, Тыныбектен, Акылбектен, Найманбайдан, Дыйканбайдан үлгү алган. «Манасты» толугу менен Тыныбек манасчыдан уйгуптур.

20-жылдардын башында эл чыгармачылыгын жыйноо комиссиясынын берген багыты алдында «Манасты», «Семетейди», «Сейтекти» ырааттуу толук жазып алуу идеясы каралып, 1922-жылы ошол кездеги белгилүү, айтылуу *(известный)* манасчы Сагымбайдан «Манасты» системалуу түрдө жазып алуу жумушу башталган. Ошол жылдын жай, күз айларында Сагымбайды өз эркинче коюп, Нарындын жайлоолорун кыдыртып, эл аралатып, айттырып, манасчыны өзүнө көнүмүш *(привычный)*, табигый *(естественный)* шарттарда ырдатып, ошол кырдаалдарда эпостун саптарын кагазга түшүрүшкөн. Эпостун «Манас» бөлүгүн толугу менен кагазга түшүрүүнү мугалим, фольклорист Ыбырай Абдырахманов төрт жыл бою тынбай жазып отуруп, жалгыз өзү жүзөгө ашырган *(притворил в жизнь)*. Улуу дастанды кагазга жаздырып жаткан манасчыга өкмөт тарабынан жардам болбогондуктан, Сагымбай жаздыруу жумушун аргасыз *(вынужденно)* токтотуп, үй-бүлөсүнө каражат табуу *(найти средство)* үчүн жумалап, айлап, эл аралап, «Манас» айтып кеткен учурлар да болгон. Ушунун айынан иш үзгүлтүккө *(прервалось)* учурап, жазуу иши создуккан *(затянулось)*. 1926-жылы улуу жомоктун «Манас» бөлүгү толугу менен жазылып бүткөн. Бул тексттин көлөмү 180378 ыр жолун түзөт.

Улуу манасчы катуу ооруп калгандыгына байланыштуу, эпостун «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрү жазылбай калган. Анын «Семетейди» өтө шыктануу менен *(с вдохновением)* айтканын өзүн «семетейчимин» деп эсептегенин, «Семетей» «Манасынан» да көркөм экенин Ы. Абдырахманов көп айтчу экен.

Сагымбайдын «Манасы» – илгерки кыргыз турмушун ар тарабынан сүрөттөп, тасмага тарткандай даана берген, идеялык чабыты кенен, мааниси терең деңиздей чалкыган гениалдуу вариант. Вариант кыргыз салт-санаасын, үрп-адатын, ишеним-түшүнүктөрүн, ыйман-абийир жөнүндө көз караштарын, басып өткөн жолунун учурларын кеңири баяндайт.

Эпостун өтө олуттуу, көркөмдүгү күчтүү бул вариантын жазып алууда Ыбырай Абдырахмановдун эмгеги чоң. Ал 1888-жылы Жети-Өгүздө туулган. Караколдогу «Жаңы тартип» мектебин бүтүрүп, адабият институтунда илимий кызматкер болуп иштеген. Фольклорист жана этнограф Ы. Абдырахманов башка манасчылардан «Манасты» жазып алып бастырып чыгарган. Өзүнүн да «Манас», «Семетей», «Сейтек» вариантын жараткан.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**Өкмөт тарабынан жардам болбогондуктан** – не было помощи со стороны власти; У государства не имелось средств на запись эпоса
**ар тарабынан сүрөттөп, даана берген, чабыты кенен, мааниси терең** – описывал со всей стороны, точный как в фильме, с глубоким идейным взмахом, смыслом
**салт-санаасын, үрп-адатын, ишеним-түшүнүктөрүн, абийирин** – описывает обычаи, традиции, понятия, честь-совесть кыргызов
**өтө олуттуу, көркөмдүгү күчтүү** – очень значимый, с сильной художественностью

- **толугу менен** – полностью
**багыты** – направление
**ырааттуу** – последовательно
**көнүмүш** – привычный
**кырдаал** – ситуация
**аргасыз** – вынуждено
**каражат табуу үчүн** – чтобы найти средство
**үзгүлтүк** – прерывать
**даана** – четко
**ишеним-түшүнүк** – поверь
**ыйман-абийир** – гуманизм
**тасма** – фильм
**олуттуу** – значительный



## Саякбай Карала уулу
## (1894–1971)

Улуу манасчы, XX кылымдын Гомери Саякбай Карала уулу 1894-жылы Ысык-Көлдүн Ак-Өлөңүнүн Семиз-Бел деген жеринде туулган. Саякбайдын талантынын эртелеп ойгонушуна чоң энеси Дакиш түрткү болгон жана 1924-жылы эң күчтүү манасчы Чоюке Өмүр уулуна жолугуп, аны ээрчип жүрүп «Манас» үйрөнгөн. Бардык эле манасчылар сыяктуу Саякбай да түшүндө Каныкейдин өз колунан даам татып, Бакайдын бергенин жеп, айтканын уккандан кийин «Манас» айта баштаган. 1930-жылдан баштап Саякбай калайык-калкка манасчы катары таанылат.

1930-жылы жаш окумуштуу Кусейин Карасаев атайын тапшырма менен «Манас» айткан адамдарды издеп табуу үчүн Ысык-Көлгө келет да, эл аралап жүрүп, Саякбайдын кабарын угуп, аны издеп таап, таанышып, анан манасчыны үгүттөп *(агитировав)*, Бишкекке ээрчитип келип, эпосту жазып алууну баштаган.

XX кылымдын Гомеринен эпосту жазып алуу 30-жылдардын башынан 60-жылдардын аягына чейин созулган. 30–40-жылдарда манасчынын оозунан эпостун бардык бөлүмдөрү: «Манас», «Семетей», «Сейтек», булардын уландысы катары «Кенен», «Алымсарык», «Кулансарык» жазылып алынган. Бардыгы 500553 сап ырдан турат. Бул вариантты жазып алууга К. Жумабаев, Ж. Рисов, Ж. Кыдырбаевалар катышышкан, бирок тексттин көпчүлүк бөлүгү кайра эле Ыбырай Абдырахмановдун чаалыкпаган кужүрмөн *(неустанный, кропотливый)* эмгеги аркылуу кагазга түшүрүлгөн. Саякбайдан жазылып алынган бул вариант эпостун эң толук жана идеялык-көркөмдүк келбети шай *(очень художественный)* келген вариант болуп эсептелет. Ошентип, Саякбай Каралаевден тарыхта биринчи жолу «Манастын» үч бөлүмү тең ыраттуу түрдө жазылып алынган. Саякбайдын варианты, «Манас» үчилтиги бардык бөлүмдөрүнүн салттык окуяларын толук камтып, эпизоддорун жетер чегине жеткире кенен деталдаштырып сүрөттөгөнү менен айырмаланат.

1952-жылы Саякбайдан «Манас» толугу менен экинчи жолу жазылып алынган. Бул иш окумуштуулар Б. Маленов, Ж. Таштемиров, жана К. Исмаилов тарабынан аткарылган.

1960-жылдары улуу манасчы улгайыңкы тартып калса да жаңы дем, жаңы күч менен бүркүттөй шаңшып *(со звонким голосом)* радио, магнитофон, кино тасмаларына, пластинкаларга жаздыра баштайт. Самар Мусаев



менен Сапар Бегалиев 1968-жылы Саякбайдан «Манас» үчилтигин үчүнчү ирет, баштан-аяк Ысык-Көлдүн күңгөй-тескейинде эл алдында табигый шарттарда *(в естественной среде)* айттырып, эпостун бардык бөлүмдөрүн 2750 метрлик магнитофондук тасмага жазып алышкан.

«Манас» эпосунун бүт варианттарында 9–10 миллиондон ашык сөз колдонулат. Гиннестин китебинде: «Дүйнөдөгү эң көлөмдүү поэма кыргыз элинин «Манас» эпосу. Анын көлөмү 500000 сап» – деп жазылган. Бирок Саякбай Каралаевдин варианты боюнча гана ушундай көлөмдө.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**XX кылымдын Гомери** – Гомер XX века; Гомер – великий древнегреческий сказитель; Саякбай великий сказитель нашего времени

**Каныкейдин өз колунан даам татып** – вкусив из рук Каныкея; Каныкей жена Манаса из рук ее невозможно кушать
**Бакайдын бергенин жеп, айтканын укканы** – после того как покушал, послушал слова Бакая; Бакай – советник, мудрец Манаса
было такое поверье у народа во сне увидев их начинали рассказывать Манас
**жетер чегине жеткире** – до нужной высоты, уровня. Рассказывал до абсолютной высоты

■ **ойгонушуна** – в пробуждении
**түшүндө** – во сне
**даам татып** – отведав
**үгүттөп** – агитировав
**чаалыкпаган** – неустанный
**кужүрмөн** – кропотливый
**шай келген** – подходящий
**салттык** – традиционный
**улгайыңкы** – более преклонного возраста
**үчүнчү ирет** – третий раз
**табигый шарттарда** – в естественной среде



## Жусуп Мамай

## (1918)

Кытайдагы Кызыл-Суулук кыргыздардын чоң манасчысы Жусуп Мамай 1918-жылы Ак-Чий аймагындагы Меркеч айылында туулган. Жети жашында кат таанытан. Жусуп Мамайдын манасчы болушуна бала кезинде Балбайдын кол жазмаларын окугандыгы себеп *(то что знаком)* болуптур. Балбай, Жусуптун агасы, билимдүү адам болгон экен, ал Чойбек, Ырысменде, Шапак, Балык, Тыныбек жана башка манасчылардын «Манасын» билген, айрымдарын *(некоторые)* кагазга түшүргөн. Балбай Ыбырайым деген манасчыдан жети жылда Кененим, Сейти, Асылбача, Бекбача, Сомбилек, Чигитей сыяктуу Манастын тукумунун сегиз муунун *(восемь поколений)* жазып алууга үлгүрүптүр. Бирок ал кол жазмалар дайынсыз жоголуп кеткен. Балбай 46 жашында Кашкарга айдалып, түрмөдөн жок болгон. Жусуп Мамай «Манасты» жазып алган, бирок ал жазма Кытайдагы «маданий-төңкөрүштүн» *(культурная революция, переворот)* учурунда өрттөлүп кеткен. Ал эпосту кайрадан жазып чыккан. Ал «Манас» айтат, бирок эл кыдырып айтпайт, өзүн жазма манасчымын деп эсептейт.

1970-жылдардын аягында «Маданий төңкөрүш» алааматы *(волна)* токтоп, коомдук-официалдуу уюмдар, көркөм-маданий бирикмелер «Манасты» кайрадан жыйноону колго алат. Жусуп Мамай Пекинге чакырылып, эпостун 8 урпагын тең бүт кайра башынан айтып жаздырып, бир жагынан өзү да жазып берип бүтүрөт.

1992-жылы Какшаалда «Манас» айтуу чогулушуна катышкан кыркча манасчыдан эпостун далай материалдары кагаз бетине түшүрүлгөн. Бүгүнкү күндө Кытайда Жусуп Мамайдын вариантын кошпогондо сексенден ашуун манасчыдан жазылып алынган «Манастын» миллион саптан ашык ыр казынасы архивде сакталып турат.

Азыркы учурда атактуу Жусуп Мамай айткан 8 урпак 18 томдон турган китеп түрүндө Кытай басмаларынан жарык көрүп, калайык-калктын колуна тийди.

«Манас» боюнча 5 томду Асанбай Матили, «Семетей» боюнча 3 томду Мамбесан Эрги, «Сейтек» боюнча 2 томду Асанбай Матили, «Кененим» боюнча 2 томду Оргалча Кыдырбай, «Асылбача-Бекбача» боюнча 3 томду Толкун Турду, «Сомбилек» боюнча 1 томду Толкун Турду, «Чигитей» боюнча 1 томду Токтобүбү Ызак басмага даярдаган.



- **кат таанытан** – стал грамотным
  **кол жазма** – рукопись
  **тукум, урпак** – потомок
  **муун** – поколение
  **дайынсыз жоголуп кеткен** – бесследно исчезли
  **уюм** – организация
  **маданий төңкөрүш** – культурная революция
  **бирикме** – объединение
  **далай** – несколько
  **кошпогондо** – не включая
  **казына** – сокровище
  **басма** – издание
  **калайык-калк** – народ

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. «Манастын» негизги варианттары жана аларды кайсы манасчылар айткан?
2. Кайсы окумуштуулар эпосту жазып алууда көп иш-аракеттерди жүргүзүшкөн?
3. Эпос кайсы манасчылардын варианттары боюнча китеп болуп чыккан?
4. Сагымбайдан эпос кандай шарттарда жазылып алынган?
5. «Манас» эмнеси боюнча жана кимдин варианты боюнча Гиннестин китебине кирген жана канча сап ырдан турат?
6. Жусуп Мамай канча урпагына чейин жазган?
7. Саякбайдан эпос канча ирет жазылып алынган?

**Тапшырмалар.**

Үч залкар манасчынын өмүр баянына жана чыгармачылыгына Венндин диаграммасын түзүп, айтып бергиле.




**Үзүндүнү көркөм окуп, орусчасын толуктап окугула.**

| | |
|---|---|
| Тойдон кийин toktolup, | После того как закончился ..., |
| Эки жыл тамам өтүптүр. | Целых два года прошло. |
| Эр Манас бойго бүткөнү | С той поры, как был зачат ... |
| Тамам үч ай жетиптир. | Полных три ... прошло. |
| Байбиченин көңүлү | Вот захотелось байбиче |
| Башкага ооп кетиптир. | ... необычного *(съесть)*. |
| Өз тамагы эсте жок, | Не могла и думать об обычной ... |
| Же көрүнүүчү көзгө жок. | Не желала даже ... её, |

Бал, шекерге карабайт,
Башка тамак жарабайт,
«Жесем – деп – жолборс жүрөгүн,
Мындан башка санабайт».

Не могла видеть ни …, …
Не по вкусу ей … еда,
Съесть бы …этого желая,
Ничего другого не … она.

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
Суроолорго жооп бергиле.
Сүйлөмдөрдү кыргызча которуп, толуктап дептерге жазгыла.

***1. … 1924 году встретил великого сказителя по имени Чоюке и он стал учиться у него.***
***2. … рассказывал «Манас» с 13 – 14 лет и до конца своей жизни.***
***3. Эпос «Манас» у … до 8 поколений и более миллиона строк.***
***4. В отличие от других сказителей, … считает себя … манасчи.***
***5. Этих трех … … кыргызский народ будет помнить … .***

## «Кедейкан» эпосу

Кыргыз элинде айтылып келе жаткан элдик оозеки көркөм чыгармалардын ичинен «Кедейкан» эпосу көрүнүктүү жана басымдуу орунду ээлейт.

«Кенже» эпос деп аталган поэмаларда адам жана табияттын сыйкырдуу күчтөрү жөнүндөгү «Төштүк», адам жана жаратылыш жөнүндөгү «Кожожаш», социалдык-турмуш жөнүндөгү утопиялуу «Кедейкан», романтикалуу сүйүү жөнүндөгү «Олжобай менен Кишимжан» эпостору «Манас» эпосуна карата гана шарттуу түрдө *(условно)* кенже эпос деп аталат. Ар бир эпос өзүнчө идеялык-көркөмдүүлүк жактан жогорку деңгээлге жеткен эпикалык чыгармалардан болуп эсептелип, оолон оозго өтүп, кылымдан кылымга айтылып келген.

«Кедейкан» эпосу – кыргыз элинин социалдык-кайрыктары бар чыгармасы. Эпос элдин жашоо шартын, салтын, ырым-жырымын реалдуу көрсөтүү менен социалдык маселелерди курч коёт. Эпостун Т. Сатылганов, К. Акиевден жана А. Үсөнбаевден жазылып алынган варианттары бар.

«Кедейкан» – ошондогу элдин жашоо шартын, турмуштук психологиясын, кулк-мүнөзүн *(характер)*, адебин *(поведение)*, ал түгүл туткан динин *(религия)* туура чагылдырып көрсөткөн турмуштук-социалдык эпос. «Кедейканда» эки варианты бар. Биринчиси – 1938-жылы өзүнчө китеп болуп чыккан Калыктын айтуусундагы Токтогулдун варианты. Экинчиси – 1923-жылы белгилүү фольклор жыйноочу К. Мифтаков жазып алган Алымкул Үсөнбаевдин варианты. Бул экөөнөн эпос катары алда канча жогору тургафы Калык Акы уулунуку.



А. Үсөнбаевдин вариантында окуя үзүлүп-үзүлүп берилгендиктен, элге таандык негизги данегин *(основную суть)* бөлүп алууда кыйынчылыкка турат. Сөзсүз, бул варианттан Токтогулдуку идеялык-көркөмдүк, композициялык түзүлүшү жагынан да жогору турат.

Дастандын баш кейипкерлери *(главные герои):* Керээз (Кедейкан), Гүлсаана кемпир жана Азимкан.

«Кедейканда» негизги эки өзөктүү *(основная)* окуя бар. Бири, томолой жетим калып, кордукту ченебей көрүп, Кедей атка конуп, кийин мээримдүү эне, ишеничтүү төрт жолдош таап, акыры хан болгонго чейинки Керээздин баяны.

Чыгармада Кедейдин кан болушу эпостун негизин түзөт, бардык окуя ошонун айланасында өнүгөт. Адатта кан тукуму кан болгон. Кедей тукумунан кан болуу жөө жомоктордо, элдик аңыздарда гана учурайт.

Ал эми «Кедейканда» бул өңдөнгөн жөө жомоктук сюжет, же укмуштанган апыртуулар *(чудесные небылицы)* жок, тескерисинче реалдуу турмуш. Кедейдин кан болушу жайдак эле жерден чыкпайт. Ал жаштайынан турмушка бышып, ак-караны эрте жашынан терең түшүнөт. Кедей жердигинен тың, акыл-айласы жетиштүү, көзүнөн от жанган, ойлогонунун өтөөсүнө чыккан, эрки күчтүү жигит.

Чыгармада Кедейдин башкаруучулук мүнөзү акырындап калыптанат *(создается)*. Ал асырап алган энеси Гүлсаананы жакшы багат, бирок уурулук менен. Жалданып кул болгондон башка жарытылуу жумуш болбогон ошол заманда уурулук кылуу, ал түгүл эр мүнөз тың *(героический, сильный)* азаматтардын гана колунан келчү иш *(дело с которым справиться)* болгондугу белгилүү. Экинчиден, Кедейдин өзүндөй эр жүрөк төрт жолдош күтүп, аларга баш болуп, бир калктын тынчын алышы менен анын башкаруучулук *(лидерлик)* биринчи кадамы *(первый шаг)* башталат.

Үчүнчүдөн, Кедейдин кыйындыгы ким менен болсун тил табыша алган, эмнеге болсо эпчилдигинен *(способностью)* билинет. Ал касиеттүү ак эшенге зорго жетип, аны менен тил табышып калпалыгын кабыл алып, он күндүн ичинде эшендин канына, калкына сөзү өтөбү, кадыры канча, ошону тактап алат. Ак эшен чынында эле өзү каалашынча мактангандай, канына да, элине да кадыры сиңген «касиеттүү» аталган адам болуп чыгат...

Чыгарманын чиелениши так ушул жерден башталат. Адамдын күтүүсүз жагдайга туш болушу, сөзсүз анын күтүүсүз тагдырга кириптер болуусун шарттайт. Так ушу жерден Кедейдин башына «Азрейил периштеге жолугуп он үч күндүк жашоо сурап алдым» деп, эшенди, ал аркылуу Азимканды алдап кандык кылып көрсөмбү деген «чоочун» ой пайда болот. Буга түздөн түз ак эшендин ашкере мактануусу *(чрезмерное хваставство)* да себепчи.

Азимкан калкка калыс *(справедливый)* бийлик жүргүзгөн, көптү көргөн, көптү билген кыраакы кан болгон үчүн Кедейди биринчи көргөндө эле анын кандай арам ойлуу киши *(человек с плохим намерением)*, максаты эмнеде экендигин айныбай билет:

Айланайын эшеним,
Айттыңыз сөздүн бекерин. **сөздүн бекерин** – не правильные слова
Каракчыга так берсем,
Билемин алдап кетээрин
Күнүмдүккө кордук иш,
Күмөндөр кайта жетээрим. **күмөндөр** – сомнительно

Тагыма Кедей минген соң,
Казына оозун ачпайбы?
Карк алтыным чачпайбы? **карк алтыным** – мое богатство, золото
Кандык доорум кеткен соң,
Касиетим качпайбы! **касиетим** – мой дар, священность

Алтыныма кызыгып,
Ага-иним кетер бузулуп.
Абийирим кетер, эшеним, **абийирим кетер** – не будет достоинства
Арбагым качар сызылып.

Азимкандын бул айтканы туура чыгат. Эл – зор күч, бирок аны ошол эле учурда таасирлүү буйрук *(твердому приказу)*, же акылга салып ыктуу алдоо *(умелым обманом)* менен каякка буруп жиберсе болчу – агым *(течение)* экендиги бул эпосто чоң чеберчиликте, ишенимдүү баяндалган. Кедейдин Азимкан кандай кан эле? – деген суроосуна эл мындайча жооп беришет:

Таксыр, биздин Азимкан,
Жаман айтып сөкпөгөн. **сөкпөгөн** – не ругал
Жашынан бери көппөгөн. **көппөгөн** – не зазновался
Сиз сураган Азимкан,
Салыгын жаман салчу эмес, **салыгын, чыгымын** – налог, дань
Чыгымын жаман алчу эмес.
Чыгымын салып күнүгө,
Кырк жигити барчу эмес.
Жармагын жаздым бөлбөгөн, **жармагын** – свое хозяйство, надел
Бирөөнү жакын көрбөгөн.

Ал мына ушундай ак жүргөн, элге калыс бийлик жүргүзгөн, адилеттүү кан. Ушундан соң Кедейкан амал ойлоп Азимкандын казынасын ачып, алтын-күмүшүн калкка түгөл чачып: «Эртең Азимкан кандык тагын алганы келет, анда кантип жооп берип, кимибизди кандыкка шайлайсыңар!» дегенде, бат эле Кедейге жүзү бурулуп *(приняли его сторону)* кеткен элдин жооп берип турганы:

Таксыр, Кедей каныбыз,
Багындык сизге баарыбыз.
Ай сайын чыгым салдырып, **чыгым** – налог, оброк
Ысыбаптыр чекебиз.



Азимкан такты талашса,
Сизди шайлап кетебиз. **шайлап** – выберем, проголосуем
Азимканды бозортуп,
Жолго салып айдайбыз.
Жооп берсеңиз ошондо
Таксыр, өлтүргөндөн тайбайбыз. **тайбайбыз** – неотступим

Бирок, Азимкан болчу ишти алдын-ала сезип турганы менен эмнегедир кары эшендин таарынычынан чочуп, өзү кудайга абдан ишенип жашаган баёо адам *(невежественный человек)* үчүн, ошол эле учурда ак эшенди артыкча урматтагандыгынан, анан калса ак эшен менен алты атасынан бери карай ысык мамиледе келатышкан ата салтын сыйлап жана акырында, «каргаса кара таш кылып койчу» анын касиетине катуу ишенип, Кедейге тагын үч күнгө берүүгө ичинен сыздап аргасыздан көнөт.

Кедейдин эч убакта акылдан шашпаган бышыктыгы ушул жерден дагы бир жолу даана көрүнөт. Ал алтын такка кул тукумунан чыккан адам катары өзүн жоготуп калбастан, Азимкандын башындагы алтын таажысын, ченин кошо алып, анан барып отурат. Эпосто бул учур:

Тактысынын үстүнө,
Таажысын берди башынан,
Таажысы менен шып этип,
Сыймыгы учту кашынан – деп сүрөттөлгөн.

## «Кедейкан» эпосу жөнүндө

Илгери өткөн заманда кыргыз эли катуу ачарчылыкка учурап, алдуусу тентип-тербип оокат таап, алсыздары жардылыктан азып-тозот. Ошондо кыргыздардан Курама, Сары деген бир туугандар Түркмөн элине тентип барган деп айтылат. Кураманын баласы Керээз деген болуптур. Кедей эл тентип, азып-тозуп жүрөт, Керээз томолой жетим калат. Гүлсаана кемпир аны асырап *(усыновляет)* алат. Кордукту аябай көрүп, Кедей атка конгон ал замандын кыйынчылыгына баш ийбейт. Өзүнүн төрт жолдошу менен уурулук кылып баккан энеси Гүлсаананы жакшы багат. Элдин тынчын алып, тың, от жүрөк азамат экендиги апасын азапка салган кандын увазирин мууздап колго түшкөндө билинет. Анын бул кыялы эч кимден коркпогон тайманбастыгы *(отважность)*, колунан бардыгы келе турган эрлигин билдирет. Ошондой эле анын ким менен болсо тил табыша алган эпчилдиги дагы бир сапаты болчу. Куур тон, куу чокой кедей Хива шаарына келет. Ал жерден Ак эшенге жолугат. Ак эшен өзү каалашынча мактангандыктан, Кедейдин оюна «чоочун ой» келет. Шаардын ханы Азимкан Ак эшенди кадырлап-кастарларын *(то что уважает, почитает)* билет да, анын хандыгын алып берүүсүн сурайт. Ак эшендин жанында жүрүп, сыйын көрүп ал үчүн каалаганын аткарам деген Ак эшенди сөзгө жыгат. Бул жакка келе жатып Азирейил периште *(Ангел смерти)* жанын алмак болгондо он үч күн

сурап алгандыгын айтат. Ак эшен Азимкандын тагын сурап берет. Азимкан калкка калыс бийлик жүргүзгөн, көптү көргөн, билген кыраакы кан болгон үчүн Кедейди биринчи көргөндө эле анын кандай арам ойлуу киши, максаты эмнеде экенин билет. Бирок, Азимкан болчу ишти алдын-ала сезип турганы менен эмнегедир кары эшендин таарынычынан чочуп, өзү кудайга абдан ишенип жашаган баёо адам үчүн, чечкинсиздигинен *(нерешительный)* тагын берет. Азимкандын ак жүргөн, элге калыс бийлик жүргүзгөн, адилеттүү кан экендигин элдин оозунан угуп Кедейкан амал ойлоду. Үч күндө элди чогултуп, казынаны ачтырып, жарымын элге таратып берет.

Үч күн өтөт, ал дагы эле тирүү. Эл «Кедей ханыбыз, сизге багындык» – дешет. Азимкан хандыктан ажырап, тентип кетет. Ак эшен да элжурттан качып жоголот.

Эпостун экинчи өзөктүү окуясы чыгарманын беделин бийиктетип, чиеленишин кульминациялык чекитине чейин чыгарып барып туура корутундулаган андагы драмалуу, жүрөктү титиреткен трагедиялуу мерчем, жагдайлар ушул экинчи бөлүгүнө туура келет.

Дал ушул жерден мүнөздөр ачылып, образдар типтештирилет. Бул жерде негизги фигуралар – Азимкан менен Кедейкан. Кедей эрки бек, айтканынан кайтпаган көк, максаты дайыма алдыда жүргөн, мүнөзү күчтүү адам болсо, Азимкан кан тукумунан чыкканы, элге адил бийлик кылганы, бир топ жакшы сапаттардан куру эмес болгону менен, али жаш баладай эңөө *(наивный как ребенок)*, абдан мажирөө, бош, ишенчээк адам болуп чыгат.Кедейдин кандык такка отурушуна ашынган айлакерлигинин күчү, кадырлуу ак эшенди алдап ортого сала коюп – динди мыкты пайдалануусу жана бөтөнчө, Азимкандын мүнөзүнүн жумшактыгы себепчи болот. Кедейдин минтип кан болушуна ишенбей турган эч чара жок. Бийликке жетүү маселеси бүгүнкү күндө деле ушундайча ишке ашып жатпайбы.

Демек, мүнөздөрдүн күрөшү, тактап айканда мүнөздөн мүнөздүн күчтүүлүгү, артыкчылыгы дал глобалдуу маселелердин чечилишинде чоң роль ойнойт экен. Азимкан негизги эки чоң кемчиликке жол берет. Биринчиси – ак эшен Кедейди ээрчитип тагын сурап келгенде андай олуттуу ишти жеке чечпей увазирлерин жана башка акыл кошчуларын чакырып алып чечкенде иш башкача болмок. Экинчиси – касиеттүү ак эшенин алдына салып алып тагын алмакка Кедейдин алдына экинчи сапар барганда Кедейкандын «Азимканды дарга аскыла!» дегенинен чочуп, адамдын ким экендиги сыналчу кыйын учурларда өзүнүн коркоктугун далилдеп, ал турсун «элин да эстебей» унутуп, душманына өз аялын, балдарын тартуу кылып, өзүн күң кылуудан да кайра тартпаган пастыкка *(низость)* чейин барат. Ал эми, бирине мусапыр кейпин кийгизип, бирин кан кылып өзүнүн кадыр-баркын билгизип, бирок өз сөзүнө туруп, кыйын күндө Азимканга таяныч жөлөк боло албаган, ал түгүл «каргаса кара таш кылчу» касиети жок экендигин ачык күбөлөгөн ак эшендин кадыр-баркына бул жолу чекит коюлат. Тескерисинче, башта такыр сөз болбогон Гүлайымдын образы ушундан кийинки эпизоддордон тарта бар тарабы менен ачыла баштайт.



Азимкан тагын алдырып, ого бетер акылынан адашып, жары Гүлайымга «сени Кедейканга бермек болдум, бизди эптеп куткарып ал» деп болгон окуяны бүт түшүндүргөндө, дагы болсо Гүлайым туура жыйынтыкка келет:

Мен Кедейге тийгенче,
Кезигип калсаң күйгөнчө,
Балдарым – кул, сен – малай,
Сенделип тирүү жүргөнчө.
Мен каракчы канга тийгенче,
Кадырыңа күйгөнчө.
Казан асып сенделип,
Калкыңда түрүү жүргөнчө,
Каным, жүрү кетели,
Качып жүрүп өтөлү!
Аманат жандан кечели,
Алыска тентип кетели...

Арып-ачып, ач бел, куу жолдо самсып, тентип жүгөн учурларда да Гүлайымдын акылы, ар нерсеге жөндөмдүүлүгү *(умелость, способность)* чоң роль ойнойт. Ошентип, Гүлайым Азимканга керек кезде кеңешчи, сымбатына акылы айкалышкан, үйдө кут, сүйүүгө туруктуу асыл жар болуп чыгат.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**жайдак эле жерден** – не из пустого; ханом не все смогут стать
**башкаруучулук мүнөзү** – характер, предпосылки лидера; Лидерство воспитывается
**сөзү өтөбү, кадыры канча** – послушает ли, насколько почетен, уважаем; не каждому можно верить, довериться
**кериптер болуусун** – предпологает ожиданное *(судьбу)*
**каргаса кара таш кылат** – если проклянет, превратит в камня
**сыймыгы учту** – стал не достоен, потерял гордость
**тил табыша алган эпчилдиги** – умеющий находить общий язык со всеми
**беделин бийиктетип** – повышая авторитет, почет
**олуттуу ишти** – важное, главное дело
**сыналчу кыйын учурларда** – в трудное время, в испытаниях
**тартуу кылуу** – подарить, преподносить

■ **көрүнүктүү** – видный
**басымдуу** – важное *(весомое)* место
**сыйкырдуу күчтөр** – волшебные силы
**кенже** – малый *(по объему)*
**көркөмдүүлүк** – художественность
**жогорку деңгээлге** – на высокий уровень
**эсептелет** – считается
**айтылып келген** – рассказывалось
**жашоо шарты** – жизненные условия
**курч коёт** – ставить остро
**катуу ачарчылык** – сильный голод
**тентип** – разбрести, бродить
**азып-тозгон** – сильно голодать, худеть

**кацгып барган** – забрел на туркменскую землю
**томолой жетим** – круглая сирота
**асырап алат** – усыновила
**Ак эшен** – человек религиозн. высокого чина
**кол берүү** – поздороваться, встретиться
**куур тон, куу чокойлуу** – в шубе из мерзлюшки *(кожанн.)*, с худым валенком
**сырын ачып** – раскрыл секрет свой
**кыраакы** – прозорливый
**көк** – отчаянный
**кадырлап, кастарлап** – почитать, уважать, так – трон, почетное – тронное место
**хан** – хан, управляющий каким-то округом, народом
**сөзгө жыгылып** – держать свое слово
**куулуп** – быть изгнанным
**айкалышкан** – сочетающиеся
**туруктуу** – верная

**Тапшырмалар.**

Кенже эпосторду атагыла: ..., ..., ...., ...., ..., ...
Кенже эпостордун бөлүнүшү: ..., ..., ..., ....
«Кедейкан» ... ... ... ... эпос.

**Берилген макалдарды жаттагыла.**

Бийлик бар жерде зордук бар, зордук бар жерде кордук бар.
Заманы жакшы болсо, карысы жаш болот.
Кайраттуу адам калкка башчы болот.
Кандан ажырасаң да, калктан ажыраба.

Учкул сөздөрдү окуп, маанисин түшүндүрүп бергиле.

Башынан багы тайыптыр, байкуш болуп калыптыр.

Жараткан бергенин бүт койбой алат,
Бир гана жагымдуу сөз аман калат.
*Фирдоуси*

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Бул эпостун маанисин кандайча түшүндүңөр?
2. Адамдык сапаттардын берилишин талдап көргүлө?
3. Элдин жашоосу кандай болгондо оңолот?
4. Керээз кандай адам, ал силерге жактыбы?
5. Ак эшендин касиети эмне болду?
6. Азимкан кандай тагдырга туш болду?
7. Эл кимди тандап алды?

**Учкул сөздүн маанисин чечмелегиле.**

Сөздүн баарын кармап калуу эң кыйын,
Керектүүсүн эске тутуп, так урун.
*Жусуп Баласагын*



Намысты тартып алууга болбойт, жоготуп коюуга болот.
*А. П. Чехов*

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
Суроолорго жооп бергиле.

«Адамдар ортосундагы чыккынчылыкка менин мамилем кандай?» деген темага чакан эссе жаз.

**Үзүндүнү кунт коюп уккула.**

## Кедейкан

*(Үзүндү)*

Жан алчу милдет мойнунда,
Азирейил периште,
Айбаты кыйын келиште.
Алдымдан чыкты чак түштө,
Айбаты менен жол түзүп,
Келдиң Кедей балам! – деп,
Алла таала кудайдын,
Буйругуна барам деп.
Адамдын баарын күйгүзүп,
Бу жүрүшүң жаман деп,
Өлүүгө жанды кыйбадым.

**жан алчу** – забирающий душу
**алла таала** – бог, создатель
**кыйбадым** – не мог проститься

Аз күндүк тирүү койгун – деп,
Периштеге ыйладым.
Эшенге кол берейин,
Аз күндүк өмүр тилейин.
Сабыр кылгын, азирет,
Чачымдан көп күнөйүм –
Деп тилесем периште,
Он үч күн берди убада!
Кадыр кылса каныңыз,
Каныңызга барыңыз.
Кадыр билги, эшеним,
Калбасын кайгы зарыбыз.
Ызаат кылса бегиңиз,
Ылайык болсо кебиңиз,
Бегиңиздин үч күндүк,
Тактысын алып бериңиз!
Кимдин, кимдин заманы?
Кедейкандын заманы.

**сабыр кылгын** – задержись
**тилесем** – когда пожелал
**кадыр билги** – умеющий ценить
**ызаат кылса** – если почитает вас
**ылайык болсо** – если послушает





Кетсин ичтен арылып,
Кемчиликтин жаманы. **кемчилик** – недостаток
Кедейкан болсун бир атым,
Ушуну сизден сурадым.
Баркыңды билсе Азимкан,
Алып берер убагың.
Үч күндүк өмүр ичинде,
Такты үстүнө минейин.
Тагдыр жетсе, эшеним,
Кыямат көздөй жөнөйүн. **кыямат көздөй** – в ад
Дооранымды кылыңыз,
Жаназага туруңуз.
«Бир атагым калса» деп,
Жалдырайт кедей уулуңуз.
Үч күндүк өмүр ичинде, **муңубуз** – печали
Арылып кетсин муңубуз.

- **тагдыр** – судьба
  **кыямат** – ад *(трудная жизнь после смерти)*
  **жаназа** – чтение молитвы при похоронах
  **атак** – слава
  **жалдырайт** – просит
  **муң** – печаль
  **күнөйүм** – мой грех, вина

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Кедейкан Азирейил периштеге жолугушун кандайча сүрөттөйт?
2. Периштеге жолукканы өзүнүн күнөөсүн сезгени эмеспи?
3. Ак эшендин ашкере мактанычын кандай жол менен пайдаланды?
4. Азимкандын чечкинсиздиги эмнеге алып келди?
5. Бардык эле шум адамдар бийликке келип турса элге кандай болот?
6. Азамат, эр жигиттин кандай болгону керек?

**Тапшырмалар.**

Бул чыгармадагы 2 каармандын адамдык сапаттарын салыштыргыла:

| Азимкан | | Кедейкан | |
|---|---|---|---|
| Сапаттары | | | |
| жакшы | жаман | жакшы | жаман |
| ишенчээк, адамды баалоосу... | өтө баёолугу, динден корккондугу | алга умтулуусу, элге камкордугу | алдамчылыгы, көктүгү |

**Макалдардын маанисин түшүндүргүлө.**

***Жакшы жаңылса өзүнөн көрөт,***
***жаман жаңылса башкадан көрөт.***

***Жакшы адам эл камы үчүн жүгүрөт,***
***жаман адам өз камы үчүн күтүнөт.***

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттап келгиле.
Чыгарма боюнча долбоор тартып келгиле.

# ЭЛДИК ПОЭМАЛАР

## «Олжобай менен Кишимжан» дастаны

Кыргыз элинде айтылып келе жаткан белгилүү чоң эпос, дастандар сыяктуу эле лиро-романтикалык чыгармалардын ичинен «Олжобай менен Кишимжан» чакан поэмалардын бири. Бул чыгармада да бардык эле элдик поэмадагыдай сүйүү темасы баяндалып, акыры эки жаштын ойлогон ою ишке ашпай *(не реализовалась их мечта)* кайгылуу өлүм менен аяктайт. Биринчи бөлүгүндө Олжобайдын атасы кыпчактардан чыккан *(из рода кыпчак)* Солтобай кыз тандап, ага эч ким жакпай, акыры Чылмайрандагы Кулжыгачтын кыздары бар деп угуп, ал жакка барат да, улуу кызы Бегимжанды жактырып калат. Кулжыгачтын уулу болбогондуктан, ал кызымды ал, бирок бул жерге келип жашайсың деп шарт коёт *(ставит условие)*. Солтобай макул болуп, Бегимжанга үйлөнүп, Олжобай аттуу уулдуу болот. Солтобай эрте каза болот. Олжобай менен Кишимжан *(таежеси)* тең төрөлүп, кийин эки жаш бири-бирин сүйүп калат.

Чыгармада баштан аяк сүйүү темасы, ошол кездеги дөөлөттүү бийлик ээлеринин адилетсиздиги *(не справедливость)* баяндалат. Карып калган таятасы Кулжыгачтын сөзү өтпөй, аталаш тууганы Кудаке Олжобай менен Кишимжандын көңүлү жакындыгын билип калып, экөөнү бирибиринен ажыратып, көп калың алуу үчүн Байназарга бермек болот. Кудаке Олжобайды куугунтуктап, көзүн тазалоону ойлогонун билип калып, Бегимжан уулун өз туугандарына – Кыпчакка алып барат. Олжобай Кишимжанга өлбөй тирүү болсом, сөзсүз келем деген ой менен көз жашын көл кылып кете берет.

Экинчи бөлүгүндө Олжобайдын Кыпчак жергесине келип, өз элине бел болуп, элге кайрымдуу, ары баатыр атанып, эли-жерин ички жана тышкы душмандардан кол тийгизбей коргоп турат. Чачыкеге үйлөнүп, Акберди аттуу уулдуу болот. Кишимжан Олжобайды күтүп жүрүп тажагандыктан *(устав ждать)*, Акмаматтан кабар айттырат. Кишимжанды калыңына көп мал берип, Байназар чоң той өткөрүп жаткан учурда Олжобай келип калат. Эки жаш бирге болуунун амалын издешет. Анткени Кудаке Олжобайдын Кишимжанды алып кетүү үчүн келгенин билип, Олжобайды куугунтукка *(изгнание)* алат. Акыры Байназардан Кишимжанды тартып алып качат, бирок баатыр аңоо келет дегендей байкоосуздан Кудакеге алданып калат да, Олжобай колго түшөт. Кудаке Олжобайды өлтүргөнүн көрүп, Кишимжан

сүйгөн адамым жок, жашоо мага да кызыксыз деп өзүн-өзү бычак менен сайып өлтүрөт. Байназар алардын артынан кууп келип, эки жаштын өлүп жатканын көрүп, же малдан жок, же аялдан жок, элиме кантип бармакмын деп уялганынан өзүн кылычы менен жүрөккө урат. Акырында Кыпчак элине кабар жетип, адилетсиз Кудакенин өлүмү жана эки жаштын өлүгү бир жерге коюлуп, ушул кезге чейин эстелик чынар терек жаштар үчүн белги катары бүчүр байлап турат делип бүтөт.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**кайгылуу өлүм** – горькая смерть; Было время когда могли убивать людей из-за всего
**калың алуу** – получать выкуп за дочь; Кто мог заплатит, те могли позволит себе жениться несколько раз
**көзүн тазалоо** – бывает неосторожным
**эстелик чынар** – памятное дерево

■ **чакан** – небольшой
**көзүн тазалоо** – убрать с глаз долой, убить
**кайрымдуу** – отзывчивый, добрый
**аңоо** – глуповатый, неосторожный
**кайгылуу** – печальный
**жактырып калат** – понравиться
**дөөлөттүү** – *(здесь)* богатые, высокопоставленные лица
**куугунтукта** – изгнание
**амал** – хитрость
**кыз тандап** – выбирая невесту
**калың** – выкуп за невесту
**бел болуп** – став защитником
**күтүп тажагандыктан** – надоело ждать

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Бул чыгармада эмне баяндалат?
2. Олжобайга Кишимжан ким болот?
3. Эки жаштын сүйүүсүнө кимдер тоскоолдук кылган жана эмне үчүн?
4. Олжобай өз жерине барып үйлөнүп алды, а эмне үчүн Кишимжан Байназарга турмушка чыкпай аны күтүп жүрдү?
5. Олжобай барбай койсо болот беле?
6. Окуя эмне болуп аяктады?
7. Олжобай менен Кишимжандын сөөгү коюлган жерде эмне өсүп турат?

**Тапшырмалар.**

Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Олжобай элине келип, ..., ... атанып, эли-жерин ... жана ... душмандардан коргоп турат.

Кишимжан Олжобайды ... ...., Акмаматтан кабар айттырат.

Акыры Байназардан ... алып качат, бирок баатыр ... келет дегендей байкоосуздан Кудакеге алданып калат да, ... колго түшөт.

Эки жаштын өлүгү бир жерге коюлуп, эстелик ... ... жаштар үчүн белги катары ... турат.



**Берилген макалдарды чечмелегиле.**

Жакшы сөздү айтса жан эрийт,
Жаман сөздү айтсаң жан кейийт.

Кайгы өмүрдү кесет, калп ырысты кесет.

Мансап үчүн сүйбө, мал-мүлк үчүн достошпо.

Тексттин мазмуну боюнча кластер түзгүлө.




## Олжобай менен Кишимжан

*(Үзүндү)*

**Үзүндүнү кунт коюп уккула.**

– Ашуудан кары кетпеген,
Ак кайкы аска бел кайда?
Айланып казы кетпеген,
Айдың чалкар көл кайда?
Канаттуу куштар жетпеген,
Какшыган куру чөл кайда?
Калкынан кеткен баатырдан,
Кабар албай тим жаткан
Капарсыз кыпчак эл кайда?
Алдында бадам кызыл ат,
Аркардай сулуу мал беле?
Мал берип айдап кыз алган,
Айылында жаш бар беле?
Таятасы Кулжыгач,
Чылмайран элдик чал беле?
Картайган киши экенсиз,

**ашуу** – перевал
**жетпеген** – не достигший
**капарсыз** – без переживаний
**мал берип** – выкуп за невесту
**картайган киши** – пожилой человек

Калың кыпчак көп элдин,
Кармаганы кан кускан,
Олжобай деген бар беле?
Ким болот ата-бабасы,
Кайсы элдин кызы болду экен?
Ошонун тууган апасы?
Билесизби сиз, аке,
Олжобай кимдин баласы?

***Кабарчы эмне үчүн Олжобай жөнүндө сурап жатат?***

Анда картаң киши муну айтат:
– Аралап топко барбаган,
Айылда картаң менмин деп,
Айылдан мындай чыгарып,
Мынабу айдап малды келдим деп,
Кабарын элдин сурай бер,
Мен да кыпчак элмин деп,
Абал мурда жөнүңдү айт,
Эси чыккан немече,
Энтеңдеп кайдан келдиң? – деп.
Олжобай сенин эмнең?
Калтырбай сурай бердиң деп.
Көп болду элден кеткени
Көк жал эле Олжобай.
Күңгөйдө жаткан ак ордо,
Ошол Олжобайдан калган жай.
Чылмайран тоосун жердеген,
Кулжыгач деген кишинин,
Жактырып кызын алам деп,
Жашында өлгөн болучу,
Олжобайдын атасы эле Солтобай,
Ак шумкар учат кайрылып,
Айдыңда жаткан кептерге,
Адырдын чөбү кулпунат.
Асмандан жамгыр төгүлүп,
Абасы жакшы көктөмдө,
Калың кыпчак баарысы,
Жашы менен карысы,
Кайгысын тартып ал жүрөт,
Олжобай мындан кеткенде.
Айылдан чыккан акылман,
Бегимжан болот энеси,
Эрөөл байлап топ бузган,
Эпкиндеп тийген окко учкан.

**кабарын** – весть

**энтеңдеп** – в попыхах

**көк жал** – отважный

**күңгөй** – южная *(солнечная)* сторона

**жактырып** – понравивший

**кулпунат** – во всей красе

**көктөмдө** – ранней весной

**акылман** – мудрая

**эпкиндеп тийген окко учкан** – легко и быстро как пуля





Эр Олжобай баатырдын,
Элге жаккан кеңеши.
Арадан өттү көп убак,
Кыпчактан кеткен бир башы.
Көк жал эрден сөз козгоп, — **көк жал** – бесстрашный
Кабарчым, көңүлдү капа кылбачы. — **капа кылбачы** – не огорчай
Көзүнө мончок жаш алып, — **мончок жаш** – слеза как бусинка
Көрсөм деп ыйлап отурат.
Кыз алган Чачы курдашы. — **курдашы** – (здесь) его жена
Олжобай жөнүн сурадың,
Алыскы жерде жүрсө да
Анын аман бекен бир башы? — **аман бекен** – жив ли
Каймана жүргөн картаң чал, — **каймана жүргөн** – тайно, скрытно
Кайрылып туруп муну айтты,
Башкасы кантет деп ойлоп,
Чочуп калды кабарчы. — **чочуп калды** – испугался

***Картаң чал эмнени сезди?***

– Алыстан келген жолоочу,
Чылмайран тоодон келдим деп.
Кабарын уккан болчумун,
Калың кыпчак элдин деп.
Капаланба карыя, — **капаланба** – не огорчайся
Кабарын айткан айлына
Кайран баатыр Олжобай, — **кайран баатыр** – бедный молодец
Каргаша болуп өлдү деп,
Картайып калган Кулжыгач,
Кайгырып ыйлап айткан соң,
Мен кабар сала келдим деп.
Душмандын жүрөт алдында,
Гүлдү бадам бууданы, — **буудан** – скакун
Жалгыздын жайы жаман иш,
Жанында жок тууганы.
Эр Олжобай өлгөндө.
Кудакеден башкалар,
Көзүнөн жашты тыйбады. — **тыйбады** – не прекращали
Кууп келип артынан, — **кууп келип** – догнав
Жийделиде өлтүрдү,
Кудаке Кулжыгачтын тууганы.
Уктуңбу, аба, кебимди?
Угузар жайын өзүң бил, — **угузар жайын** – как сообщить
Энеси эстүү Бегимби?
Акылын таап угузгун,
Аппак бетин тыттырбай,
Азапка салып келинди. — **азапка** – мука



Кыпчак абдан көп эл деп,
Алыстан даңкын укчу элем,
Кудакени курутуп, — **курутуп** – уничтожив
Алгын кыпчак кегиңди.

***Олжобайдын курман болгонун эми кимдерге угузуш керек?***

Баатырдын өлүмүн угузуу оңойбу?
– Кабарчым, сөзүң билдим деп,
Акылдашып көрөлү. — **акылдашып** – посоветовавшись
Айылга бирге жүргүн деп,
Алып барды элине.
Олжобай баатыр өлдү деп,
Акылдашып мурдатан, — **мурдатан** – заранее
Айылды билген бегине,
Кабарчы менен кошулуп,
Калдайышып бир топ жан, — **калдайышып** – огромная толпа
Бастырып келип түштү дейт.
Олжобайдын кайгысын тартчу жерине.
Үйгө келип киргенде,
Катар тартып отуруп, — **катар тартып** – в ряд
Бирин-бирин карайт сен айт деп,
Айтууга оозу бара албай. — **оозу бара албай** – не посмел сказать
Кабарчыны карады.
Билет экен ушул деп,
Эр Олжобай баланы.
Энеси мунун Бегимжан,
Эси бүтүн жан эле: — **эси бүтүн** – здравомыслящий
– Эр Олжобай жалгызым,
Элимден кеткен бала эле.
Өлүүбү, балам, тирүүбү?
Өлбөй калчу киши жок.
Кабарчым, кандай кебиң бар эле?
Айта алышпай олтурат,
Алдындагы эл тунарып, — **тунарып** – померкли
Бегимжан мындай дегенде,
Бел байлап ага баарысы — **бел байлап** – успокаиваясь
Ичинен калды кубанып.

***Бегимжан бул суук кабарды кандай кабыл алат?***

– Байбиче өзүң билесиң
Чылмайран тоолук элди деп,
Ала качып Кишимди, — **ала качып** – украв
Олжобай айылынан өлдү деп,
Күйөөсү багыш Байназар,
Күн өткөзбөй чабат деп, — **чабат деп** – нападет
Элдин баарын көчүрүп,

Кудаке ээрчип арттан келди деп,
Эрегишип кармашса,
Эч адам алы жеталбай,
Олжобай алдоо менен өлдү деп. — **алдоо менен** – с хтитростью
Буркурап ыйлап Кишимжан,
Буралып келип көрдү деп,
Жээнимден кантип калам деп,
Жеңиндеги бычагын,
Жүрөккө малып өлдү деп. — **жүрөккө малып** – в сердце вонзила
Элге уят болдум деп, — **уят болдум деп** – опозорился
Байназар да кошо өлүп,
Баарысын тең чогултуп,
Жийделиге көмдү деп.
Картайган атаң Кулжыгач,
Кабарга мени жиберди.
Байкуштун кайсыга алы келди? – деп, — **байкуш** – несчастный
Кулжыгач айт деп жиберди.
Кулунума кабарды, — **кулунума** – *(здесь)* моей дочери
Кудаке кургур сойду дейт — **кургур** – пропади он пропадом
Кызымдан тууган баламды.
Өлдү деп кабар укканда,
Бегимдин өңү кетти кубарып,
От болуп күйүп жүрөгү, — **күйүп жүрөгү** – сердце горело
Оозунан жалын чыгарып,
Өлгөнү анын чынбы деп,
Өбөктөй түшүп Бегимжан,
Жатып калды суналып.

***Олжобайдын кегин эми ким алат?***

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**ак кайкы аска бел** – скала с острым концом
**айдың чалкар көл** – огромное озеро; Говориться о красоте, широте родной земли
**какшыган куру чөл** – пустыня где ничего нет
**бадам кызыл ат** – белая лошадь; Масть лошади принято белый называть красным
**аркардай сулуу** – красивая как архар; Архары как бы священные у кыргызов
**кан кускан** – *сравн.* с того места за которого возметься кровь пойдет; О нем о баатыре с твердой хваткой
**эрөөл байлап топ бузган** – вышедший из схваток победителем
**каргаша болуп өлдү** – покарали; За то, что украл жену чужую его покарали
**аппак бетин тыттырбай** – не дать поцарапать лицо; Когда умирал человек мама или жена от горя царапали свое лицо
**алгын кыпчак кегин**д**и** – отомсти кыпчак за сына; За убийство мстили убийством

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Кабарчыны ким жиберген?
2. Картаң чал Олжобайды кандай сүрөттөдү?
3. Бегимжан кандай адам экен?
4. Жалгызынан, сиңдисинен айрылган эненин абалы кандай?



**Тапшырмалар.**

*Өлүм, санаа, кыр, мелдеш, кек, кулап, көктөм* деген сөздөрдүн синонимин тапкыла.
*Жээн, мурда, каргаша, көк жал, кайгы, өч* деген сөздөргө антонимдерди тапкыла.
Олжобай менен Кишимжандын образдарына синквейн түзгүлө.

**Макалдардын бул чыгарма менен кандай жалпылыктары бар?**

Макалдарды жаттап алгыла.

Сүйүү оттон ысык, гүлдөн назик.

Сулуу-сулуу эмес, сүйгөн сулуу.

Кызды сураганга бер, кымызды ичкенге бер.

**Үйгө тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
Тексттен үзүндү жаттап, көркөм окууга машыккыла.

**1. Тестирлөө.**

**2. Өтүлгөндөрдү кайталоо, бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Улуттук адабият деген эмне?
2. Адабий мурастын ээси ким?
3. Бул мурастарды өнүктүрүү, сактап калууга кимдер салым кошкон?
4. Улуу эпос «Манас» кыргыз эли үчүн кандай мааниге ээ?
5. «Манас» эпосунун жазма варианттары?
6. Кимдер жазып алышыптыр?
7. Кайсы тилдерге которулган?
8. Жазма варианттарды кимдер изилдеген?
9. Манасчылар жөнүндө эмне билесиңер?
10. «Кедейкан» эпосу кандай чыгарма?
11. Мазмунун айтып бере аласыңарбы?
12. «Олжобай менен Кишимжан» поэмасы кандай тагдырды сүрөттөйт?
13. Эмне үчүн жаш адамдар ушундай тагдырга туш болушту?

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ

## Орхон, Энесай, Күлтегин эстеликтеринин тарыхы



Кыргыздар байыртадан бери өчүрбөй атын сактап, тарыхта изин калтырып кеткен элдердин биринен. Илимге белгилүү маалыматтарга таянсак Кытай тарыхчысы Сым Цяндын «Тарых жазуулары» деген эмгегинде гяньгун *(кыргыз)* деген наам менен биздин заманга чейинки II кылымдарда эле эскерет. Атагы дүйнөгө маалым *(известный)* чоң окумуштуу, тарыхчы, академик В. В. Бартольд «Кыргыздар» аттуу тарыхый очеркинде азыркы Борбордук Азия чөлкөмүндө жашаган элдердин арасынан жазма булактарда аты эң эрте эскерилген эл кыргыздар экендигин баса белгилейт *(особо подчеркивает)*.

Кыргыз адабиятынын тарыхы башка түрк тилдүү калктардын көркөм сөз өнөрү сыяктуу эле VI кылымдан башталат. Анткени VI–VII кылымдарда Енисейдеги жана Орхондогу ташка чегилип жазылган эстеликтер өзүнүн мазмуну жана көркөм формалары боюнча нукура поэтикалык чыгармалардын үлгүлөрүнө жатат. Ошону менен катар бул эстеликтер – жалпы түрк тилдүү калктарга орток адабий мурас *(литературное наследие)*.




Енисейдин жана Орхондогу ташка чегилип *(высеченные)* жазылган эстеликтер мазмуну жана көркөмдүк формасы, жазылыш-баяндоо ыкмалары жана стили боюнча бири-биринен айырмаланат. Эгерде Енисейдин таш эстеликтери чакан кыска келип, керээз, жоктоо, арман жана кошок мотивдерине бай болсо, Орхон *(Монголиядагы)* үлгүсү тарыхый окуяларды, каармандардын иш-аракеттерин кенен чагылтып, көлөмдүү баатырдык поэманын даражасына ээ.

Аталган поэтикалык жазуулардын ичинен өзүнүн сапаты, камтыган мазмуну, көркөмдүк деңгээли боюнча Күлтегин, Тонукук, Могиландын *(Билге кагандын)* эстелигинде чегилген чыгармалар өзүнчө айырмаланат. Анткени баатырдык **дастандын даражасына** чейин иштелген, бул чыгармаларда каармандардын жеке мүнөздөрү, тилек, ой-санаалары гана эмес, ошол кездеги калктын салты, ички-тышкы *(внутренне-внешние)* байланыштары, турмушунун маанилүү окуялары мифологиялык, баатырдык-романтикалык, реалисттик баяндоолордун айкалышында чагылдырылган.

### Байыркы кыргыз алфавити (Энесай)

| № | Буквы | Произношение | № | Буквы | Произношение | № | Буквы | Произношение |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | [illegible] | Э | 15 | [illegible] | Н (1) | 29 | [illegible] | Ч |
| 2 | [illegible] | И | 16 | [illegible] | Н (2) | 30 | [illegible] | М |
| 3 | [illegible] | О | 17 | [illegible] | Р (1) | 31 | [illegible] | II |
| 4 | [illegible] | Ө – Ү | 18 | [illegible] | Р (2) | 32 | [illegible] | Ң |
| 5 | [illegible] | Б | 19 | [illegible] | С (1) | 33 | [illegible] | I( |
| 6 | [illegible] | Б | 20 | [illegible] | С (2) | 34 | [illegible] | Ш |
| 7 | [illegible] | Д (1) | 21 | [illegible] | Т (1) | 35 | [illegible] | З |
| 8 | [illegible] | Д (2) | 22 | [illegible] | Т (2) | 36 | [illegible] | ЛИТ |
| 9 | [illegible] | Х | 23 | [illegible] | Й | 37 | [illegible] | ЗИЧ |
| 10 | [illegible] | Г | 24 | [illegible] | Ж | 38 | [illegible] | НИТ |
| 11 | [illegible] | К | 25 | [illegible] | К (ок) | 39 | [illegible] | АТ |
| 12 | [illegible] | Ы | 26 | [illegible] | К (иук) | 40 | [illegible] | ВАШ |
| 13 | [illegible] | Л | 27 | [illegible] | К-к (кый) | | | |
| 14 | [illegible] | Л | 28 | [illegible] | ИЧ | | | |



**Мүрзөнүн** үстүнө коюлган таштарга, айрым буюмдарга жазылган кыргыз жазуулары Енисейдин жогору жагынан, Түштүк Батыш Монголиядан жана Түштүк Сибирден табылган. Эстеликтерде баяндалган *(описанные)* окуялардан улам жазуулардын көбү VII кылымдардын аягына таандык экенин билсе болот. Бул Орхон-Энесай жазуулары илимде XVII кылымдын аягынан бери белгилүү болсо да, анын мааниси XIX кылымдын аягында гана чечмеленген. Академик В. В. Радлов алардын баарын которуп, 1897-жылы бастырып чыгарган.

Өзүнүн мазмунуна караганда, Энесай эстеликтеринин эң эскиси – Торопа Ичкеринин урматына *(в честь)* коюлган бегге жазуусу. Бул – кыргыз элинин эң байыркы адабий текстин, Бегре жазуусун, В. В. Радлов 648-жылга таандык деп эсептейт. Энесай жазууларын кыргыз адабиятынын башталгыч булагы катары караса болот, анткени анда көркөм адабиятка таандык каражаттар *(уйкаштык, метафора, гипербола ж.б.)* орун алган. Орхон-Энесай жазмасы ислам дининин таралышы (X–XI к.) менен акырындап, колдонулбай, унутулуп калган. Түрк тайпалары араб алфавитин колдонуп, иш кагаздарын, тарыхый документтерин, адабий чыгармаларын ж. б. жазып калтырышкан.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**нукура поэтикалык** – настоящим поэтическим; Стиль написания относится к жанру поэзии
**керээз, жоктоо, арман жана кошок** – завещание, песни: плач, жалоба, прощания одного жанра
**дастандын даражасына чейин** – до уровня дастана *(сказания)*; В этих надписях отражены соответствующие требования к сказаниям
**каармандардын иш-аракеттерин** – все действия героев; Отражались все аспекты жизни
**ислам дининин таралышы** – с распространением ислама; Влияли каноны религии



■ **кылым** – век, эра,
**доор** – эпоха, время
**ташка чегилген** – каменные надписи
**нукура** – настоящий
**табигый** – естественный
**орток адабий мурас** – литературное наследие, которое принадлежит всем
**көркөмдүк** – красочность, литературность
**ыкмалары** – способы
**кенен чагылтылат** – широко отражает
**даражасына ээ** – имеет степень
**ырааттуулук** – по порядку
**мүрзө** – могила
**буюм** – вещь
**чечмеленген** – расшифрован
**тайпа** – род, племя, группа
**булагы** – родник, источник
**каражаттар** – средство
**таралышы** – распространить

? **Суроолорго жооп бергиле:**

1. Бул эстеликтер кайсы кылымдарга таандык?
2. Енисейдеги жана Орхондогу жазуулар эмнеси менен айырмаланат?
3. Чыгармаларда каармандардын эмнелери чагылдырылган?
4. Кыргыз жазуулары кайдан табылган?
5. Мааниси качан жана ким тарабынан чечмеленген?
6. Эмне үчүн кыргыз жазуусу сакталып калган эмес?

**Тапшырмалар.**

Омоним сөздөрдү таап, алар менен сүйлөм түз.

Тексттин мазмуну боюнча таблицаны толтургула

| Билчүмүн | Билдим | Билгим келет |
|---|---|---|
| ◆ | ✓ | ? |
| ◆ | ✓ | ? |
| ◆ | ✓ | ? |
| ◆ | ✓ | ? |
| ◆ | ✓ | ? |

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
Суроолорго жооп бергиле.

Жазма эстеликтерди изилдеген окумуштуулар жөнүндө реферат жазып келгиле.

# Күлтегиндин эстелигинде ташка чегилген жазуу

**Үзүндүнү кунт коюп уккула.**



1. Тегим теңири *(Всевышний)*. Теңирим жараткан *(жасаган)* түрктүн билге какы бу насаатка *(бийликке, акыл айтууга)* олтурдум. Кебимди түгөнгүчө *(до конца)* эшиткиле. Улуу-кичүү, урук-тууган-дарым, ини-уулдарым, менин бийлигимдеги журтум, оң жагымдагы шад-апыт бектерим, сол жагымдагы таркаттарым *(наам, чен)* менин буйругумду кабыл кылчулар, отуз...

2. Тогуз огуз журтунун бектери, калкы бул кебимди уккула, тыңдагыла *(внимательно слушайте)*, эсиңерге катуу туткула *(запомните)*. Илгери күн чыгышка, түштүккө, күн батышка, солго түндүккө ушул ортонун ичиндеги журт менен бийлигимдин алдында. Мынча көп калк...

3. Жалпыга бейкутчулук *(спокойная жизнь)* түздүм. Ал эми ак пейил түрк каны Өтүкендин жыш токоюнда жердеп турганда элде муң *(печаль)* болбос. Илгери Шен-Түң жайыгына *(мейкинине)* дейре жортуулдадым *(завоевывал)*, деңизге аз эле калдым, түштүккө Тогуз-Эрсанга чейин жортуулдадым. Түпүткө (Тибетке) аз жетпедим *(не дошел)*.

4. Батышка Сыр-Дара кечип, Темир капычка *(капкага)* чейин жортуулдадым. Түндүктөгү Ир-Байырху жерине чейин жортуулдадым. Өтүкөн жышында *(токоюнда)* акылман башкаруучу *(элге, ээ)* жок эле, ошондой болсо да Өтүкөн жери ар журттун башын кошууга ылайык эле. Бул жерде олтуруп табгач *(кытай)* журту менен ынтымакташтым *(подружился)*.

5. Алтын, күмүш, даам кытай аянбастан *(не жалея)* мынча көп берди, табгач журтунун сөзү таттуу, тартуусу жумшак болду, таттуу сөзү, жумшак тартуусу менен алыс элди өзүнө жакындатты, үйүр кылды, азгырды *(соблазнил)*. Үйүр болгон бузукулукту *(подстрекательство)* үйрөтө баштады.

6. Жакшы *(ак пейил)* акылман кишилерди, ак пейил алптарды ак жолдон тайыта албады. Бириңер жаңылсаңар калайык-журт көбүңөрдү табгачтын ал жумшак сөзү, кымбат тартуусу эритпеди. Кээ бирөөңөр алардын таттуу кебине, берген тартуусуна алданып, түрк журтумдун көбү өлдүң. Түрк журтунун кай бири Чугай токоюна конолу дединер.



7. Алыста жүрсөң тартуунун *(дүйнөнүн)* жаманы тийет, жакын коңшу турсаңар жакшы дүнүйө берилет деп, муюштурду *(преклонил)*. Акылы жок билбес киши ал сөзгө алынып жакын туруп киши көп өлдү.

8. Ал жерге берсең түрк журту өлөрсүң. Өтүкен жеринде олтуруп кербен жоготсоң чыгымы жок олжолуу болосуң. Өтүкен токоюн түбөлүк жердесең журтуңа ынтымак болот, түрк элим ток болосуң. Сен ачып-арзыбасаң токчулуктун кадырын билбейсиң. Ошондой момун, чолок ойлуулугуңан.

9. Өз каныңдын, акылманыңдын сөзүн укпай кайдыгер тарап кетип ачып-арыдыңар. *(Көпчүлүгүңөр кыргын таптыңар)*. Тирүүлөрүңөр аздыңар, тоздуңар, өлүү-тирүүнүн ортосунда болдуңар. Теңири жалгап, бактым колума конуп, кандык тактыга олтурдум.

10. Кандыкка келип, арып-апчып жок болуп бараткан калкты жыйнап, мүлксүз элди мүлктүү кылдым. Аз журтту көп кылдым. Айткан бу сөзүмдүн калети барбы? О түрк бектери! Эли, муну эшитиң! Мен бу ташка кантип түрк журтун кураганымды, эл жыйнаганымды, кантип силердин ыркыңар бузулгандыгын тамгаладым.

11. Мен барлыгын, бул жерге тамгаладым. Айтайын деген сөзүмдү ташка түбөлүк чектим. Аны көрүп, билгиле, түрк журту, бектери: менин башкаруума баш ийген бектер кээде жаңылышасыңар! Мен түбөлүк ташка табгач канынан тамга басуучу алып келдим, жаздырдым. Менин сөзүмдү бурбады *(ката кетирген жок)*.

12. Табгач канынан келген тамга басуучу *(летописец)* эле. Ага өзгөчө күмбөз курдуруу, ичин-тышын ар түрдүү оюу-чийүү чектирип коздоттум. Таш токуттум *(көтөрттүм)*, көңүлдөгү сөзүмдү... *(он ок)* уулдарына, татыңа *(татабы-эл)* чейин муну көрүп билгиле.

13. Түбөлүк таш *(памятник)* көтөрттүм... бул жер тогуз жолдун тоому болгондуктан, мен бул эстеликти көтөрттүм, жазуу чектирдим. Аны көрүп билгиле, эскергиле! Ал ташты мен ... бу жазууну баскан анын жээни Йолыч-тегин...

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**өтүкендин жыш токоюнда** – не проходимый лес .......
**тогуз жолдун тоомунда** – на пересечении девяти дорог, самое проходимое место

■ **теңир** – всевышний
**эшиткиле** – внимательно слушайте
**туткула** – запомните
**жортуул** – военный поход
**аянбастан** – не жалея
**тайыта албады** – не смогли сбить
**олжолуу** – с добычей
**мүлк** – недвижимость *(здесь)* дом, скот
**жаңылышасыңар** – ошибаетесь
**ыркыл** – взаимоотношение
**оюу-чийүү** – орнамент
**эскергиле** – вспоминайте
**кыргын** – резня, бойня *(разгромлены)*
**муюштурду** – *(здесь)* обманули
**көтөрттүм** – воздвигнул

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Бул эстелик таштагы жазуудан улам кыргыз элинин байыркы тарыхынан кандай маалымат алса болот?

2. Таштагы жазуунун мазмунун тарых сабагынан алган маалыматтарың менен салыштыр.
3. Дагы кандай таш эстеликтерин билериңди айтып бер.
4. Култегиндин эстелигиндеги жазууларды кыргыздын, байыркы адабиятынын үлгүлөрү катары эсептөөгө болобу?
5. Бул таштагы жазууда кандай акылман насааттар, кербээз ойлор чөгүп жатат?
6. Бул насааттар кыргыздын кайсы жазуучусунун тарыхый романында чагылдырылган?

**Тапшырмалар.**

Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

... жараткан силерге акыл айтууга олтурдум.
Кебимди түгөнгүчө ..., огуз журтунун бектери эсиңерге ... .
Алтын, күмүш, даам кытай ... көп берди.
Өз каныңардын сөзүн укпай, көбүңөр ... таптыңар.
Бул жер тогуз жолдун тоому болгондуктан, эстелик ташты ...

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
Суроолорго жооп бергиле.
Күлтегиндин жортуулунун схемасын чийгиле.

**Билип алгыла.**

Акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.

Ата конушу ардак, ата салты – сыймык.

Ата сөзү – алтын, көңүл коюп уксаң.
Ата сөзүн укпасаң, ажырайсың журтуңан.

**Чыгыш элдеринин эпикалык мурастарынан:**

- Чыгыш элдеринин классиктеринен кимдерди билесиңер?
- Алардын кандай чыгармаларын окугансыңар?

## Кабус-наама

«Кабус-наама» – кадимки турмуштан алынып жазылган чыгарма. Кайкабус бул «Насыйкат» китебин перзенти Гилан шахка арнап жазган. Автор өзү күбө болгон жана уккан-көргөн окуяларынын баарын бул чыгармасында пайдаланган.

Чыгышта илим, маданият, адабият белгилүү бир нугуна түшүп, ал доордун Рудаки, Фирдоуси, Абул Хасан Бинни Ахму Унсури, Абул Хасан Фаррухи, Омар Хаям, Насыр Хисроу сыяктуу чыгаан инсандардын чыгармачылыгы өркүндөп турган убактарда жаралган чыгарма. XI кылымдын



көөнөрбөс көркөм дөөлөттөрүнүн бири болгон бул чыгарма чыгыш таануучулардын *(востоковедов)*, дүйнөлүк окумуштуулар менен алдыңкы устат-педагогдордун көңүлүн өзүнө буруп, түрк, уйгур, өзбек, татар, орус, англис, француз тилдерине которулду.

Чыгарманын автору Кайкабус Каспий деңизинин түштүк жээгинде жашаган Гилан элинен. Ал 412-жылы (1021–1022) майда феодалдын үй-бүлөсүндө туулуп, «Кабус-нааманы» 475-жылы (1082–1083) баштадым, – деп маалымдайт. Кайкабус ал мезгилде улгайып, 63кө чыгып калган болчу.

Кайкабус – өз заманынын алдыңкы билимдүү адамы. Ал айрыкча музыка менен табият таануу *(естествоведение)* илимдерине кызыккан. Көп илимдерден өнөр – кесиптен, бардык адамдар үчүн зарыл деп эсептелген жөндөм-шыктан, турмуштун көйгөйү *(проблемы)* менен куу тириликтен, үй-бүлө, жүрүм-турум, үй айбандары баары жоктун баарынан анын кабардар экени ушул «Кабус-наама» аттуу чыгармасынан ачык көрүнүп турат. Ал «Кабус-нааманы» жазганга чейин көп окуп, көп изденген. Өз доорундагы маданий борборлордун баарына барып, Самаркан, Бухара, Хорезм шаарларында көбүрөөк токтогон. Илимпоздордун илимий-педагогикалык эмгектерин жадабай окуган.

Кабустун насыйкаттары *(назидания)* – өсүп келе жаткан муундарга зор таалим-тарбия бере турган залкар, нускалуу эмгек. «Кабус-наама» 44 главадан турат. Алардын биринчи төртөө диний мүнөздөгү көз караштa жазылып, калган 40 главасы турмуштун ар кандай маселелерин камтыйт *(охватывает)*.

Кайкабус – динге өтө берилген адам. Андай адамдар дин маселелерине кайдыгер *(безразлично)* карай албайт. Ал кулдарга (23-глава) да кулдай мамиле жасоону жактайт. Китептин 5-главасы «Эне-атаны урматтоо жөнүндө» деп аталып, анда автор ата-эненин көңүлүн иренжитпей *(не разочаровав)*, аларга урмат-сый көрсөтүп, эч бир жакшы мамиле жасоого үндөйт. Кайкабус ата-эне тарбиясына да зор маани берет. Ал бир жагынан балдарды ата-энесине терең урмат-сый көрсөтүүгө, экинчи жагынан ата-энелердин балдарына туура мамиле жасоого, жакшы тарбия берүүгө чакырат.

Кайкабус адамдын акыл таразасына өзгөчө маани берет, аны ар кандай дөөлөттөрдөн *(богатство)* жогору коёт. Ошон үчүн перзенттин акыл-парасаттуу болушу бардык нерселердин башаты деп эсептейт. «Колунда дүйнөң жок, жакыр болсоң да, акылга бай бол, себеби дүнүйөгө марып-жыргаганга караганда, акыл байлыгы менен жашаган артыгыраак. Акыл менен дүнүйө топтосо болот, бирок дүнүйө менен акыл жыйноого болбойт. Акыл – эч нерсе менен өлчөнбөгөн кымбат буюм, аны ууру уурдай албайт, отко салса күйбөйт, сууга салса чөкпөйт».

Кайкабус – менменсинүү *(высокомерие)* менен текеберчиликке жеринен каршы адам. Бабасы Кабус илим менен адабияттын кишиси болсо да, ченде жок текеберлүү, кербез киши болчу. Анын ушундай жорук-жосундарын күнөөлөп, Кайкабус көп жазган. «Кимде ким текеберленип менменсинсе, албетте ал ар дайым бушайман болуп жүрүп өтөт».

Кайкабус өнөрдү жогору катмардагы адамдардын өз урпактарына калтырган мурасы, ал эми карапайым майда кесипти болсо, караламан жөнөкөй калктын мурасы катары карайт.

Кайкабус өз чөйрөсүнүн салт-санааларын бөтөнчө бир урматтайт.

Ал күндөлүк тамактанууда, конок күтүүдө адам өзүн кандай алып жүрүүлөрү жөнүндө жазган.

Ал ошондой эле уулуна кесип тандоо жөнүндө кеңеш берет.

Кайкабустун оюу боюнча эгер перзентин жалданма музыкант же эшик ырчысы болсо, мунун айыбы жок деген ойду айтат.

## Кабус-наама

*(Кабустун насыйкатынан үзүндүлөр)*

«Уулум мен күүдөн-күчтөн тайыдым, карыдым. Сапарым карып калды. Эс тарткандан баштап көз жумганга чейинки көргөн-билгендер тууралында жазсам, өзүнчө бир китеп болор. Бул китепти элдешпес кас душмандар да жок кыла албайт деп ойлойм. Ошондуктан, уулум, карылыкка моюн сунуп, бир бутум төрдө, бир бутум көрдө турганда айткан акылымды



ук.» Жыртык бүтөлөт, ийри түзөлөт, аракет кылсаң, берекет болот, кедерги кетет, кемтик толот.» Жамандын артынан чуулгандуу иш калат, жакшынын артынан даңазалуу сөз калат» дегендей, ушулар тууралуу эки ооз сөз айтам. Аталык мээрим менен сага калтырган керээзим ушул болсун, деген нуска кеп айтты.

«Уулум, сага эч ким кысымчылык *(давление)* көрсөтө электе насаатыма *(назидание, совет)* көңүл бөлүп, оң кулагың менен да, сол кулагың менен да угуп ал. Бул акыл-насаатты аткарсаң, эки дүйнөдө да кор болбойсуң *(не пострадаешь)*. Эгерде сен бул насаатымды угуп, андан ары таалим-тарбия алсаң, өзгөлөр да буга көңүл бурушар. Менин акыл-насаатым менен иш кылууну зор олжо *(огромная удача)* деп эсептешер. Бардык эле бала атанын акыл-насаатын дайым кабыл ала бербейт. Себеби жигиттер атанын айтканын жеткиликтүү түшүнбөй, өздөрүн билимдүүдөй карашып, карыларга акырая карашат. Бирок, мен аны билсем да, ата мээримим менен милдетим тынчтык бербей, ушул акыл-насаатты жазууга мажбур кылып отурат. Ал насаатты кырк төрт бөлүмгө бөлүп кынаптадым *(сложил)*.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**элдешпес кас душмандар** – непримиримые враги. Враги которые не могут прийти к компромиссу

**чуулгандуу иш калат** – после плохого человека остается только плохое

■ **маалымдайт** – информирует, сообщает

**жөндөм-шык** – способность, талант

**көйгөй** – проблема

**насыйкат** – назидания

**перзент** – младенец, ребенок

**парасат (туу)** – догадливость, догадливая

**текеберлүү** – заносчивый

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Бул чыгарманын жаралышына эмне себеп болгон?
2. Кабустун насыйкаттары жаштарды эмнеге үндөйт?
3. Ал чыгармаларында эмнени ашкерелеген жана эмнени даңазалайт?
4. Адамдагы кандай асыл сапаттарды баалайт?
5. Бул чыгарма кимге арналган деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?
6. Кайкабустун доорундагы чыгаан инсандар кимдер экен?

**Тапшырмалар.**

Жусуп Баласагын менен Кайкабусту салыштырып, Венндин диаграммасын толтургула.

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолорго жооп бергиле.

Таблицаны толтургула.

| Жаштар | Кайкабустун доорундагы | Азыркы доордогу |
|---|---|---|
| Ата-энеге болгон мамилеси | | |
| Мүнөзү | | |
| Жүрүм-туруму | | |
| Тарбиясы | | |
| Дүйнө таанымы | | |

## Ата-энени урматтоо тууралуу

**Үзүндүнү кунт коюп уккула.**

Уулум, баамчыл *(догадливый)* болуп, ата-энени ызааттап, ага урмат-сый көрсөтүшүң лаазым *(обязан)*, себеби перзенттин тиреги – ата-эне. Эмне үчүн мен ата-энеме урмат көрсөтүшүм керек деп көңүлүң күдүктөнбөсүн *(не сомневайся)*. Алар сен үчүн өлүмгө да даяр экендигин бил.

Эгер ар бир перзент баамчыл жана акылдуу болсо, ата-эненин айтканын дайым аткарып, алардын мээрим-шыбагасына карк боло берет. Ата-эненин милдети – сени бөлөлөп өстүрүү жана сага жакшылык кылуу. Ата-энеңдин көңүлүн иренжитип, кирдетпе, алардын жүрөгүн кайгы менен азапка салба.

Уулум, сен ата-энеңдин жолу менен ызааттап-сыйлоону, урматтоону каалабасаң да, аларга адамгерчилик менен аздыр-көптүр жайдары мүнөз көрсөтүп ызааттагын. Ата-эне сени жан-дили менен алпештеп, бапестеп багып чоңойтот. Эгерде сен алардын көңүлүн оорутуп, кайгыга кирептер кылсаң, анда сен эч убакта сыйга татыктуу *(не достоен)* эмессиң. Ата-эненин жакшылыгын билбеген адам адатта бирөөнүн жакшылыгын да баалай албайт. Сен өз перзентиңден урмат-сый көрүүнү кааласаң, анда ата-энеңди урматта. Сен ата-энеңе кандай ызаат *(почитание)* көрсөтсөң, перзентиң да сага дал ошондой урмат *(уважение)* көрсөтөт. Перзент – мөмөгө, ата-эне – даракка окшош: даракты жакшы баксаң, мөмөсү даамдуу болот. Ошол сыяктуу эле ата-энеңе көбүрөөк урмат-сый көрсөтсөң, алар да сага деген ак батасын аяшпайт. Мураска ээ болуу үчүн, эч качан ач көздүк кылып, ата-эненин өлүмүн тилебе.

Караманча томаяк болсоң да, акыл жагынан бай болууга аракеттен. Мал топтоп дөөлөттүү болгончо, акыл топтоп абройуңду көтөр. Арийне,



акыл менен мал жыйноого болот, а мал менен акыл жыйноого болбойт. Түркөй *(не способный)* тез эле жакырданат. Эсиңде болсун, акыл ушунчалык баалуу нерсе, аны ууру уурдап кете албайт, отко күйбөйт, сууга чөкпөйт. Эгерде акылың жетик болсо, өнөр үйрөн. Анткени өнөрсүз акыл – кейпи кеткен жылаңач денеге окшош.» Акыл куту – билим: деген байыркылардын сөзүн эсиңден чыгарба.

## Дос тандоо жөнүндө

Ар дайым эсиңде болсун, уулум, тирүү адам доссуз *(без друга)* болбойт. Кимдин досу көп болсо, анын айыбы ачылбайт, кадыр-баркы жогорулайт.

Досуңдун достору да сенин досторуң экени эсиңде болсун. Эгер досуң сенин душманыңды жакшы көрсө, андай достон сактан. Адамгерчиликсиз, кадыр-барксыз адамды дос дебе. Андай адамдар касиетсиз.

Акылсыз адамдар менен эч убакта достошпо. Акылсыз дос акылдуу-душмандан жаман. Асылзаада, адамгерчиликтүү, илимдүү, ишенимдүү адамдар менен достош. Өзүңдүн адамгерчилигиң, кадыр-баркың, илимиң менен белгилүү бол. Адамгерчиликсиз, кадыр-барксыз, түркөй адамдар менен бирге отурба. Эч качан досторуңдун акысын жебе. Эртедир-кечтир бул үчүн уят болосуң. Башыңа мүшкүл *(беда)* түшүп турган учурда чыныгы дос сенден жүзүн буруп кетпейт. Досуңдун көзү өткөндөн кийин бала-бакырасын, тууган-туушкандарын, жек-жаааттарын чакырып, аларга жакшылык кылуу жана ар дайым анын мүрзөсүнө барып, зыярат кылып *(поклонится)*, эскерүү керек.

…Уулум, адамдар менен достугуң өтө эле ысык да, салкын да болбосун. Досум көп деп алардын бардыгына көңүл бөлө бербе. Алды-артыңды байка.

Досторуңдун ишениминен чыгып калбагын. Жарды болсоң дөөлөттүү *(с богатым)* менен достошпо. Өзүңө гана ылайык дос изде. Өзүң дөөлөттүү туруп жардыны дос кылсаң, анын айыбы жок. Эч кандай себепсиз эле досуңдун көңүлү сенден калса, кайрадан анын көңүлүн табуу үчүн аракеттенбе. Ниети бузук, киночил достон ыраак жүр. Көрө албас *(завистливый)*, арамза *(хитрый)* адамдар менен зили достошпо. Себеби ниети бузук *(с злым)* наадандын көрө албастыгы эч качан оңолбойт. Ар дайым сага наразычылыгын билдирип, кылдан кыйкым табат да турат.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**алардын мээрим – шыбагасына карк болот** – насладится их лаской и заботой
**мураска ээ болуу** – становиться наследником; Нужно по человечески
**акыл куту – билим** – богатство ума – знание; Качественное знание подтверждение ума
**акылсыз дос акылдуу душмандан жаман** – глупый друг хуже умного врага. Глупый друг может больше навредит чем враг

■ **кысымчылык** – давление
**мажбур** – вынужденный, принужденный
**манчыркоо** – зазнаваться
**лаазым** – нужно
**иренжит** – огорчить
**ызаат** – почет *(здесь)*
**камылга** – подготовка
**асылзаада** – благородный
**жек-жаат** – родственник
**зыярат** – поклонение *(святым местам)*

**Тапшырмалар.**

Макалдарды кыргызчага которгула.

**** Если будешь уважать своих родителей, то увидишь добро от своих детей.***

**** Умом до многого достигнет, а умение до небес подымет.***

**** Друг хвалит за глаза, враг хвалит в глаза.***

**** Друг познается в беде, а герой в поле.***

Бул чыгармадагы жана макалдагы кандай окшоштуктар, жалпылыктар бар? Талдагыла.

**** Карысы бардын ырысы бар.***

**** Атаң карыса кул кылба,***
***Энең карыса күң кылба.***

**** Аталар сөзү – акылдын көзү.***

**** Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат.***

**** Достун да досу болот.***

**** Достук тар кыяда сыналат.***

**Эки бөлүктүү күндөлүк**

| цитата | комментарий |
|---|---|
| чыгармадан үзүндү макал | |

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Мындан он кылым мурда жазылган китеп сенин оюнча эмнеси менен баалуу?
2. Келечекте эр жетип турмуш курганда өз балдарыңа, урпактарыңа эмнени үйрөнүүнү үндөөр элең?
3. Автордун кайсы ойлоруна кошула аласыңар, кайсынысына кошула албайсыңар? Эмне үчүн?
4. Эпистолярдык чыгарма деген эмне?
5. Ини-карындаштарыңарга, сиңдилериңерге, жолдош-досторуңарга арнап, чакан насаат аңгемеңди *(кайрылууңду)* жазып кел.
6. Эне-атаңар дагы кандай акыл-насаат сөздөрүн силерге айтат? Айтып бергиле.

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Үзүндү жаттап келгиле.

# АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫ

## Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1866–1917)



Кыргыз адабиятынын өнүгүшүндө, айрыкча, кол жазма *(рукопись)* адабиятты баштагандардын жана негиз салгандардын бири Шамыркан уулу Молдо Кылыч болгон. Ал 1866-жылы Кочкордун Бугучу деп аталган жеринде туулган. Сарбагыш уруусунун белгилүү манабы *(знатный, богач)* Төрөгелдинин небереси. Айылдагы молдолордун жардамы менен араб тилинде окууга, жазууга үйрөнүп, өз билимин өз алдынча *(самостоятельно)*, өз аракети менен өркүндөтүп, көркөм адабиятка шыгы эрте ойгонуп, ал Чыгыш поэзиясынын атактуу өкүлдөрү Навои, Хафиз, Безил ж.б. чыгармалары менен да тааныш болгон. Акындын чыгармачылыгы XIX кылымдын аягына, кыргыз жергесине орус элинин өкүлдөрү отурукташып, социалдык-экономикалык абалы курчуп турган кезге туш болгон. Эгерде анын алгачкы чыгармалары жаратылышыбыздын, жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн кооздугу жөнүндө болсо, кийинчерээк орус темасына кайрылгандыгы («Чүй баяны») байкалат. Ал эч кандай саясий көз карашын чагылдырбаса да, советтик идеология анын чыгармаларын куугунтукка алып, мамлекетибиз азаттыгын алганга чейин мектептерде, жогорку окуу жайларында окутулган эмес.

Молдо Кылычтын өз кол жазмасы сакталып калган эмес. Мунун эки себеби бар. Биринчиден, ал кезде маданий мурас, улуттук байлык катары кол жазмаларды атайы сактоо, изилдөө иштери али өнүгө элек болчу. Экинчиден, Совет бийлиги кезинде Молдо Кылычтын чыгармачылыгы катуу саясий кысымга алынып, эл арасында сакталып калгандары өрттөлүп, жок болуп кеткен. Молдо Кылычтын чыгармачылыгын жарыялоого, элге жеткирүүгө биринчилерден демилге көтөрүп изилдеген чоң окумуштуу Ишеналы Арабаев болгон. Ал 1911-жылы Казань шаарында Молдо Кылычтын «Кысаи Зилзала» деген казалын жарыкка чыгарып, китепте жазылган «Алгы сөздө» акындын чыгармачылык жолу 20 – 25 жашында башталган-

дыгы жөнүндө айтылат. «Кысаи Зилзала» китеби *(ыр казалы)* – кыргыз тилинде китеп болуп чыккан биринчи көркөм чыгарма. Ошондуктан кыргыз жазма адабиятынын башталышы, аны биринчи баштаган Молдо Кылыч дешке толук негиз *(полное основание)* бар.

Молдо Кылычтын белгилүү чыгармалары: «Чүй баяны», «Канаттуулар», «Бүркүттүн тою», «Буудайык», «Зар заман», «Керме тоо», «Жинди суу», «Кысаи Зилзала» ж. б. Молдо Кылычтын Белек Солтоноев түзгөн «Тамсилдер» деген жыйнакта «Канаттуулар» деген казалы 1926-жылы Москвадан жарык көрдү. Кийин, 1946-жылы Тазабек Саманчин акындын иргелген казалдарын жарыялады. 1991-жылы толугураак деп эсептелген жыйнагы даярдалып, «Казалдар» деген ат менен жарык көрдү.

1956-жылы болгон Молдо Кылычтын чыгармачылыгына арналган талкууда *(в обсуждении)* М. Ауэзов «Бүркүттүн тоюн» жарым пародиялык поэма *(полупародийная поэма)* деп аныктайт. Демек, окумуштуунун байкашына караганда поэма толук пародия, каймана-какшык түрүнө жеткен эмес.

Бул казал баарынан мурда афористтик так, таамай мүнөздөмөлөр менен тыгыз иштелип, ар бир куштун жекече «сапаты», «мүнөзү», «кылык-жоругу» даана сүрөттөлгөн портреттик панорама.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**каймана-какшык** – аллегория, высмеивание
**сапаты** – букв. качество; У каждого свои достатки, недостатки
**мүнөзү** – характер; Своё поведение
**кылык-жоругу** – поведение; Имеет свои повадки, капризы

■ **манап** – богач, местный правитель
**аракет** – старание
**шыгы** – способность
**кол жазма** – автограф, оригинал
**демилге** – инициатива
**алгы сөз** – предисловие
**башталышы** – начало, основа
**зилзала** – землятресение
**иргелген** – избранные

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Молдо Кылычтын чыгармачылык шыгынын ойгонушуна кимдер таасир эткен?
2. Акындын чыгармачылыгын кимдер изилдеген?
3. Молдо Кылычтын биринчи китеби качан, кайда басылып чыккан жана ал эмне жөнүндө?
4. Эмне себептен Молдо Кылычтын кол жазмалары сакталып калган эмес?
5. Акындын чыгармаларын атап, алар эмне жөнүндө экенин айтып бергиле.

**Тапшырмалар.**

1. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Молдо Кылыч ... тукумунан болсо да, эл ... катышкан эмес.
Совет доорунда анын ... катуу .... кысымга алынган.
1911-жылы ... шаарында «... ...» аттуу чыгармасы жарык көрөт.
Анын белгилүү чыгармалары: ..., ..., ..., ..., ..., ..., ... .
Бул чыгармада ар бир куштун жекече «..., ..., ...» даана сүрөттөлгөн.

2. *Бай, жөндөм, баш сөз, жер титирөө, тандалган* деген сөздөрдүн синонимин таап, сүйлөм түзгүлө.



**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттап, суроолорго жооп бергиле.

Анын чыгармачылыгы жана өмүр баяны тууралуу рефераттарды жазгыла.

## «Бүркүттүн тою» поэмасы (казалы)

«Бүркүттүн тою» поэмасы кыргыз адабиятында, кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн өркүндөшүндө жаңы багыт *(новое направление)* ачкан чыгарма катарында тарыхый зор мааниге ээ. Бул чыгармада автор кандайдыр бир коомдук турмуштагы маселени чечүүгө аракеттенген эмес. Көркөм сөздүн күчү менен аалам чөйрөсүндөгү *(во вселенной)* эң бир кызыктуу жаратылыш дүйнөсүн, куштар дүйнөсүн, көркөм таанып билүү максатын көздөгөн.

Бул поэма жөнүндө Тазабек Саманчин мындайча жазган экен: «Бүркүттүн тою» – бай-манаптардын берген той-аштарынын калың букара элге *(простому народу)* келтирген жабырчылыгына тамсил түрүндө көрсөткөн аллегориялык-сатиралык поэма. Бул поэмада ошол учурдагы элди эзип келген бай-манап, бий-болуш, кожо-молдолордун ырайымсыз сапаттары жана уруучулук-феодалдык башкаруу жолдору кылдаттык менен көрсөтүлгөн. Бирок мында бай-манаптардын той өткөрүү каадасын келекелеп *(высмеивая)*, сынга алуу *(критиковать)* акындын максатына жатпайт. Молдо Кылыч өзү жакшы билген адам турмушундагы каада-салттарды, жөрөлгөлөрдү куштар дүйнөсүнүн, канаттуулардын жекече айырмачылыктарын сүрөттөөнү көздөгөн. Бул чыгармада каймана маани жана тамсилдик сюжет бар, бирок бул тамсил эмес. Бул казал афористтик так, таамай мүнөздөмөлөр менен берилип, ар бир куштун жекече «сапаты», «мүнөзү», «кылык-жоругу» даана сүрөттөлөт. Маселен, бир куштун сырткы келбетин сүрөттөөгө бир гана аныктама *(определение)* жетишерлик.

Чечен болду булбулу,
Торгой болду молдосу,
Кекилик ашкан жоргосу,
Үпүп болду жолдошу.
Эшен болду кукугу,
Сопу болду үкүсү,
Күйкө болду бийчиси,
Жөргөмүш болду жарчысы.

Молдо Кылыч адамдын жүрүш-турушу, турмуш-тиричилигине байланыштуу мүнөздөмөлөр аркылуу «канатуулар дүйнөсүн» ачууга гана аракеттенген. Буга «казан асуу», «балбан күрөш», «ат чабыш» сыяктуу эпизоддор мисал:



Комуз берди колуна,
Чегирткеге черттирип,
Сагызганды сайратты,
Жөө жомогун айттырып.
Күкүккө чоор тарттырып,
Кычы кара карганы,
Үйгө түшпөй кайт деди.
Таз караны, жоруну
Күрөш салып бер деди.



Акын поэманын сюжетин өнүктүрүш үчүн атайы окуя кубалабайт, жөн гана ар бир көрүнүштүн так мүнөздөмөсүн берет. Маселен, «Ат чабыш» окуясын алып көрөлү. «Күлүктөргө» он байге сайылат.

Баш байгеси куу болду,
Бирден соңго сайыптыр,
Койдой болгон тоодакты.
Баш байгеси аз болду.
Үчүнчүсү каз болду,
Төртүнчүсү уларды,
Бешинчиге сайыптыр
Кекилик-чил чубарды.
Онунчу сайган байгеси,
Майда чычкан болуптур.
Кайра тарткан жеринен,
Карчыга кыран озуптур.
Шуулдатып канатын,
Бирден кийин ылаачын,
Жеген жеми күч болуп,
Чүйлү келди үч болуп...
Жеген жеми коңуздан,
Кулаалы келет тогузда...
Он болду күйкө адашып,
Онунчу чычкан байгесин,
Кулаалыдан талашып...

**тоодак** – дрофа
**улар** – горная индейка
**кекилик-чил** – каменная куропатка
**карчыга** – ястреб; **озуптур** – опередив
**ылаачын** – сокол – сапсан
**чүйлү** – ястреб-тетеревятник
**кулаалы** – коршун
**күйкө** – пустельга

Акын адам турмушун каймана түрүндө көрсөтүүнү көздөгөн эмес, жөн гана аны кызыктырган куштардын, канаттуулардын, жан-жаныбарлардын өз дүйнөсүн, кылык-жоругун, мүнөзүн, жашоо машакатын *(жизненные заботы)* сүрөттөөгө аракеттенген.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**келтирген жабырчылыгына** – к трате; Тои, которые проводили богачи приводили к тратам бедняков в виде налогов

■ **каймана** – ирония
**өркүндөшүндө** – в развитии
**аалам** – вселенная
**таанып билүү** – познавать
**букара эл** – *(здесь)* простой народ
**байгеси** – приз, награда
**даана** – *(здесь)* ясно
**эзип келген** – угнетавший
**ырайымсыз** – беспощадный
**келекелеп** – высмеивать
**таамай** – прямо *(четко)*
**үпүп** – удод
**үкү** – сова
**жөргөмүш** – паук
**чегиртке** – кузнечик
**жору** – гриф
**бабырган куш** – бала бол
**улугу** – величавый

## Бүркүттүн тою

*(Үзүндү)*

**Үзүндүнү кунт коюп уккула.**

Мурунку өткөн заманда,
Жан-жаныбар аманда.
Ар уруктун баарысы
Эрки менен болгондо.
Алсыздарын алдырып,
Эси чыгып ошондо.
Булбул чечен ой кылды,
Бүркүт баатыр той кылды.
Ал жеткенин алдырып,
Канаттуунун баарына.
Катуу бүлүк салдырып,
Жагалмайды жиберди,
Жалпы куштун баарына,
Барып кабар сал деди.
Үкү куштун жакшысы,
Бабырган куштун бакшысы –
Баары келсин деп айтты.
Бүркүт баатыр улугу,
Карчыга куштун камбылы,
Кошо келсин деп айтты.
Ылаачындай алгыры,
Ителгидей илгири,
Бу да келсин деп айтты.
Кыргый келсин кыпылдап,
Турумтай келсин шыпылдап,
Куркулдаган кузгуну,
Карышкырдын жолдошу,
Бу да келсин деп айтты.
Мен үчүн жаның кый деди,
Кара куштун баарына,
Кабар салып жый деди.

...............................................

Ушулардын баарысын,
Аңыз менен алдырды.
Чечен болду булбулу,
Торгой болду молдосу,
Кекилик ашкан жоргосу,
Үпүп болду жолдошу.

**ар уруктун** – все племена
**соловей** – оратор
**жеткенин** – до кого добрались
**бүлүк** – тревожить, беспокоить
**жагалмай** – чеглок
**камбылы** – умелый, шустрый
**алгыры** – хваткий, меткий
**ителги** – балабан; **илгири** – ловчий
**кыргый** – ястреб-перепелятник
**турумтай** – дербник (кобчик)
**жанын кый** – умри за меня
**аңыз** – весть, сообщение
**торгой** – жаворонок



Эшен болду күкүгү,
Сопу болду үкүсү,
Күйкө болду бийчиси,
Жөргөмүш болду барчысы,
Оюнчу мышыкты.
Оңдоп койду кыйшыкты.
Комуз берди колуна,
Чегирткеге черттирип,
Сагызганды сайратты.
Жөө жомогун айттырып,
Күкүккө чоор тарттырып,
Кычы кара карганы,
Үйгө түшпөй, кайт деди.
Тазкараны, жоруну
Күрөш салып бер деди.
Суур берем байгеге,
Жемиң айрып бөл деди.
Билектерин түрүшүп,
Өөдө-төмөн сүрүшүп,
Канаттары бүрүшүп,
Карпый кармап бир-бирин,
Канат жүнүн жулушуп.
Чеңгелдешип, тартышып,
Бири-бирин алалбай,
Байгесине жеталбай,
Эч-эчтеме тийген жок.
Бөрүдөн калган тарптарды
Кажырдан бийсиз алган жок.
Ушакчысы таранчы,
Биринен да жаңжал жок.
Салтанатын карачы:
Токойдон алды коёнду,
Кайран учкул оёнду.
Куу канатын жаптырып,
Байге бөлүп сайдырып,
Чогулушкан бийлери.

**эшен** – духовный наставник
**сопу** – набожный
**сагызган** – сорока
**кычы** – черный-черный
**тазкара** – черный гриф
**билектерин түрүшүп** – засучив рукава
**карпый кармап** – хватать
**чеңгелдешип** – ухватившись кохтями
**тарптарды** – падаль
**таранчы** – воробей
**жаңжал** – скандал
**салтанатын** – торжество
**учкул** – шустрый

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Молдо Кылыч бул чыгармасын жазууда эмне максатты көздөгөн?
2. Бул чыгармада эмне жөнүндө айтылат?
3. Акын канаттуулардын, куштардын жашоосун эмне үчүн адамдарга салыштырып көрсөтөт?
4. «Бүркүттүн тою» поэмасына мааниси жактан окшош орус адабиятындагы чыгармаларды атап бергиле.

**Үй тапшырма.**

1. «Ат чабыш» окуясынан үзүндүнү жаттап, көркөм окуп берүүгө, которууга аракеттенгиле.
2. Бул тема боюнча долбоор тартып келгиле.

Бул макалдардын чыгарма менен кандай байланышы бар? Маанисин чечмелеп айтып бергиле.

**** Бир жакшы бар журттун камын жээр,***
***бир «жакшы» бар айылдын малын жээр.***
**** Эл камын ойлоп башкаргандык – кеменгердик.***
**** Элге караганга эл да аркасын салбайт.***
**** Аттын баары тулпар болбойт, куштун баары шумкар болбойт.***

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Аллегория** – (*гр.* – башканы айтам) – абстрактуу түшүнүктү же ойду алмаштыра турган затты же көрүнүштү каймана сүрөттөө. Мисалга макал-лакап, тамсилдерди келтирүүгө болот. Аллегория ойду поэтикалык күчкө, өзгөчө эмоцияга ээ кылат. Образды элестүү, таасирдүү мүнөздөйт, анда каймана мүнөздөр негизги орунду ээлейт. Мисалы: Карышкырдын образы менен ач көздүктү, булбулдун образы менен акындыкты, чечендикти берет.

Ал эми Молдо Кылыч «Бүркүттүн тою» чыгармасында кыргыз элинин байыртадан келе жаткан каада-салттарын, жөрөлгөлөрүн, адамдардын кылык-жоруктарын куштардын дүйнөсү аркылуу ачып берүүнү көздөгөн. Мисалы: Бүркүттүн образы аркылуу карапайым элдин эсебинен той өткөргөн бай-манаптарды көрсөк, Чегиртке, Сагызгандарды – комузчу, ырчылар деп түшүнөбүз.

Бирок, акын ошол учурдагы бай-манаптардын, кожо-молдолордун адилетсиздигин, алардын карапайым элге көрсөткөн мамилелерин ашкерелебейт. Жөн гана кыргыз эли той-аштарды өткөрүүдө кандай каада-салт, үрп-адат, ырым-жырымдарды колдонуп, кандай улуттук оюндарды ойнотorун канаттуулардын образдары аркылуу көрсөтүүгө аракеттенген. Мисалы:

Комуз берди колуна,
Чегирткеге черттирип.
Сагызганды сайратты,
Жөө жомогун айттырып.

## Кайталоо

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Кыргыз элинин жазма эстеликтери жөнүндө эмне билебиз?
2. Орхон, Энесай, Култегин эстеликтеринин тарыхы жөнүндө биз алган маалымат?
3. Култегин ким экен, кандай наам алыптыр жана эли үчүн кандай кызмат аткарыптыр?
4. «Кабус-наама» дастанынын мааниси кандай?
5. Баласына калтырган насаатын билип алгыла.
6. Молдо Кылычтын «Бүркүттүн тою» чыгармасында эмне жөнүндө айтылат? Маанисин чечүү.
7. Бул чейректе өтүлгөн темалардан кандай таасир алдык?

**Берилген суроолорго жооп берип, алынган билимдерин бышыктоо.**



## Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов) (1860–1943)



Тоголок Молдо – кыргыз элинин эң көрүнүктүү акыны, кол жазма адабиятыбыздын белгилүү өкүлдөрүнүн бири, тунгуч тамсилчиси *(баснописец)*, жазма манасчысы, таланттуу комузчусу да болгон. Ал 1860-жылы Нарын өрөөнүндөгү Куртка деген жерде туулган. Атасы кедей адам болгон. Ошондуктан ал чоң атасы Музоокенин *(атактуу манасчы жана комузчу)* колунда чоңоюп, айылдык молдодон кат-сабатын *(грамотность)* ачат. Чоң атасы ага кыргыз элинин оозеки чыгармаларын айтып берип, комуз чертүүнү үйрөтөт. Зээндүү *(способный)* бала тез эле өз алдынча комуз чертип, эл чыгармаларын аткара баштайт. Бирок көп узабай Музооке да дүйнөдөн кайтат. Тоголок Молдо үй-бүлөнүн ээси болуп, көп кыйынчылыкты башынан өткөрөт. Оор турмуштун азабынан Чүйгө келип жашайт, малай болот, 1915-жылы Тогуз-Торого көчүп кетет. Октябрь революциясын 1917-жылы Тогуз-Тородон угат. Бул жерден да туруктуу жай таппай, 1923-жылы кайрадан Курткага көчүп келет. Совет бийлиги гана анын бактысын ачкандыктан, ал Совет өкмөтүнө арнап, көп ырларын чыгарган.

1936-жылдан тартып, Байымбет илим-изилдөө институту менен байланыш жасап, өзүнүн ырларын жана элдик оозеки чыгармалардан жазып бере баштайт. Эки жылдын ичинде илим-изилдөө институтуна 200 басма табакка жакын ар түрдүү темадагы материалдарды тапшырат.

Акын көптөгөн чыгармаларды жаратты. Эл арасына кеңири тараган санат, терме, үлгү, ырлары жаштарды тарбия-таалимге, билим алууга, адептүүлүккө чакырса, тамсилдери адамдардын жаман сапаттарын, кылык-жоруктарын айбанаттардын образдары аркылуу ашкерелейт. Ал эми белгилүү поэмаларында жаратылыштын кооздугу, аны коргоо, адамдардын ортосундагы ынтымак, биримдик, сүйүү темаларын чагылдырат. Акындын чыгармалары: санат, терме ырлары, «Үрпүкан», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы», «Жер жана анын балдары», «Куштардын аңгемеси», «Кемчонтой» поэмалары, «Эшек менен булбул», «Иттин доолдай тиктирем дегени» өңдүү тамсилдери ж. б.

Тоголок Молдо узак өмүр жашады. Өмүрүнүн аягына чейин калемин колунан түшүргөн жок. Натыйжада, ал өзүнүн төл чыгармаларын гана эмес, ошондой эле элдик бай казнадан да, улуу «Манас» эпосу баш болгон чыгармаларды жаздырып калтырды.

**Түшүндүрмө сөздүк:**


**туруктуу жер таппай** – не находя места для себя; В то время было везде жить плохо
**бактысын ачкандыктан** – осчастливил
**калемин колунан түшүргөн жок** – не переставал писать

■ **өкүл** – представитель
**кат-сабат** – грамотность
**зээндүү** – способный от природы
**азап** – мука, мучение
**малай** – батрак, слуга
**басма табак** – пластинка
**кылык-жорук** – поведение
**узак** – долго
**калем** – перо
**казна** – сокровище

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Тоголок Молдонун чыгармачылыгына ким таасир эткен?
2. Эмненин айынан ал Тогуз-Торого жана Чүйгө келет?
3. Акын илим-изилдөө институту менен кандай иштеген?
4. Ал чыгармаларында эмне жөнүндө жазат?

Терме ырларынан эсиңерге түшүргүлө.
Тоголок Молдонун өмүр баяны боюнча кластер түзгүлө.



**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
Суроолорго жооп бергиле.
Т. Молдонун тамсилдеринен окуп келгиле.

## Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» поэмасы

Ынтымакка, биримдикке чакыруу идеясы Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» деген поэмасында күчтүү өнүктүрүлгөн *(развит)*. Акын чыгарманын атында эле жерди «ата», ал эми жамгырды, сууну, шамалды, отту анын «балдары» катары көрсөтүп, өзүнчө бир аллегориялык маанидеги образ түзөт. Поэма жамгырдын, суунун, шамалдын, оттун жана жердин кайым айтышуу диалогу түрүндө жазылган. Ошондуктан ушул кайым айтышта булардын ортосундагы бири бирине болгон карама-каршылыгы *(противоречие)*, ал турмак келишпес күрөшү көрсөтүлөт. Шамал, суу, от, жамгыр ар кимиси өзүнүн табигый касиетин башкалардан өйдө турарын далилдейт, ар кимиси өзүнүн гана башкалардан артыкчылыгын белгилөөгө аракеттенет.



Желип өткөн жеримен,
Жер тамыры жазылат.
Басып өткөн жеримен,
Байчечекей ачылат.

Бул жамгырдын сөзү: Муну калпка чыгаруу мүмкүн эмес.

Атагың жамгыр, өзүң суу,
Аңгемең сенин мына бу.
Мактанбагың өзүңчө,
Деңизден чыккан сен бир – буу.

Бул диалогдогу талаш-тартышта эле бул эки табигый көрүнүштөрдүн карама-каршылыгы эмес, тескерисинче биримдиги, бир-бирине байланыштуулугу *(связь)* ачыкка чыгат.

Бул талаш акындын өзүнүн дидактикалык, агартуучулук ыңгайында каралып, ошол ыңгайда чечилет.

Балдар сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.

Ошентип, Жер ата балдарына: жамгырга, сууга, шамалга, отко кайрылып ынтымакка чакырат. Тоголок Молдо бөтөнчө *(особенно)* ушул поэмасында табият кубулуштарынын өзгөчөлүгүн *(особенности)* өзүнчө терең билгендигин, Жерди ааламдын борбору катары түшүнөрүн жана сөздүн күчү менен сүрөттөй аларын айгинелеген.

■ **биримдик** – единство
**өнүктүрүлгөн** – развитие
**кайым айтыш** – импровизированный спор
**келишпес күрөшү** – непримиримая борьба
**табигый касиетин** – природные свойства, качества
**далилдейт** – доказывает
**артыкчылыгын** – превосходство
**дидактикалык** – дидактический
**агартуучулук** – просветительство
**ыңгайында** – способ
**бөтөнчө** – особенно

**табият кубулуштары** – природные явления
**айгинеленген** – доказано
**карама-каршылык** – противостояние
**өзгөчөлүк** – особенность

**Үзүндүнү кунт коюп уккула.**

## Жер жана анын балдары

*(Үзүндү)*

Бир-бир баштан баяндап,
Билдирип өтөм кабардап. — **кабардап** – сообщая
Эң биринчи жол алып,
Жамгыр сөздү баштады.
Өзүнүн боюн көтөрүп — **боюн көтөрүп** – считая себя выше
Айтар сөздөн шашпады.

***Балдар, жамгыр кантип мактанат деп ойлойсуңар?***

**Жамгыр:**

– Дүйнөнү бүтүн жашарткан, — **жашарткан** – омолаживающий
Менден башка кайсың бар?
Жашартканың бар болсо,
Жашырбастан айтыңар! — **жашырбастан** – не скрывая
Желип өткөн жеримен — **желип өткөн** – там где я пройдусь
Жер тамыры жазылат.
Басып өткөн жеримен,
Байчечекей ачылат.
Жер жүзүнө бир бүтүн
Менин нурум чачылат.
Асмандан төгүп тунук суу, — **төгүп** – проливаясь
Жерге берем тиричилик. — **тиричилик** – жизнь
Жер жүзүнөн жай алган,
Элге берем тиричилик
Жаратылган ар түрдүү, — **жаратылган** – созданные
Жанга берем тиричилик.
Баарына көк чөп жедирип,
Малга берем тиричилик.
Дыйкандар айдап көгөрткөн, — **айдап** – посеянной
Данга берем тиричилик.
Аркар, кулжа, ак кийик,
Аңга берем тиричилик. — **аңга** – диким животным
Жер жүзүндө ар түрдүү





Чөпкө берем тиричилик.
Эл барктабай куураган
Чөлгө берем тиричилик.

***Жамгырдын айткандарына кошула аласыңарбы?***

**Суу:**

– Жамгыр өзүн сел ойлойт,
Кудук өзүн көл ойлойт.
**кудук** – колодец
«Толтурам» – деп, деңизди,
Кесирдүү сөзүн түк койбойт.
**кесирдүү** – надменные слова
Дүйнөгө бүт чырмалып,
**бүт чырмалып** – обвивая весь мир
Деңиз жатат сел болуп.
Жер жүзүндө нечен суу,
Кошулуп жатат көл болуп.
Атагың – жамгыр, өзүң – суу
Аңгемең сенин мына – бу.
Мактанбагын өзүңчө,
**мактанбагын** – не хвастайся
Деңизден чыккан сен бир буу.
**буу** – пар
Анык жери күркүрөп,
Асманда булут дуулаган,
**дуулаган** – гудел
Дарыя, деңиз көлдөрдөн,
Сурап булут, суу алган.
Асманды курчап бүркөлүп,
Суу алган булут куралган.
Мактанбагын жамгырым,
Деңиздин сен да суусусуң,
Алып келген булуттун,
Суусу турсун буусусуң.

***Суунун айткандары туурабы?***

**Шамал:**

– Күндүн жүзүн бүркөгөн,
**бүркөгөн** – укутавший
Туман менин колумда.
Асманда жүргөн жаркырап,
**жаркырап** – ярко светящиеся
Айдын нуру колумда,
Кезегимди кетирбейм,
Тополоң салып заркырап,
**тополоң** – суматоха, паника
«Шамал келип калды» – деп,
Качат баары чуркурап.
**чуркурап** – расшумели
Булут, туман мунарык,
**мунарык** – легкая мгла
Болду түшүп колума.
Ар кимисин ар сайдан,
**ар сайдан** – ложбина



Айдап салам жолуна.
Эч бир нерсе чыдабайт,
**чыдабайт** – не выдержит
Кайратымдын зоруна.
**кайрат** – храбрость, доблесть
Саратан жайды кыш кылам,
**саратан** – летняя жара
Калсын деп атак соңума.
Мен каарымды төккөндө,
**каарымды төккөндө** – если разозлюсь
Булактын баарын муз кылам.
Суукту салып ушундай,
Суу аке, сени мыш кылам.
**мыш кылам** – осрамлю
Мактанасың сүйлөйсүң,
Баркымды неге билбейсиң?
**баркымды** – авторитет
Чеберсинип мактанып,
**чеберсинип** – как будто ты лучше
Жөнүң менен жүрбөйсүң.

***Шамал да мактандыбы же чындыкты айттыбы?***

**От:**

– От болуп чыктым жаралып,
Оттук таштан таралып.
Табым ысык күйдүрөт,
**табым** – мой жар; **күйдүрөт** – сожжёт
Жандын баарын сүйдүрөт.
Айтып бергин сырыңды,
**сырыңды** – свою тайну
Бизден өйдө жериң жок,
Жашырып калар кебиң жок.
Текебер көп өзүңдө,
**текебер көп** – заносчивости много
Күрүлдөйсүң чениң жок.
**күрүлдөйсүң** – зря бушуеш
Шамал мага кызматчы,
Өчкөн болсом күйдүрөт,
Жарыгыма кубанып,
Баркымды журтка билдирет.
Тоңгондорду эритем,
**тоңгондорду** – замерзших
Үшүгөндү жылытам,
Чийки болсо бышырам,
**чийки болсо** – если сырой
Бышык болсо күйгүзөм.
«От адамга эрмек» – деп,
**эрмек** – забава
Бардык элди сүйгүзөм.
Канча жандын баарына,
Кадырымды билгизем.
Сөздөрүн айтып токтолду.
Булардын сөзүн укканда,
Жер кыймылдап козголду.
**козголду** – сдвинулся

***Оттун айткандары канчалык деңгээлде туура?***
***Жер аларды эми эмнеге чакырат деп ойлойсуңар?***

**Жер:**

– Балдар сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.
Мен болсом балдар карыңар,
Сөзгө кулак салыңар.
Калбасаңар катардан,
Сөзүмдөн нуска алыңар.
Жаратылып жер болуп,
Атаңар болуп аталган,
Сабырымдын баарынан,
Калганым жок катардан.
Текебери көбүнөн,
Шайтан болду азезил.
Мактангандын жаманын,
Балдарым муну байкай бил.
Бүтүн дүйнө шамал, суу, –
Баарысы менден таралды.
……………………..
Жалганчы залим болбостон,
Адил сүйлө адалды.
Залим болсоң жалганчы,
Көрөсүң акыр залалды
Өзүңдөн өзүң мактанбай,
Өлчөп жүргүн чамаңды!
Көтөрүлгөн көп акмак,
Көмүккө түшүп камалды,
Көөп кеткен наадандык,
Көтөрүлбөй жүрүңөр,
Атаңар айткан бул сөздү,
Акылдуу балдар билиңер.
Сабырымдын баарынан,
Санга кирдим жер болуп.
Үйүп, жыйып толтурдум,
Үстүм толгон эл болуп.
Мухит деңиз сел болуп,
Дайра, чалкар көл болуп,
Аркайган Ала-Тоо болуп,
Асманга жакын зоо болуп,

**кулак салып** – послушайте
**жол талашып** – не споря
**болот жолуңар** – повезет
**сабыр** – терпение
**азезил** – ангел смерти
**таралды** – распространялись
**жалганчы** – врун
**адил** – справедливо
**залим** – жестокий
**залал** – вред
**чамаңды** – свою силу
**көмүккө** – потайное место
**наадандык** – невежество
**үйүп** – собрав в кучу
**мухит** – океан



Жана менин өзүмө,
Балдарым жүрөт жоо болуп,
Менин атым кара жер
Жүк көтөргөн балбан шер.

Жүк көтөргөн атаңдан,
Балдарым пайда ала бер.

Анык жери түз жүрүп,
Өзүңдү жөнгө сала бер.
Түз жүрбөгөн ийриси,
Казган ордо кала бер.
Байкаңар, балдар, сөзүмдү
Чыкпасын бул сөз эсиңде.
Баары жоктун баарысы,
Пайда тапкан өзүмдөн.
Бул жолдун өзү аман – жол,
Жалпы балдар аман бол.
Ушул жолду көрсөткөн,
Атаңардай болсоңор,
Таап салган бул жолду,
Жашасын балдар, атаңар!
Жайдары заман бактыңар,
Балдарым эми жашаңар!

**жоо** – враг
**балбан шер** – богатырь
**пайда ала бер** – возьмите пользу
**жөнгө** – в порядок
**ордо** – яма
**таап салган** – проложенный путь
**жайдары заман** – спокойная жизнь

***Жердин айткандарына оюңар кандай?***
***Ынтымак жок жерде эмнелер көп болот?***

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**бою көтөрүп** – считая себя лучше всех
**нурум чачылат** – светит мои лучи; Считая лучи свои ярче солнечных
**атагың – жамгыр, өзүң – суу** – слава твоя дождь, сама вода
**менин колумда** – в моих руках
**кезегимди кетирбейм** – не упущу свой шанс; Все в моих руках
**нуска алыңар** – получайте совет
**өлчөп жүргүн чамаңды** – измеряй свою силу

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Тоголок Молдо бул поэмасында эмнеге чакырат?
2. Бул чыгарманын негизги идеясы эмнеде деп ойлойсуңар?
3. Акын кандай түшүнүктөрдү айгинелеген?
4. Поэма жаратылыш жөнүндө кандай жыйынтык берет?
5. Жердин улуулугу эмнеде деп ойлойсуңар?

**Тапшырмалар.**

Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

***Жер балдарын ..., ..., чакырып, баары андан тарагандыгын айтты.***
***...., ..., ..., жаман сапат экендигин айтып түшүндүрдү.***
***Ынтымак бар жерде ... бар.***


Бул сөздөрдүн антонимдерин таап жазгыла: **жер, суу, достук, пайда, залим, чалкар.**

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолорго жооп бергиле.

Үзүндүнү көркөм окугула. Бул чыгарма боюнча пирамида стратегиясын түзгүлө.




## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Жазгыч акындар жана жазма адабият.**

Кыргыз адабиятында Октябрь төңкөрүшүнө чейинки мезгилде өз чыгармаларын кагаз бетине түшүрүшкөн сабаттуу акындарды жазгыч акындар деп аташат. Алар Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Тоголок Молдо, Ысак Шайбеков, Арстанбек Буйлаш уулу ж. б.

Тарыхта жазма адабият болгондугун Орхон-Енисей жазма тексттери, М. Кашгаринин, Ж. Баласагындын эмгектери жана 19-кылымдан – 20-кылымдын биринчи жарымында жашаган Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо өңдүү жазгыч акындардын чыгармачылыктары толук айгинелеп *(подтверждает)* турат.

Негизи эле жазма адабияттын өнүгүшү менен кыргыз адабиятынын кайра жанданышын түшүнсөк болот. Айрыкча, XIX кылымда акындардын көбү араб тилинде сабаты ачылгандыктан, ошол тилде чыгармаларын жазып, кээ бирлери эл арасына кол жазмаларын таратып, *(Арстанбек Буйлаш уулу)* кыргыз жазма адабиятынын өнүгүшүнө зор салым кошкон.



# КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНЫН (ПРОФЕССИОНАЛ) ЖАРАЛЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

## Поэзия, проза, драматургия

1919–1924-жылдары, Кыргызстан Түркстан АССРинин курамында турган чакта, улуттук жазуубуз жана басма сөзүбүз али жок болсо да, жалпы маданий өнүгүш, айрыкча жазма көркөм сөз жаратуу жагынан кыргыз элинде бир топ аракеттер жасалган. Асыресе, улуттук интеллигенциянын уюткусу *(бук. закваска, союз)* курула баштаган, болочок калемгерлер жаңыча таалим-тарбия алып жаткан. Көркөм сөзгө шыктуу жаштар жаңы адабий формалар менен чыгармалар жазып, жазгандарынын айрымдарын башка түрк тилдерине, айрымдарын кыргыз тилинде жарыялашкан. Ошол эле мезгилде аз сандагы билимдүүлөрүбүз эне тилибизде жазуу системасын жөнгө салуу, мезгилдүү басма сөз чыгаруу, китептер бастыруу жагынан да камылгалар *(подготовки)* көргөн. Айтор, ошол мезгилде рухий маданият жаатында чыгармачылык иштер менен алектенген улутташтарыбыздан басма сөз беттеринде, архивдерде, жеке кишилердин менчигинде бир катар адабий мурастар калган. Алар – биздин тарыхый байлыгыбыз.

**Поэзия.** Кыргыз элинин өкүлдөрү тарабынан ыр түрүндөгү *(поэзия)* чыгармалардын бир кыйла санда жазылганын билдирген фактылар бар. Өз убагында жарык көрбөй, кол жазма бойдон калган, кээ бирлери ошол учурда эле кыргызча тектеш тилдерде чыгып турган газета-журналдарда жана кыргызча туңгуч китептерде басылган. Ошол поэзиялык тектердин *(поэтические жанры)* ичинде сабаттуу эл ырчыларынын *(акын молдолордун)* ырлары да болгон. Абылкасым Жутакеевдин «Ленин кошогу», Ысак Шайбековдун «Кайран эл» поэмасы басылган. Тоголок Молдонун «Насыят» аттуу узун санат ыры басмага 1922-жылы тапшырылып, басылып чыккан. Ташкенде окуган Касым Тыныстановдун алгачкы ырлары казак тилинде жаралып, 1919–1921-жылдары «Өрис» газетасына бастырылган.

Совет доорунда биринчи练 накта кыргызча жарык көргөн ыр Сыдык Карачевдин калемине таандык. Сыдык Карачев – биздин элдин ичинен көркөм адабият жаратууга биринчи киришкендердин бири.

С. Карачев чыгармачылык жолун татарча пьесалар, аңгемелер, ырлар, жазуудан баштаган. Пьесалары менен ырлары өз убагында жарык көрбөй, кол жазма түрүндө сакталып калбай, биздин күнгө жеткен жок. Айрым аңгемелери 1919-жылы «Көмек» газетасында басылган. Ошол кездеги казакча мезгилдүү басма *(периодическая печать)* сөздө жарыяланган «Көмек» газетасына 1919-жылы Жумадыл Түлөгабыловдун «Бул заман», «Таң атты», «Жаштык», «Өкүнүч»; Орозакун Лепесовдун «Кыргыз казакка», «Көзүңдү ач», «Билим»; И. Максүтовдун «Кеңеш өкмөт»; К. Мажиковдун «Ойлон, эмгекчи»; Б. Калпаковдун «Биздин журтта» деген ырлары басылган. 1920 – 1924-жылдары казакча «Ушкын», «Ак жол» газеталарынын беттеринде И. Максүтовдун «Ойдогу тилек», М. Байчериковдун «Казак-кыргыз кедейлерине», И. Кудайбергеновдун «Жер сагынуу», З. Лепесованын «Кыздарга», К. Баялиновдун «Биз ким элек, ким болдук?» деген ырлары орун алган.

Ушул мезгилдеги кыргыз жазма поэзиясынын катарына А. Токомбаевдин В. И. Ленин туурасындагы кошокторун кошууга негиз бар. Бул ырлар 1924-жылдын январь айында жазылып 1927-жылы китепче болуп чыккан. 1925–1929-жылдар аралыгында биздин прессада жарыяланган ар кыл ырлардын жалпы көлөмү чоң 2 томго барабар. «Жаңы маданият жолунда» журналынын 1928–1929-жылдары чыккан 9 санында 43 ыр, 4 поэма, 4 ырлар цикли жарыяланган. 1930-жылдары улуттук адабиятыбызда, поэзияда чоң-чоң кадамдар жасалды. Адабият майданына А. Осмонов, Т. Сыдыкбеков, С. Сасыкбаев, А. Токтомушев, Т. Үмөталиев, К. Акаев, М. Алыбаев, Ж. Ашубаев, Н. Байтемиров, К. Эсенкожоев ж. б. келди.

**Проза жана драматургия.** Улуттук прозабыз да кыргызча басма сөз чыкканча эле жарала баштаган. Биринчи болуп кыргыз жаштарынан аңгемелер жараткан Сыдык Карачев болгон. Ал алгачкы аңгемелерин татар тилинде жазган.

Кыргыз тилинде жарыяланган туңгуч аңгеме – Касым Тыныстановдун «Мариям менен көл боюнда» дегени. 1919–1924-жылдары кыргыз тилинде драмалык адабияттын саамалыктары да жарала баштаган. Бул багытта бир көшөгөлүү пьесалар өз демилгелүү *(инициативных)* театралдык ийримдерди уюштурган мектептерде окуп жатышкан жаштар чакан драмалык тексттер жазышып, сахнада ойношкон. Булар: «Букулбай», «Сүткор», «Ачарчылык», «Куйручук», «Садыр», «Чык татырбас Чынарбай», «Эл соту» бир көшөгөлүү пьесалар коюлган. Авторлору – К. Баялинов, мугалим О. Лепесов, К. Шаршеналиев.

1925–1929-жылдары адабий прозанын көпчүлүк жанрлары жарала баштады. Чакан прозалык чыгармалар жука китепчелер түрүндө чыгып турган. Алардын арасында К. Баялиновдун «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан», «Мурат», С. Нааматовдун «Жөжөлөр», А. Чыңгышевдин «Менин балдарым аянтчада» китепчелери бар. Ошол эле жылдары С. Карачевдин «Эркиз күндөрдө», К. Баялиновдун «Ажар» повести жазылган.



Драма жанрларындагы чыгармалар М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей», К. Жантөшевдин «Карачач» драмалары кийинчерээк кайра иштелип, басылып чыккан. «Төрөга Зейнеп» – С. Карачевдин көлөмдүү пьесасы. Биздин туңгуч драматургдар кыргыз турмушунун тиричилик карама-каршылыктарын, коомдук аң-сезим жаатындагы эски менен жаңынын күрөшүн, социалдык топтордун кагылышын сүрөттөөгө аракеттенген. 1936–1940-жылдары драматургия айдыңында Ж. Бөкөнбаевдин «Семетей», Ж. Турусбеков, К. Маликов, Ж. Бөкөнбаев биргелешип жазган «Айчүрөк», К. Эшмамбетовдун «Саринжи, Бөкөй», О. Сарбагышевдин «Көкүл» жана «Улуу мерген» деген пьесалары пайда болду.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**болочок калемгерлер** – будущие писатели, поэты
**эски менен жаңынын күрөшүн** – борьбу старого и нового строя
**социалдык топ** – социальных групп

■ **улуттук жазуу** – национальная письменность
**басма сөз** – печатное слово
**жалпы** – общий
**маданий өнүгүш** – культурное развитие
**аракеттер** – действие, попытки
**асыресе (аз-аздан)** – помалу
**калемгерлер** – писатели
**таалим-тарбия** – воспитание-обучение
**айрымдары** – некоторые
**айтор** – кстати
**рухий маданият** – духовная культура
**мурас** – наследие

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Поэзия деген эмне?
2. Проза деген эмне?
3. Драматургия жөнүндө эмне билесиңер?
4. Канчанчы жылдары кыргыз тилинде драмалык саамалыктары жарала баштаган?

**Үй тапшырма.**

Поэзия, проза, драматургияга жалпы обзор темасы боюнча инсерт түзгүлө.

| | Поэзия | Проза | Драматургия |
|---|---|---|---|
| «V» – билем | | | |
| «+» – билдим | | | |
| «-» – каршымын | | | |
| «?» – билгим келет. | | | |



# Касым Тыныстанов

## (1901–1937)

Касым Тыныстанов – акын, прозаик, драматург, кыргыз адабиятына жана жазуусуна негиз салуучулардын бири, агартуучу, илимпоз, мамлекеттик ишмер. Ал улуттук тил илиминде, көркөм адабиятта, эл агартууда, саясатта өчпөс из *(оставивший след)* калтырган инсан. Касым Тыныстанов 1901-жылы Ысык-Көлдүн Чырпыкты айылында туулган. Атасы сабаттуу адам болгондуктан, Касымды алгач өзү окутуп *(арабча)*, андан кийин айылдык диний мектептен, 1914–1916-жылдары Каракол шаарындагы орус-тузем мектебинен окутат.

1916-жылы үркүн эл менен Кытай жерине барып, 1918-жылы кайтып келген. 1919–1924-жылдары Ташкендеги Казак-кыргыз агартуу *(просвещения)* институтунда окуган. 1927-жылы окуусун бүткөн.

К. Тыныстанов эмгек жолун 1925-жылы тунгуч илимий-педагогикалык мекеменин жооптуу секретарлыгынан баштап, 1926-жылы ошол мекеменин төрагасына дайындалган. 1927–30-жылдары эл агартуу комиссары *(министри)*, 1931–37-жылдары Кыргызстан маданият курулушу илим-изилдөө институтунун илимий кызматкери, сектор башчысы, директору болгон.

Мындан тышкары ал «Эркин-Тоо» газетасынын, «Жаңы маданият жолунда» журналынын редактору, улуттук театрдын директору болгон. 1931–37-жылдарда кыргыз педагогикалык институтунда кыргыз тили боюнча лекциялар окуган. Ага доценттик, профессордук наамдар берилген. (1932, 1936).

Касым Тыныстанов алгачкы ырларын Ташкенде окуп жүргөндө жаза баштаган. Анын ырлары Ташкенде газеталарга казакча чыгып турган. Алар бүт бойдон «Касым ырларынын жыйнагы» (1925, Москва) аттуу китепке кирген. Анда казакча 12 ыр, кыргызча 21 ыр жана бир поэма бар.

Ал кыргыздын улуттук жазмасын түзүүгө, анын орфографиясын түптөөгө катышкан чоң илимпоз болгон. «Окуу китеби» (1924), «Чоңдор үчүн алиппе» (1926), «Эне тилибиз» (1927), «Кыргыз тилинин морфологиясы» (1934), «Кыргыз тилинин синтаксиси» (1938) аттуу белгилүү эмгектерди жараткан.

К. Тыныстанов өз учурунда жазуучу, илимпоз, коомдук ишмер катары кызматташтарынын, калемдештеринин арасында зор кадыр-баркка ээ болуп, алардын көрө албастык сезимдерин *(ненависть)* ойготкон. Ошол себептүү ага саясий айыптар көп тагылып, Касымга ич күйдүлүктөн *(от зависти)* асылгандар саясий шарт-жагдайдан пайдаланып, анын жазгандарынын баарынан идеялык каталарды таба беришкен. 1928–1936-жылдары макалаларда, партиялык токтомдордо, ар кыл чогулуштарда «улутчул», «байчыл», «контрреволюциячыл» деген жалган жалаа менен айыпталып, 1937-жылы «эл душманы» деп камакка алынат да, ошол эле жылы ак жеринен атылып кеткен.



1989-жылы К. Тыныстановдун инсандык жүзү саясий, чыгармачыл ишмердиги толук акталган.

Анын жараткан чыгармалары: «Жаз», «Кыш», «Жайлоо», «Тоодо күн», «Айга», «Ысык-Көлгө», «Ала-Тоо», «Алданган сулуу», «Эрксизден ажырашканга» жана башка ырлары, «Жаңыл Мырза» поэмасы, «Мариям менен көл боюнда» аңгемеси, «Академиялык кечелер» чакан пьесалар жыйнагы.

Биздин улуттук тилдин өнүгүшүндө, көркөм сөз маданиятыбыздын тарыхында Касым Тыныстанов бардык жагынан төл башы катары ардактуу орун ээлеген бойдон калат.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**орус-тузем мектебинен** – в русско-туземской школе, открывались вне больших городах такие школы для местного населения
**саясий айыптар** – политические обвинения
**«улутчул»** – националист, выступающий во вред другому народу
**«байчыл»** – поддерживающий интересы богатых
**«контрреволюциячыл»** – контрреволюционер, выступающий против революции
**инсандык жүзү** – *(букв. личностное лицо; имеющий свой авторитет, своё лицо)* достоинство

■ **агартуучу** – просветитель
**ишмер** – деятель
**инсан** – личность
**сабаттуу** – грамотный
**мекеме** – учреждение
**кызматкер** – сотрудник
**түптөө** – в основании
**кадыр-барк** – авторитет
**көрө албастык, ич күйдүлүк** – зависть
**жалган жалаа** – ложная клевета
**камак** – арест
**акталган** – оправдан
**ардактуу** – почетный

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. К. Тыныстановдун жемиштүү ийгилиги эмнеде?
2. К. Тыныстановдун тагдыры эмнеге дуушар болгон жана эмне себептен?
3. Анын чыгармаларына кандай айыптар коюлган?
4. Таланттуу акындын башка акындардан өзгөчөлүгү?
5. Кыргыз коомчулугунда анын орду кандай?
6. Бул улуу инсанды дагы ким катары баалайбыз?

**Тапшырмалар.**

1. *Билим берүү, ишкер, билимдүү, уюштуруу, оомат, ичи тар, каты* деген сөздөрдүн синонимин таап, сүйлөм түзгүлө.
2. *Сабаттуу, жалган, акталган, ардактуу* деген сөздөргө антоним тапкыла.
3. Репрессияда атылып кеткен белгилүү инсандарды атап, дептериңерге жазгыла.

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттап, суроолорго жооп бергиле.

К. Тыныстановдун чыгармачылык, адамдык тагдыры тууралуу эссе жазгыла.

Касым Тыныстановдун чыгармачылыгындагы көрүнүктүү, орошон ырларынын бири – «Ала-Тоо». Бул ырында акын заңгыраган тоолордон бүткөн Ата Журттун булуттан жоолук салынган, алыста жүргөн уулун сагынып, күн сайын жол караган, кабатыр болуп, көз жаштарын дайра кылып агызган ак чач эне элесин ырга кошот. Эне баласына кандай камкордук көрүп, бардык күч-кубатын уулуна арнаса, аскасы асман тиреген Ала-Тоо да ар бир кыргыз уулу жөнүндө санаа тартат. Акын бул ыр саптары аркылуу өзүнүн башынан өткөргөн жаштык кезин, кыргыз элинин 1916-жылкы Үркүндө болгон окуяларын да эскерте кетет. Ырдын акыркы саптарында Ала-Тоонун улуулугун, эне уулун эркелеткендей мээримдүүлүгүн жана бул ырын белек катары тартуу кылгандыгы айтылат. Тууган жерди эне деп ырдоо жөрөлгөсү дүйнөлүк адабиятта башынан эле бар. Ошол поэзиялык туюнтма бул чыгармада ийкемдүүлүк касиетин алып, жасалмасыз эркин созулуп, улам жаңы кырларын чыгарып, улам жаңы мааниге өтүп отуруп, жаркын символдун даражасына көтөрүлгөн.

Акын бул чыгармасы менен кыргыз эли үчүн Ала-Тоонун мааниси өтө зор жана маанилүү экендигин айткысы келген.

## Ала-Тоо

**Үзүндүнү кунт коюп уккула.**

Кечиккен соң зарыгып,
«Унутту» деп таарынып,
Коргоол менен күн санап,
Жүргөндүрсүң камыгып.
Түндө жатып уктабай,
Күндүзүндө токтобой,
Жолоочудан жол сурап,
Тургандырсың Ала-Too!
Баламдан кабар укчу – деп,
Санаймын эрте-кечти – деп,
Кагылбаган жаш балам,
Кандай жолго түштү – деп,
Зардап ыйлап, үн салып,
Башына түшпөй күн чалып,
Дөңдөн түшпөй эрте-кеч,
Тургандырсың Ала-Too!
Айлар, жылдар өттү – деп,

**зарыгып** – теряя надежду, в отчаянии
**коргоол** – помет *(овечий)*
**камыгып** – мучаясь
**кагылбаган** – не повидавший мир
**зардап** – страдая
**дөңдөн** – холм





Кабарсыз болуп кетти – деп,
Катпаган балтыр баламды
Кимиси мерт этти – деп,
Булуттан жоолук оронуп,
Ак чачың музга боёлуп,
Көз жаш менен сай-сайды
Жуугандырсың Ала-Too!

Балама залал болор – деп,
Кийимсиз болсо тоңор – деп,
Жолдо болсо жаш балам,
Жүрүүгө болсун оңой – деп.
Каршы туруп ызгаарга,
Күч көрсөтүп муз-карга.
Түштүк, түндүк катташын,
Буугандырсың Ала-Too!
Жер сагынбас эл болбос,
Эл сагынбас эр болбос,
Жатка моюн сунгандай,
Эр жүрөгү кир болбос.

**мерт этти** – нанес вред
**залал** – вред
**оңой** – легко
**ызгаарга** – стуже
**катташын** – переход, проход
**буугандырсың** – преградил
**жатка** – чужому

Какпаган кирпик көзүңдү,
Муңканып айткан сөзүңдү,
Ким унутуп кетмекчи.
Зарыкпагын Ала-Тоо!
...Жайлоого көчүп өткөндө.
Көч үстүнөн селкиге,
Көз ымдап өтө кеткенде.
Чыдабай селки: «Ойт! чу! ай!»
Деген кезде капчыгай,
Үнүн созгон чыдабай
Баары эсимде, Ала-Тоо!
Кийин кандай күн болду,
Кимдер көчтү, ким конду.
Неге десең бооруңда
Тура албадым мен өңдүү.
Мурун сенден көргөндүн,
Сен эсептеп бергендин,
Чыпчыргасы коробой,
Баары эсимде, Ала-Тоо!
Каргыш шамы жангандa,
Жазыксыз кан тамганда,
Таяныч издеп тырмалап,
Жөөлөп жолго салганда.
Долуланып, солкулдап,
Алай-дүлөй толкундап.
Узатып салган Ысык-Көл,
Зары эсимде, Ала-Тоо!
Мен аманмын барамын,
Мүнөзү бар балаңын.
...Эң биринчи саламым,
Сага арнап жазгамын,
Жакшы саатта күтүп ал,
Бул белегим, Ала-Тоо!
Көп жашадың, көп көрдүң.
Ачуу-таттуу жеп көрдүң.
Тагдыр чапкан балтага,
Кыңк этпедин, эп көрдүң.
Илгерки күндөр үрөйүн,
Жемдегендей жүрөгүм.
Эркелетип сүйлөсөн,
Бул белегим, Ала-Тоо!

**муңканып** – горюя, печалясь
**селкиге** – юной девушке
**көз ымдап** – одмигнув
**чыдабай** – не выдержав
**үнүн созгон** – спел
**бооруңда** – у тебя в груди
**чыпчыргасы коробой** – все до последней детали
**таяныч** – опора
**жөөлөп** – пешком
**алай-дүлөй толкундап** – сильно волнуясь
**аманмын** – жив, здоров
**эп көрдүң** – одобрил, согласился
**үрөй** – облик тех дней
**жемдегендей** – *(здесь)* как будто забыто

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**булуттан жоолук салынган** – в платке из облака; вершины Ала-Тоо белым, чистым снегом покрыт. Белый цвет показывает на святость



**катпаган балтыр** – не возмужавший; Про сына еще не самостоятельного
**жатка моюн сунгандай** – не подчиниться чужому
**каргыш шамы** – огонь, свеча проклятия; когда загорелась огонь мятежа
**жазыксыз кан тамганда** – когда пролилась безвинная кровь
**жакшы саатта күтүп ал** – встречай в доброе время; Говорит о перемене в общественном строю
**көп жашадың, көп көрдүң** – многого повидила

■ **жөндөмдүү** – способный
**тестиер** – малолетний
**даража** – степень
**орошон** – добротный
**элес** – образ
**жөрөлгө** – *(здесь)* традиция
**ийкемдүүлүк** – гибкость
**жасалмасыз** – натуральный
**кыр** – грань
**жаркын** – яркий, блестящий

Бул макал менен чыгарманын кандай жалпылыктары бар?

***Ата – аска тоо,***
***Эне – мөлтүр булак,***
***Бала – ортосунда шам чырак.***

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Касым Тыныстанов кичинесинен кандай чыгармаларга кызыккан?
2. «Ала-Тоо» аттуу ырында акын эмнени сүрөттөгөн?
3. Берилген үзүндүнү окуп, которуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.
4. Бул ырда кандай ойлор камтылган?

**Үй тапшырма.**

Ар бир 4 сапка сүрөт тартуу аркылуу мүнөздөмө бергиле.

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Поэзия** (*греч.* – жаратамын, чыгарамын) – 1. Байыркы заманда жалпы эле көркөм адабият, сөз өнөрү поэзия деп аталган. Көркөм кара сөз *(проза)* түзүлгөндөн кийин, поэзия деген термин ыр менен жазылган чыгармалардан гана билгизип калды. 2. Көркөм адабият прозалык чыгармалардан айырмаланып, ыр түзүлүшүнө негизделип жазылган түрү. Элдик эпос, лирика, ыр түрүндөгү драмалык чыгармалардын баары поэмада, ырда өнүгүп келген. Ырга мүнөздүү көрүнүштөр ыргак, муун, муунак, уйкаштык, строфа – поэзия чыгармаларын жаратуунун негизги касиети.



# Аалы Токомбаев (Балка)
# (1904–1988)

## Өмүрү жана чыгармачылыгы

Кыргыз Эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, кыргыз жазма профессионал адабиятынын негиз салуучуларынын бири Аалы Токомбаев 1904-жылы азыркы Чүй областынын Кемин районундагы Чоң-Кемин айылында кедей адамдын үй-бүлөсүндө туулган.

Аалынын энеси Улбала кыргыздын элдик оозеки чыгармаларын, айрыкча жомокту, кошок-армандарды өтө жакшы билген жана айта билген, сөзмөр адам болгон. Аалынын алгачкы адабий шыгынын ойгонушуна энесинин айтып берген нечен түркүн сюжеттеги жомоктору таасирин тийгизбей койгон эмес.

1916-жылдагы элдик боштондук кыймылында Аалы да үй-бүлөсү менен Кытай жерине качып барган. Ал жердеги ачарчылык, качкындардын арасындагы жайылган келте оорусу көбүн кыргынга учураткан *(привел к истреблению, мору)*. Мына ошол кыргында Аалынын беш бир тууганы каза тапкан. Эл менен кошо Аалы ата-энеси менен кыргыз жерине кайра кайтышат. Жолдо келе жатканда 1917-жылы Кочкордо Токомбай каза болуп, андан көп узабай эле энеси Улбала да дүйнөдөн кайтат. Болочок акын эми томолой жетим *(круглой сиротой)* калып, ар кимдердин эшигине барып, кайыр сурап күн өткөрөт. Аталаш тууганынын жардамы менен Ташкенге жөнөп, ал жактан интернатка кирип окуйт.

Окуусун бүтүп келип, Чүй кантондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, андан кийин 1929-жылга чейин «Кызыл Кыргызстан» газетасынын редактору, 1930–31-жылдары Кыргызстан мамлекеттик басмасында башкы редактор болуп иштейт. 1931-жылы республикадагы биринчи көркөм адабий журнал «Чабуулду» (азыркы «Ала-Тоо») уюштурууга катышып, анын биринчи редактору болгон.

Акындын чыгармачылыгы басмага биринчи жарыяланган ыры менен 1924-жылы башталат. 1927-жылы «Ленин тууралуу» деген биринчи ырлар жыйнагы, 1929-жылы «Аялдар айнеги» деген жыйнагы чыгат. 1958-жылга чейин кырктан ашуун китептин автору болуп, анын экөө проза, үчөө пьеса, калганы поэзия деп өзү көрсөткөн. Акын өзүнүн даңктуу *(славной)* жана машакаттуу *(беспокойной)* өмүр жолунда элүүдөн ашык ырлар жыйнагын, поэмаларын, «Кандуу жылдар» романын, бир нече прозалык, драмалык чыгармаларын, публицистикалык жана сын-макалаларын калтырган.



А. Токомбаев котормодо да жемиштүү *(плодотворно)* эмгектенген. С. Маршактын ырларын жана жомокторун (1952), Абайдын (1954, 1970), Жамбулдун ырларын (1955) кыргыз тилине которгон.

1933-жылы «Сборник стихов» деген ат менен анын чыгармаларынын котормосу орус тилинде жарык көрөт. Ошондон баштап 1987-жылга чейин 28 наамдагы китеби орус тилинде басылып чыккан жана казак, өзбек, тажик, украин тилдерине да которулган.

Акын 84 жаш курагында 1988-жылы дүйнөдөн кайткан. Токомбаев кыргыз жазма адабиятынын тарыхында акын гана эмес, көрүнүктүү прозаик жана драматург катарында да өзүнө тиешелүү орунга ээ.

**Аалынын лирикалары.** Акындын чыгармаларында өмүр, турмуш, сүйүү ж. б. түбөлүктүү темалар басымдуулук кылат. Терең ойлуу философиялык ырларында алдыга умтулуу *(стремление)*, адам өмүрүндө эл үчүн пайда келтирип жашоо, бактылуу келечекти билим алуу, эмгектенүү аркылуу кура аларыбызды жана адамгерчиликти, гуманизмди даңазалайт. «Өмүргө», «Кыялды талдаганда», «Тил алса», «Макул эмесмин», «Арча көрсөң», «Накыл» ж. б. ырлары буга мисал.

Акын коомдун, табигаттын бардык кубулуштарын, көрүнүштөрүн ырга салып, жогорку чеберчилик менен көрсөтсө, сүйүү лирикаларында адам баласындагы назик, таза сүйүүнүн түбөлүктүүлүгү даңазаланып, алардын көбү эл ырларына айланган. «Мунарым», «Махабат», «Сизге», «Эскерем», «Унут дедиң», «Элестетем», «Кечирип кой», «Түбөлүк деп түшүнбө» ж. б.

«Окуяны, көрүнүштү сүрөттөө, образ түзүү өзгөчөлүктөрүнө жараша, А. Токомбаевдин поэмаларын лирикалык («Майлыбай», «Кытайдагы жолугушуу», «Менин метрикам» *(свидетельство о рождении)* жана эпикалык «Өз көзүм менен», «Комуз күүсү») деп шарттуу түрдө эки түргө бөлүүгө болот. Бирок ал поэмалардын ар биринде лириканын да, эпиканын да элементтери орун алган. Акындын поэмаларындагы чеберчилик жалаң гана тип, образ, мүнөз түзүү менен чектелбейт. Социалдык чоң жалпылоолорду ыктуу берүү, эл турмушунун эң чоң тарыхый этаптарын, мезгилдин кичинекей, бирок өтө таамай *(прямо)* тандалып алынган реалдуу эпизоддор, турмуштун түйүндүү деталдары аркылуу көзгө элестете алуу – бул ар бир эле акындын эпикалык чыгармаларында кездеше берүүчү көрүнүш эмес. Ушул жагынан алганда А. Токомбаев чебер, масштабдуу эпик акын экендигин көрсөтө алган». (К. Артыкбаев. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы – Фрунзе: Мектеп, 1982, 267-б.).

**Интернат** – учреждение которое обучает и предоставляет жилье

■ **негиз салуучуларынын** – основоположников
**көрүнүктүү өкүлү** – видный представитель
**сөзмөр** – словоохотливая, красноречивая
**адабий шыгы** – литературный талант
**ачарчылык** – голод
**келте оорусу** – брюшной тиф
**кыргын** – истребление, мор
**эң туңгуч** – самый первый
**көрүнүктүү прозаик** – видный прозаик
**өзүнө тиешелүү** – принадлежащий ему
**ээ** – достоен

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Аалы Токомбаевдин кыргыз адабиятта алган орду?
2. Ал башынан кандай турмушту кечирген?
3. Аткарган кызматтарын атап бергиле.
4. Лирикалык чыгармаларында эмнелерди даңазалайт?
5. Поэмаларында кандай темаларды чагылдырат?

**Үйгө тапшырма.**

Текстти айтып бергиле.

**«Менин Мекеним – Кыргызстан» деген темада чакан эссе жазгыла.**

# Кандуу жылдар (Таң алдында) романы

Аалы Токомбаевдин «Кандуу жылдары» кыргыз элинин 1916-жылдагы падышалык *(царской)* Россиянын жана жергиликтүү бийлөөчү таптын *(местной власти)* эзүүсүнө каршы улуттук-боштондук көтөрүлүшүн, анын жүрүшүн, чыгыш себебин, жеңилишин, элдин Кытайга качышын, Кыргызстанда Совет бийлигинин орношун көрсөтүүгө арналган кыргыз жазма адабиятындагы ыр менен жазылган биринчи роман.

Акын «Кандуу жылдар» романы менен кыргыз поэзиясына эки зор жаңылык: биринчиден, романдын ыр менен жазылган формасын, экинчиден, ошол роман жанрынын ичиндеги тарыхый романдын түрүн алып келди. Токомбаев бул романды отуз жылга жакын (1933–1961) жазган. Анын алгачкы бөлүгү 1935-жылы, андан кийин 1940-жылы, экинчи бөлүгү 1947-жылы басылып чыккан.

Романдын «Кандуу жылдар» деген ат менен чыккан биринчи китеби ошол кездеги тарыхка туура эмес мамиленин, тоталитардык режимдин айынан сатуудан толук бойдон алынып ташталган. Себеби, өз мезгилинде романга ар кандай күнөөлөр коюлган. Зор тарыхый окуяларга арналган чыгарма ар кандай пикирлер, сындар, талаш-тартыштарды көп туудуруп, көп маселелерди кайрадан иликтөөгө, тактоого, кайра жазып чыгууга туура келген. Сюжетти толук сактоо менен экинчи бөлүгүн кошуп, 1962-жылы «Таң алдында» деген ат менен бастырып чыгарган.

Түшүмдөй бир мун күндү элестетем,
Ал эмес жаш жүрөккө баткан бекем.
Жүрөктүн ошондогу тагын алып,
Ар кимдин жүрөгүнө сүртүп кетем.
Сүртүп кетем,
Бепбекем,
Бекемдетем,
Ал күндү көрбөгөнгө таасир этем, –

деп автор өзү айтып жаткандай, кыргыз эли башынан кечирген улуу трагедияны көркөм сөздүн күчү менен элине тартуу кылуу болгон.



Бирок «Кандуу жылдар» менен «Таң алдындагыны» салыштырып болбойт. «Таң алдында» романына тоталитардык режимдин чек коюучулук рамкасы таасирин тийгизгендиктен, биринчи китептеги *(«Кандуу жылдар»)* трагедиялуу сценалар бир топ эле жумшартылып *(смягченно)* берилген. Бул романда А. Токомбаев зор трагедиялык көрүнүштөрдү адамдын көз жашы аккандай ачык сүрөттөгөн. Анткени мунун баарын өз көзү менен көрүп, кулагы менен угуп, башынан өткөргөнүн жана даректүү *(адресные)* документтерди үйрөнүп, аларга таянып жазганы да байкалат. Мисалга алсак: күч-кубаттан ажырап алсыраган *(обессилевшие)*, ач-жылаңач качкындарды, алардын ак кар көк музда тоңуп, айрымы мөңгүнүн жаракасына кулап түшүп өлүп жатканын, наристенин *(младенец)* энесинин эмчегин тиштеген бойдон көз жумганын, бешиги менен сууга аккан бөбөктөрдү, жакындарынан ажырап боздогондорду *(рыдающих)*, желдеттердин миңдеген күнөөсүз, куралсыз кыргыздарды балта, айры *(вилы)* менен өлтүрүп, жазалоочу *(карательный)* отряддын желдеттери кичинекей балдарды момпосуй көрсөтүп, алдап чакырып алышып, мылтыктын шишине сайып, көккө ыргытып тамаша кылгандарын окуш өтө кыйын.

Алгач Чүйдөн башталган козголоң акырындап жүрүп отуруп бүтүндөй кыргыз элин камтыйт. Колдорунда чокмор, союлдан башка куралы жок байкуш эл акыры замбирек, пушкадан тартып, колдорунда беш атар мылтыктары бар орустардын кысымына чыдабай *(не выдержав натиска)*, бир четинен жергиликтүү бай-манаптардын чыккынчылыгынан *(из за предательства)* сүрүлгөн бойдон Ысык-Көлдү айлана Кытайды көздөй качат. Ошондо мөндүрдөй жааган октон бечара кыргыздын каны суудай акты. Канчасы ач белде, ээн жолдо кырылса, Текес-Кашкар жана Турпанда ачкачылыктын айынан бир жалам талкан үчүн сулуу кызын, баласын сатышты.

Бул романда ошол азаптуу кыргыз турмушун, трагедиясын гана сүрөттөбөстөн, кыргыздын баатырдык тарыхын, достук, сүйүү темасын да камтыйт. Мисалы, романдагы Алымкулдун Гүлжамалга ашык болгон казалы *(стихи)* эл арасында азыр да ырдалып жүрөт.

Табышың күмүш үнүндөй,
Таасириң жаздын күнүндөй.
Таалайга жалгыз бүткөнсүң,
Талаанын кызыл гүлүндөй.
Кашың бар, сонун чийгендей,
Калемдин учу тийгендей.
Кайгыны жазар жан эркем,
Кайрылчы мага, ийменбей.

1967-жылы Аалы Токомбаевге бул романы үчүн Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты деген ардактуу наам берилген.

**Романдын башкы оң каармандары:** Алымкул, Антон, Жунуш, Мурат ж. б. карапайым эмгекчи эл.

**Алымкул** – романдын башкы каармандарынын бири. Ал көтөрүлүштүн активдүү уюштуруучусу. Кедей үй-бүлөдөн болсо да, жашынан намыскөй *(честолюбивый)*, тың *(шустрый)*, адилетсиздикке каршы күрөшкөн тайманбас *(отважный)* жигит. Анда баатырга таандык шашмалык, чынчылдык, ак ниеттүүлүк *(доброта)*, адамды баалай билген бооруkердик, акылдуулук бар. Сүйүүгө да бекем. Жаш кезинен эле Иван, Антон, Андрей деген орус кедейлери менен чогуу иштеп, алардан да көп нерселерге үйрөндү. Айрыкча, сүргүн *(ссылка)* анын көзүн ачты. Алымкулдун образы аркылуу революцияга чейинки эзүүчүлөргө карата жек көрүү сезими ойгонуп, күрөшкө чыккан карапайым *(простой)* кыргыздарды түшүнөбүз. Эч ким таамай, ачык каршылык көрсөтпөгөн Төлөккө Алымкул тайманбастан ага каршы чыгат. Ал өмүрүнүн акырына чейин эркиндик, боштондук үчүн душмандар менен салгылашты *(сражался)*. Бардык өмүрүн элдик ишке сайган жигит өлүп бара жатканда да эл жөнүндө ойлойт.

**Антон** – кыргыз элин сүйгөн, салтын баалаган, билимдүү, келечекти көрө билген, ишенимдүү адам. Эркиндик үчүн күрөштүн оор жүгүн көтөрүп, эмгекчи элдин тап сезиминин ойгонушуна жардам берүүчү, орус элинин алдыңкы ой-пикирдеги жана революциячыл идеяны кыргыз жергесине алып келген уулдардын бири. Антондун образы орус эли менен кыргыз элинин улуу достугун күбөлөгөн символ.

Чыгармада Мурат карыя эл акылчысы, аксакалы, ары салабаттуу, көптү көргөн акылман, карапайым элдин муңун ырдаган ырчысы катары сүрөттөлөт. Ал өзүнүн ырлары менен элге кайрат, жакшы мүдөө, үмүттилектерди берет.

**Жунуш** – жылдызы жарык, алдуу-күчтүү, жоомарт жигит. Элдин кызыкчылыгын дайыма өйдө коюп, эл камын ойлойт. Ал Алымкулдун шакирти, ишин улантуучу, кайраттуу, эр жүрөк адам.

**Романдын терс каармандары:** Чолпонбай, Жанай, Төлөк бий, приставдар, жазалоочу отряддын желдеттери, Фальбаум ж. б.

**Чолпонбай** – жергиликтүү эзүүчү таптын өкүлү, өз кызыкчылыгы үчүн бардыгына даяр. Ал орус падышачылыгынын кыргызга каршы камчысы катары кызмат кылат, керек болсо жазалоочу отрядга кошулуп, карапайым элдин канын төгүүгө да даяр.

**Жанай** – Чолпонбайдан калышпаган, элди болушунча эзип, өлүмгө дуушар кылгандардын бири. Терс каармандардын ичинен өзгөчө митаамдыгы, ач көздүгү, эки жүздүүлүгү, кара өзгөйлүгү менен айырмаланган – Төлөк бий. Ал дайыма карапайым элдин момундугунан пайдаланып, өз максатын ишке ашыруу үчүн эч нерседен тартынбаган эзүүчү таптын өкүлү. Өзүнүн керт башынын кызыкчылыгын гана ойлоп, ар кандай ыплас иштерге баруудан да кайра тартпайт.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**тарыхка туура эмес мамиле** – не правильное отношение к истории. В то время не могли высказать свое мнение о произошедшем. Имеется ввиду мятеж 1916 года



**тоталитардык режим** – тоталитарный режим *(ограничения, запрет)*
**мондүрдөй жааган октон** – от пуль *(как град)*
**каны суудай акты** – потекла кровь как вода
**бир жалам талкан** – за щепотку толокна
**көзүн ачты** – раскрыл глаза

■ **улуттук-боштондук күрөшү** – национальная борьба за свободу
**кемчиликтери** – недостатки
**ээлеп калды** – заслужил, завоевал, занял
**сейрек көрүнүш** – редкое явление
**типтүү кырдаалдарда** – в типовых ситуациях
**чагылдыруу** – отражать
**байытты** – обогатил
**мамиле** – отношение
**кесепети** – результат
**айрым** – некоторые
**тактоолор** – уточнение
**жаңылык** – новшество
**күнөө** – вина, обвинение
**талаш-тартыш** – спор
**иликтөө** – определять, исследовать
**чек коюучулук** – ограничение
**алсыраган** – обессилевший
**качкын** – беженец

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Бул тексттен эмнени билдик?
2. Романда кайсы мезгил сүрөттөлгөн?
3. Тарыхый окуя жөнүндө эмнени билесиңер?
4. Китептин сюжеттеринде чындык айтылганбы?

**Үй тапшырма.**

Текстти айтып берүүгө даярданып келгиле. Сөздүктү жаттагыла.

## Кандуу жылдар (Таң алдында)

*(Романдан үзүндүлөр)*

**Үзүндүнү кунт коюп уккула, суроолорго жооп бергиле.**

* * *

Бир кезде, жаркылдаган кылыч жайнап,
Көп элди кырып кирди малдай айдап.
Куралсыз көч үстүндө толгон карып,
Канткенде, чын ажалга кылсын кайрат?..

***Кимдер кайсы элдерди, кимдер кырып кирди?***

Кылычтар эсеби жок канга батты,
Дарбыздай эчен баштар кулап жатты.
Чыңырып тигил жакка качкан менен,
Кандардан майда-майда булак акты.

***Кимдердин каны төгүлүп жатат?***

Кең талаа, жан талашкан чууга толуп,
Ийменбей, адам канын шимип соруп.
Топурак, кызыл камыр түрүн алды,
Жуурулуп, тепсендиде ботколонуп.

***Эмне үчүн топурак кызыл болду?***

**карып** – бедняк
**ажалга** – смерти
**чыңырып** – с визгом
**булак** – источник, родник
**ийменбей** – не стесняясь
**тепсендиде** – таптать

Солдаттар карышкырдай кыргын салып, — **кыргын салып** – истребляли
Эрдемсип аккан канга мооку канып.
Ойношот тилгилешип, аял ичин,
Боорунан жаш балдарын илип алып.

***Кайсы солдаттар жөнүндө сөз болуп жатат?***

* * *

Атаман бир сулуу кыз көрө салып,
Карматты өлтүрбөстөн жакын барып,
«Сен сонун, өлбөй бизде каласың!» – деп,
Сүйлөдү сулуу кызга тилмеч салып. — **тилмеч** – переводчик

***Атаман кызды эмне себептен тирүү калтырды?***

Көзүнөн кандуу жашын агызган кыз,
Жулкунуп, атырылып, адаттан тыш.
Менсинип, төшүн көргөн атаманга, — **менсинип** – гордясь
Сүйлөдү, абал мурун көрсөтүп мыш:

***Кыз өлбөй калганына сүйүнөбү?***

«Сөзүм жок, жан алгычтар, бөтөн айтар, — **бөтөн** – чужой
Тезирээк жүрөгүмө урсун канжар,–
Мен сонун, өз колуңда калар болсом,
Жандарын өлгөндөрдүн азыр кайтар?!
Мен калып, силер менен оңгум келбейт,
Душмандар оюнчугу болгум келбейт.
Мына бул көздөн аккан жаш булагын,
Тамызбай, тирүү жүрүп, соргум келбейт.

***Эмнеге кыз тирүү калгысы келбейт?***

Ар кайда, намыс кайда, тилмеч агаар, — **намыс** – честь, совесть
Уялбай, ушул сөздү айттың мага!
Кыргызды кызыл канга душман жууса!
Ушинтип, элин саткан, наалат сага! — **наалат** – проклятие
Кыргызда жети атаңдын куну болсо,
Мен дагы айыптуумун, сойгун кошо,
Аракты, чочко менен актап жепсиң
Кыргыздын душманысың сөзүм ошо!»

***Кыздын тилмечке наалат айтуусунун себеби эмнеде?***

Дегенде, чыдай албай тилмеч барып,
Денеден башын алды кылыч салып,
Пристав: «Ай шайтан!» – деп кол шилтеди,
Мээримсиз лапсизине жетпей калып. — **лапсизине** – желанию

***Тилмеч эмнеге арданды?***

* * *

Чектин четин аралап,
Кыйналган элди жаралап.
Замбирек огу күркүрөп, — **күркүрөп** – гремя



Пулемет кирди сабалап... — **сабалап** – стреляя без остановки

***Кайсы чек жөнүндө сөз болуп жатат?***

Жыландай сүрдүү солдаттар,
Шар сууга кирди камалап.
Кытайдын чегин кайтарган,
Черүүлөр качты сабалап... — **черүүлөр** – китайские пограничники

***Кытайдын черүүлөрү эмнеге качышты?***

Күкүктөп жаткан тереӊ шар,
Көз чыдагыс бийик жар. — **көз чыдагыс** – не окинуть взором
Чайпалган элге туш келип,
Бутактап өстү кайгы зар. — **бутактап** – разветление

***Элдер эмнеге кайгыга батты?***

Алсырап турган эл боздоп,
Түшүмбү, деди оӊумбу?
Тили бардан тилсиз жоо, — **тилсиз жоо** – молчаливый враг
Ырайымдуу көрүндү.

***Тилсиз жоо эмне себептен ырайымдуу көрүндү?***

Күргүчтөп, күчтөп жаткандай,
Толкунга толкун төгүлдү,
Аттуу, жөөлүү дебестен,
Кандуу сууга чөмүлдү.
Алдуулар балдак ургулап,
Алсыздар агып көмүлдү…

***Аман калгандар болдубу?***

Арасында ар бир жан,
Алдастап «акка» — **жалын атта** – по поверию
Жалын атта туралбай, — (**ак** – святое, чистое)
Мээлери ташка чабылды.
Жанагы турган тирүү жан,
Өлүмдүн атын тагынды.
Мактангансып көйрөӊ шар, — **көйрөӊ** – хвастун река
Үстү-үстүнө чамынды...

***Суу эмнеге мактангансыды?***

Куланып калың элечек,
Калкыган муздай көрүндү.
Баласы менен энеси,
Эрксизден эки бөлүндү. — **эрксизден** – без вольно
Бир чаңырып жок болуп,
Шарынан шарга чөмүлдү.
Мүрзө казып көмүлбөй,
Ак баштан кандар төгүлдү.
Тарых көрбөй калчудай, — **көрбөй калчудай** – не увидят
Чындыгы менен төгүндү. — **төгүндү** – ложь

***Тарых эмнени көрүш керек эле?***

Ала салып калдактап,
Жүктөрү менен мал акты.
Куу сакалы сербеңдеп,
Жыртайган, алсыз чал акты.
Иримге сүңгүп айланып, **иримге** – бурный поток реки
Бешиги менен бала акты.

Он-ондоп өргөн жибек чач,
Обу жок сулуу кыз акты. **обу жок** – игривая
Колунан көөрү төгүлгөн,
Укмуштуу чебер уз акты. **чебер уз** – рукадельница

***Кутулууга мүмкүнчүлүк бар беле?***

Бөгөгөн көпкө бой бербей, **бөгөгөн** – преграждающий
Тентек шар терип узатты.
Казан аяк калдырап,
Бирине бири урушту.
Кереге, уук шалдырап,
Эрксизден моюн сунушту. **моюн сунушту** – подчинились
Ок жаадырган желдеттер,
Тамаша кылып турушту.
Коркунучка чыдабай,
Чуу менен иттер улушту. **улушту** – выли

***Бул көрүнүшкө адамдын жана айбандын мамилеси кандай болду?***

■ **улуттук-боштондук көтөрүлүш** – национально-освободительное восстание
**жаңылык** – новшество
**күнөө** – вина, обвинение
**талаш-тартыш** – спор
**иликтөө** – определять, исследовать
**чек коюучулук** – ограничение
**алсыраган** – обессилевший
**качкын** – беженец

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. А. Токомбаевдин бул чыгармасы эмнеге дуушар болгон, эмне үчүн?
2. «Кандуу жылдар» кыргыз поэзиясына кандай жаңылык киргизген?
3. Бул романдагы тарыхый фактылар чындык деп ойлойсуңарбы?
4. Эмне себептен «Кандуу жылдар» кийин «Таң алдында» деп аталган?
5. Романдан берилген үзүндүлөрдү көркөм окугула.
6. Ар бир үзүндүнү окуп, которуп мазмунун түшүндүргүлө.

**Үй тапшырма.**

Чыгарманын акыркы бөлүгүнө долбоор тартып жактоо.



1. **Өтүлгөн темалар боюнча жазуу иши.**
2. **Кайталоо.**

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Тоголок Молдо ким?
2. «Куштардын аңгемеси» чыгармасында эмне жөнүндө айтылган?
3. Акындын бул чыгармадагы негизги максаты?
4. «Жер жана анын балдары» поэмасынын идеясы эмнеде?
5. Талаштын чечилиши?
6. Кыргыз жазма профессионал адабиятынын жаралышы жана өнүгүшү?
7. Проза, поэзия, драматургия качан жаралган?
8. Касым Тыныстанов ким?
9. Кандай инсан болгон?
10. «Ала-Тоо» чыгармасы кандай мазмунда жазылган?
11. Касым Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасынын мазмуну эмнеде?
12. Баатыр кыздын тагдыры кандай болот?
13. Аалы Токомбаев ким болгон?
14. Кандай чыгармалары бар?
15. «Кандуу жылдар» чыгармасында кайсы кездеги окуялар сүрөттөлөт?
16. Бул окуялар кандай сүрөттөлгөн?

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Проза** (*лат.* – эркин сөз маанисинде) – ырга мүнөздүү болгон уйкаштыктар, саптар сакталбай, эркин кара сөз түрүндөгү чыгармалар. Прозага роман, повесть, аңгеме, очерк жанрлары мүнөздүү, алар кара сөз менен жазылып, сөзсүз көркөмдүүлүккө ээ болушу зарыл. Поэзияга көбүнчө лирикалуулук жана эмоциялуулук тиешелүү болсо, прозага көбүнчө эпикалуулук мүнөздүү. Кыргыз элдик оозеки адабиятында прозалык чыгармалардын үлгүлөрү *(элдик жөө жомоктор, санжыралар, легендалар)* – поэзияга караганда анчалык өнүкпөгөн болсо да, жашап келген. Жазма адабияттын пайда болушу менен кыргыз прозасы өстү, өнүктү, орус жана чет элдер, боордош улуттардын адабияттарынын таасири астында прозанын жаңы көрүнүштөрү пайда болду, мүмкүнчүлүктөрү алда канча кеңиди, жалпы адабиятыбызда омоктуу орундары бар мыкты чыгармалар жазылды. Мисалга алсак, К. Баялиновдун «Ажар», «Көл боюнда» Ч. Айтматовдун «Жамийла», «Гүлсарат», «Саманчынын жолу», Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери», «Адам болгум келет» ж. б.



# Касымалы Баялинов

## (1902–1979)

Кыргыз профессионал адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири, тунгуч прозачы Касымалы Баялинов 1902-жылы Ысык-Көл областынын Көк-Мойнок деген жеринде орто дыйкандын *(у середняка)* үй-бүлөсүндө туулган. Эки жашка чыкканда энеси Жөргөлөк, тогуз жашка чыкканда атасы дүйнөдөн кайтып, ал томолой жетим калат. 1916-жылдагы козголонго байланыштуу, качкан кыргыздар менен бирге Кытай жерине келет.

Жазуучунун революцияга чейинки өмүр жолу кыргыз жазуучуларынын улуу муундагы *(у старшего поколения)* өкүлдөрүнүн көпчүлүгүнүн өмүр жолундай эле 1916-жылдагы кыргыз элинин Улуттук-боштондук кыймылына туура келген. Мына ушул учурдагы турмушун жазуучу өзүнүн акыркы жылдарында жазып бүткөн «Кыйын өткөөл» деген автобиографиялык повестинде кеңири чагылдырылган.

Жетимдик турмуш жаш Касымалынын жүрөгүнө, көңүлүнө кеткис из *(незабываемый след)* калтырат. Көп кыйынчылыкты башынан өткөрөт. Падыша өкмөтү кулагандан кийин эки инисин жетелеп, эл менен бирге Касымалы да Мекенине жөнөйт. Бир иниси жолдо ачкалыктан каза болот, экинчи инисин ээрчитип, Ат-Башыга келет. Ат-Башыдан Кочкорго, андан Токмокко келип, инисин балдар үйүнө киргизет. Өзү орус, өзбек кулактарына малай болуп күн өткөрөт. Кийин ал ат багуучу, кароолчу, кагаз ташуучу, милиционер болуп иштейт. 1919-жылы Токмок партия комитети Ташкендеги алты айлык курска жиберет. Окуусун бүткөндөн кийин Нарын шаардык комсомолдук кызматка жөнөтүлөт да, комсомол уюмдарынын уюштуруу иштерине активдүү катышат. 1920-жылы Ташкендеги мугалимдердин алты айлык курсуна кирет да, аны бүткөндөн кийин Алматыдагы казак-кыргыз агартуу *(просвещения)* институтунда окуп, аны 1925-жылы бүтүрүп чыгат.

Ал андан кийин Москвадагы СССР элдеринин Борбордук басмасынын кыргыз секциясына редактор болуп дайындалат. Кийин ал Кыргызстан мамлекеттик басмасынын башкы редактору, кыргыз главлиттин начальниги, «Ысык-Көл правдасы» газетасынын редактору, «Ала-Тоо» журналынын башкы редактору, 1949-жылдан 1953-жылга чейин Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкармасынын төрагасы болуп эмгектенген. 1968-жылы Кыргыз ССРинин Эл жазуучусу наамы ыйгарылган. Атактуу жазуучу жана коомдук ишмер катары эмгеги жогору бааланып, эки жолу «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган. Касымалы Баялинов 1979-жылы 77 жашында каза болгон.



К. Баялинов да чыгармачылык ишин ыр жазуу менен 1920-жылы Алматы шаарында окуп жүргөндө баштаган. Анын алгачкы ырлары «Жетер бекем максатка», «Биз ким элек, ким болдук» казак тилинде чыгуучу газеталарга жарыяланган. Кийин ал биротоло прозалык чыгармаларды жазууга өттү. Анын алгачкы прозалары: «Эсиң барда этегиңди жап» аттуу макаласы, «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» деген аңгемелери ж. б. 1928-жылы кыргыздын реалисттик прозалык чыгармаларынын саамалыгы болгон «Ажар» повестин жарыкка чыгарат. Бул повесть кийин орус, англис, чех, француз, немец тилдерине которулат. Мындан башка жазуучунун «Мурат», «Бактылуу жылкычы», «Ал эми жетим эмес» ж. б. аңгемелери, «Көл боюнда», «Курман жылга» аттуу повесттери, кыргыз тарыхый романдарынын көрүнүктүүлөрүнөн болгон «Боордоштор» үчилтиги *(трилогия)*, «Кыйын өткөөл» аттуу автобиографиялык чыгармасы жана көптөгөн очерктери кыргыз жазма адабиятынын ийгилиги десек болот. Ал А. С. Пушкиндин, М. Ю. Лермонтовдун, М. Горькийдин, Г. Башировдун, Кави Наджиминин чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

- **томолой жетим** – круглая сирота
- **башкармасынын төрагасы** – председатель управления
- **кулагандан кийин** – после свержения
- **ачкалык** – голод
- **уюм** – организация
- **агартуу** – просвещение
- **басма** – издательство
- **ыйгарылган** – присвоен
- **биротоло** – полностью

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. К. Баялинов кыргыз адабиятына кандай жаңылык алып келген?
2. Анын ийгиликтерине эмнелер түрткү болгон?
3. Чыгармачылыгынын өркүндөшүнө эмнелер таасир эткен?
4. Анын прозалык чыгармалары эмнеси менен баалуу?

**Тапшырмалар.**

Жазуучунун өмүр баяны, чыгармачылыгы боюнча хронологиялык карта түзгүлө.

## Касымалы Баялиновдун «Ажар» повести

Кыргыз элинин турмушундагы кыйын кырдаалды *(сложную ситуацию)* көрсөткөн чыгарма – «Ажар» повести.

Касымалы Баялиновдун чыгармачылыгында биринчи жолу 1928-жылы араб тамгасы менен басылып чыккан «Ажар» повести айрыкча орунда турат.

Падышачылык Россиянын жана жергиликтүү феодалдардын ээзүүсү революция болордун алдында эрк талашкан элди кандай кайгылуу күнгө салгандыгын, жазыксыз адамдар кандайча эркиндиктин курмандыгы болгондуктарын Ажар баш болгон каармандары аркылуу бул повесть бүт дүйнө элине ашкерелеген.

К. Баялиновдун белгилүү прозаик катары таанымал кылган дал ушул чыгармасы болду. Повестте жазуучу 1916-жылдагы кыргыз элинин бош-

тондук кыймылын, кедейлердин оор абалын, колдон-колго өткөн кыргыздын кызы Ажардын кайгылуу тагдырын көрсөтөт. Чыгармага Айткулу, Батма, Козубек, Жапаркул, Көбөгөн сыяктуу эл өкүлдөрү, айыл манабы Сагын, көтөрүлүштүн алдында хандыкка көтөрүлгөн Жакыпбек, уйгур байы Сабитахун, дунган байы Чыр сыяктуу эзүүчү таптын өкүлдөрү катышат.

Революциянын алдыңкы жылдарында кыргыз эмгекчилери кош эзүүдөн жапа чегип, экономикалык жактан аябай начарлады. Падышалык өкмөт тылга кызмат кылыш үчүн кыргыздардан солдат ала баштады. Солдатка жалаң Айткулу сыяктуу жалаң гана кедейлерди жиберип жатты. Бай-манаптар балдарын пара берип алып калып жатышты. Мындай зомбулук *(насилие)* жана оор турмуш акыры элдик көтөрүлүшкө алып келди. Куралжараксыз жана уюштургуч жетекчисиз көтөрүлүшчүлөр падыша солдаттарынан бат эле жеңилишип, Кытай жерине качууга аргасыз болушту.

Сагын, Жакыпбектер, эркиндик үчүн болгон элдин күрөшүн диндик-газаватка айландыргылары келип, анын максатын такыр башка жакка бурушуп, жеңилип бара жаткан элди кызылдай окко тосуп беришти. Ушундай согушта Ажардын атасы Айткулу окко учту. Батма да Ажарды жалгыз өгүзүнө отургузуп, үрккөн эл менен кошо Кытайга жөнөдү. Көп кыйынчылык, азап-тозокторду башынан кечиришип Кытай жерине келишти. Бирок ал жерде андан да оор турмуш башталды. Бир жагынан суук, экинчи жагынан ачкачылык кыйнагандыктан, кыргыз кыздары колдон-колго өтүп, арзан баага сатылып, кээ бирлери бир кап жүгөрү унга сатылып жатты. Ажардын апасы Батма катуу ооруп жатып каза болду, Ажарды Козубек аттуу тууганына тапшырды. Козубек өз үй-бүлөсүнүн кызыкчылыгын ойлоп, бир чети Сабитахундун карызынан кутулуу үчүн, Ажарды бир эшек, үч зээр акча жана бир кап унга сатты да, Какшаалга көчүп кетти. Ажар алгач чочуркап *(не привыкая)*, анын үстүнө ата-энесин сагынып жүдөдү. Бир жылдан кийин Ажар он бешке чыкты. Татынакай келбети Сабитахундун кошунасы Чыр деген дунган байын кызыктырып, Ажарды үчүнчү аялы кылып алмак болду. Чыр алтымыш зээр *(монета, деньги)* акчага Ажарды сатып алды. Ал жакка барганда деле жыргап кетпеди, күндөш байбичелер ага күн көрсөтпөдү, бир жагынан атасынан да бир топ жаш улуу адамга аял болуу жаш кызга өтө оор сезилди. Акыры бул кордукка чыдабай, ал түн жамынып Какшаалды көздөй качып чыгып, орто жолдо ач карышкырларга жем болду.

Ажардын тарыхы – тагдырына моюн сунуп калбай, кол куушуруп отуруп албай, азаптуу турмуштан кутулуу үчүн өлүмгө башын байлаган ондогон кыргыз кыз-келиндеринин тарыхы.

Ал – кыргыз элинин Улуу Октябрь социалисттик революциясынын алдындагы эркиндик *(свобода)* жана теңдик *(равноправие)* үчүн болгон күрөшү.

Мына ушул күрөш «Ажар» повестинде чыгарманын башкы каарманы, эркиндик эңсеген кыргыздын кызы Ажардын башынан өткөргөн окуяларынын негизинде, ошол кыргыз кызынын элестүү жана аянычтуу образы аркылуу иш жүзүнө ашырылган.





Кыргыз элинин мына ушул эркиндик үчүн болгон күрөшү, Ажар сыяктуу кызы өлүмдөн да кайра тартпай, боштондук үчүн, теңчилик үчүн умтулушу «Ажар» повестинин сюжетин жана идеялык-тематикалык негизин түзөт.

**Ажардын образы.** Эне да, бала да кайтып өз элине кошулбай, атыр жыттуу Ала-Тоосун көрбөй, бал татыган тунук булагынан ичпей калды. Батма менен Ажардын бул тагдыры – революцияга чейинки ондогон кыргыз аялдарынын тагдыры. Батмага окшоп бир чөйчөк талкан же бир боо куурай үчүн өз өмүрүн берген кыргыз аялдары аз эмес.

Ал эми Батманын өлүмү аянычтуу. Бар болгону бир боо куурай анын өмүрүнө барабар турду. Турпандык соодагерлердин эшик, терезесиз ат кепеси, бир чөйчөк кожөсү, бир кайнатым чайы, ал гана эмес бир боо куурайы үчүн шордуу качкындар өмүрүн баалады.

Өз кара жанын сактап энеси ишенип таштап кеткен карындашын бир чөйчөк талканга алмаштырган Козубек менен жеңесинин адамдык сапатынын начардыгын көрсөтөт.

Өз элин эзген Сагын манап сыяктуу байлар терс каармандар болуп эсептелет.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**кыйын кырдаалды** – сложную ситуацию; Во время мятежа была сложная ситуация
**эрк талашкан** – хотели свободу, независимость
**эркиндиктин курманы** – жертва свободы. Многие невиновные стали жертвой свободы
**боштондук кыймылын** – борьба за свободу
**курал жараксыз** – безоружные; Кыргызы были безоружны
**уюштургуч жетекчисиз** – нет организатора руководителя
**диндик газаватка** – к религиозным лозунгам; Молдо хотели использовать народное возмущение в своих целях
**колдон-колго өтүп** – передавали из рук в руки. Девушек передавали как товар
**моюн сунуп калбай** – не подчинилась. Девушки не соглашались с такой участью
**эркиндик энсеген** – свободолюбивую
**бал татыган тунук** – Прозрачный сладкий родник; не испили из родника своей земли
**шордуу качкындар** – горемычные беженцы; Убегая от солдат царя кыргызы стали беженцами

■ **падышачылык** – царство
**жергиликтүү** – местный
**эзүүсү** – угнетение
**эрк** – воля
**кайгылуу** – скорбный, печальный
**жазыксыз** – невинный
**эркиндик** – свобода
**курманы** – жертва
**каармандары аркылуу** – через героев
**дүйнө элине** – народам мира
**ашкерелеген** – сообщал, представил
**жат** – совсем чужой
**теңтуш** – ровесник
**пара** – взятка
**уюштургуч** – организатор, лидер
**окко учту** – застрелен
**кызыкчылык** – интерес
**зээр акча** – монеты *(деньги)*
**жем болду** – стала жертвой
**бейит** – кладбище
**үшкүрүк** – вздох
**алачык** – шалаш
**буркурап-боздоп** – рыдая
**кутказ** – спаси
**үркүн** – переполох, мятеж
**эзүүчү тап** – угнетатели
**кордук, зомбулук** – насилие



# Ажар

*(Үзүндү)*

## 1

...Калың бейитти бет алган жалгыз аяк *(тропинка)* жол менен үч аял келе жатышты. Бирөөнүн үстүндө шайы, ала чапаны бар; жоолугу бош ийинине түшүп, башы жыланбаш; аягында кепич, маасы; өңү саргайыңкы, жүдөңкү, ак жүзүнүн көркү кетип, көзүнүн алды карарган. Жашы 15-16 чамасында, сенделип *(еле идет)* буту араң гана шилтөөгө келип, муңдуу жумшак көз жашы тыйылбай, үшкүрүгү таш жарат. Бул – биздин азыркы сөз баштамакчы болуп олтурган Ажар деген кыз болуп, беркилери – Ажарга жолдош болуп чыккан ошол жердик аялдар. Булар, кедейдин алачыгына окшоп, көп бейиттин четинде турган бир кичирээк мүрзөгө келип токтошту. Ал Ажардын энесинин мүрзөсү.

Ажар мүрзөнү көргөндө токтоп тура албай, мүрзөнү кучактап, буркурап-боздоп ыйлап жиберди.

– Жаным, апа! – деди Ажар.

Үн жок... Жымжырт...

– Жаным, апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жетимсиреп, артыңда калган жалгызың келип, жалооруп *(жалуясь)* жаныңда олтурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, ая! Жалгызың бүгүндөн баштап, ата-бабасы таанылбаган бөтөн журттун *(чужеродного)* бирөөнө башы байланганы, ага сатылганы жатат. Андан кутказ, ал азапты көрсөтпө, койнуңа ал, ач койнуңду!..

Сенин өлгөнүңө кайгылуу болуп, кан жутуп, сабыркап, санаа тартып жүргөн кезимде, багат-көрөт деген тууганың мени бул күнгө түшүрүп, бир жат кишиге сатып кетип, сай-сөөгүмдү сыздатты, зарлантты, муңдантты, мага да өлүм керексинтти *(призвал к себе)*.

Бирок, сага берген ажалды кудай мага ыраа көрбөдү. Жасаган ай, мунуң эмне? Анык бар болсоң, мени эмне көрбөдүң?

Кантейин, эң болбогондо, теңтуш болсо, кыздын барар жери күйөө дегендей, жаттыгына карабай, «мейли» деп коёт элем. Бирок ал, маркум атамдан да карыган киши экен. Ага канткенде барам? Кантип аны өмүрлүк жолдош кылам? Андан канткенде кутулам? Кимден кеңеш, кимден жардам сурайм? Айт! Айт, апа! Мага айла тап! Менин сенден башка барар жерим, таянар тоом, жашынар караган – бутам калбай калды. Бирок сен, апа, жоксуң... Сен боору суук кара жердин койнунда, түбөлүк уйкуда жатасың... – деп, боздоп Ажар ыйлады. Көзүнүн жашы он талаа болуп, бетин жууду...

***Ыйлап жаткан ким?***
***Ал эмне себептен ыйлап жатат?***
***Эмне үчүн Ажар турмушка чыккысы келбейт?***

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**жетим тайлактай боздоп** – *срав.* плакала как верблюжонок без матери

**анык бар болсоң** – если и в правду ты есть. Имеется ввиду бог

**таяпар тоом** – *букв.* гора на которого можно упираться. Говорится о человеке на которого можно положится

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. «Ажар» повестинде жазуучу кайсы окуяны көрсөтөт?
2. Үркүн эмне себептен келип чыккан?
3. Ажардын трагедиялуу тагдырынын себеби эмнеде?
4. Ажардын монологун көркөм окуп, жаттап алгыла.
5. Мазмуну повестке окшош чыгармаларды атагыла.

**Үзүндүнү токтоп окутуу. Окуучулардын ой-пикирин угуу.**

... Ажар бир аз жол жүрүп келе бергенде арт жагынан көп нерсенин созултуп улуганы, үргөнү угулду. Алар Ажарга жакындай баштады. Ажардын жүрөгү опколжуп, дүкүлдөп, алып учуп, оюна ар түрдүү коркуу сезимдери келди.

***Ажар эмнелердин улуганын укту? Силер да коркот белеңер?***

Бир мезгилде Ажардын айланасына карышкырлар толуп кетти. Баары да ач, кабыргалары саналып, кынжыйып, эң эле арык, тилдерин салаңдатышып кыңшылашып, Ажарды камап алышты.

***Ажар корктубу? Эми эмне айла кылат деп ойлойсуңар?***

Ажар коркту. Ыйлап жиберди. Жан деген кыйын го, жанын коргоп, жерден тырмалап таш алып, туш-тушуна ыргытты. Качты, жүгүрдү... колу-буту ташка тийди. Айрылды. Кызыл ала болду. Шордуу ага карабай жаш денесинин алып учкан кызуулугуна берилип, жүгүрүп олтурду. Бирок илешкен жоо калчубу? Ажарды бура бастырбады. Кутказбады. Тийип, качып, алды-артын тороп, бир алтыганага камады.

***Байкуш кыз карышкырлардан кутулабы?***

Ажар жанталашып, жанын сыйпалап, жанынан жарты боо ширеңке тапты. Оттон карышкыр качат деген бала кезиндеги энесинен уккан сөз оюна түштү. Ширеңкенин бирөөнү тартып жиберди. Тегеректеп алган көп карышкыр, Ажардын колундагы жалындуу отту көрүп азыраак алыстады. Ширеңке өчтү... карышкырлар кайта качырышты. Айтор, эстен танган Ажар карышкырлар жакындап кирип келген сайын ширеңке тартып жатып, көбүн жерге чачып, ширеңкесинин аягына чыгып болду. Жалгыз гана бир тал ширеңкеси калды.

Шамалдай жанган жаш жаным, ушул ширеңке өчкөндө, сен да кошо өчөт экенсиң, мына эми өчөм, өлөм, карышкырга жем болом... – деди Ажар.



***Чын эле Ажар карышкырларга жем болобу?***

Ажар бирөө айткандай жанындагы алтыганага өрт койду. Алты ай жазы менен жаан көрбөй, күнгө куурап, араң турган алтыгана, ширеңке жанганда эле дүркүрөп асманга чыкты. Оттун жыландуу кызгылт ак шоолас учуп алып ыраакка кетти. Айланасындагы нерселерди койнуна алып, апайкын кылып бадырайтып, Ажарга көрсөттү.

***Карышкырлар өрттөн коркуп качып кетиштиби?***
***Ажар эми тирүү калабы?***

Карышкырлар жоголуп калышты, кеткендей, качкандай болушту. Ажар бир аз эсин жыяйын деди. Анын медери, жөлөгү жалгыз от. Андан чыккысы, кеткиси келбейт. Бардык үмүтү, тилеги, күн көрүү, өмүр сүрүү – ошол. Ошого байланышкан. От өчсө, от менен бирге Ажар да өчмөк.

От бастап, өчүүгө айланды. Кайтып алыстан карышкырлар улушту, жакындашты. Ажардын алдын-артын тороп, айлантып курчап алышкан.

***Окуя эмне болуп аяктайт деп ойлойсуңар?***

***Силер Ажардын ордунда болсоңор эмне кылат элеңер?***

**Үйгө тапшырма.**

Текстти айтып бергиле.

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Роман** (*франц.* – баяндоо; роман тилдеринде жазылган чыгармалар) – эпикалык түргө кирүүчү, турмушту ар тараптан кеңири жана жайбаракат сүрөттөөгө алган, каармандары көп жана алардын негизгилеринин образдарын ачуу үчүн бир канча эпизоддор киргизилген, композициялык түзүлүшү жана сюжети көп пландуу чыгарма. Роман бүткүл эпикалык жанрдын эң эле толук жана өзүнчө бүткөн жанры. Романдарды төмөндөгүчө топтоштурууга болот:

1. Турмуштук – социалдык романдар: «Тоо арасында», «Биздин замандын кишилери», «Майдан», «Каныбек», «Кандуу жылдар», «Кыямат», «Кылым карытаар бир күн» ж. б.
2. Тарыхый жана тарыхый темада жазылган романдар: «Сынган кылыч«, «Көк асаба», «Тарых эстелиги», «Бороондуу күндөр», «Абай жолу» ж. б.
3. Өмүр баяндык романдар: «Узак жол» ж. б.
4. Психологиялык роман: «Майдан» ж. б.



# Мукай Элебаев

## (1906–1944)

Таланттуу акын, чебер прозаик, драматург жана котормочу – Мукай Элебаев Ысык-Көл областынын Түп районундагы Чоң-Таш кыштагында 1906-жылы туулган. Жаш кезинен эле ата-энесинен ажырап, атасынын агасы Элебестин колунда калат. Жаштайынан эле орус, уйгур, дунган байларында малай жүрөт. 1916-жылы кыргыз көзголоңунда ага-туугандары менен Кытай жерине барып, 1919-жылы кайтып келет. Бул азаптуу, кыйын турмушу анын «Узак жол» аттуу чыгармасында толугу менен берилген. Малайлыктан колу бошобой жүрүп, 1921-жылы гана «Жаңы тартип окуусу» деп аталган мектепке кирет. Анан Каракол догу жетим балдар интернатына алынат.

Кийин Түптөгү Айыл-чарба мектебинде *(техникумда)* окуп жүрүп, чыгармачылык ишин баштады. Анын билимге болгон тилегин чагылдырган «Зарыгам» аттуу ыры алгачкы чыгармасы болду. Буга удаа бир нече тап күрөшүнө арналган ырлары жарык көрдү. 1926-жылы Фрунзедеги педагогикалык техникумга кирип, терең билим алууга умтулду. Орус классиктеринин чыгармаларын окуп, ойчул *(мыслитель)*, изилдегич *(исследователь)*, кылдат, сезгич *(чувствительный)* акын болууга жетишти. Казак адабиятын да мыкты билчү.

М. Элебаевдин биринчи ырлар жыйнагы 1931-жылы жарык көрүп, 1933-жылы «Майдан», 1936-жылы «Ырларынын толук жыйнагы» аттуу ыр жыйнактары басмадан чыгат. Акындын мындай эки-үч жылда бир гана ырлар жыйнагын чыгарышынын өзүнчө себеби бар. Ал жазуучулук ишке өтө жоопту караган. Турмушту үйрөнбөй, көп окубай, аны сезбей туруп жаза берүү жакшы натыйжа бербешин түшүнгөн.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде патриот акын фашизмге каршы күрөштү. 1943-жылы анын «Улуу марш» деген ырлар жыйнагы жарык көрөт. Бул жыйнактагы ырларында фашисттерди жок кылып, талкалап, төгүлгөн кан үчүн өч алууга үндөйт. 1943-жылдын ноябрынан 1944-жылдын май айына чейин согуш майданында болуп, Мекен үчүн курман болот.

М. Элебаев – элге кеңири белгилүү бир нече прозалык чыгармалардын автору. Анын «Узак жол», «Кыйын кезең», «Бороондуу күнү», «Зарлык», согуш убагында жазылган «Алыскы тоодон», «Соңку бир күн» деген чыгармаларын окурмандар сүйүп окушат.

Акын орус классиктеринин, чет өлкөлүк белгилүү жазуучулардын чыгармаларын которуп, кыргыз окуучуларын биринчи тааныштыргандардын бири. Ал А. С. Пушкиндин «Хандын өлгөн кызы жана жети баатыр жөнүндө жомогун», Л. Толстойдун «Ажымурат», Н. В. Гоголдун «Шинель», «Өлүк жандар», Ч. Диккенстин «Бастилия туткуну», Ж. Б. Мольердин «Зордоп үйлөнүү» чыгармаларын жогорку чеберчилик менен которгон.



М. Элебаев – Улуу Октябрь революциясынын натыйжасында жаңыдан өнүгө баштаган кыргыз жазма адабиятынын негизин түзүшүп, алгачкы кышын *(кирпичи)* коюшкан ардактуу акындарыбыздын биринен. Таланттуу сүрөткер жалындуу, учкул ырларын, көөнөрбөс көркөм дүйнөсүн элине калтырып кетти.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**көөнөрбөс көркөм дүйнөсүн** – неисчерпаемый художественный мир
**реалистик чыгарма** – реальное произведение; Происходящее в жизни

■ **козголоң** – восстание
**тилек** – желание
**умтулду** – стремился
**ойчул** – мыслитель,
**кылдат** – осторожно
**сезбей туруп** – не почувствовав
**өч алуу** – отомстить
**чет өлкөлүк** – зарубежный
**чеберчилик** – мастерство
**жалындуу** – пламенный

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. М. Элебаевдин бала чагы кайда жана кандай өткөн?
2. Анын залкар жазуучу болушуна эмнелер таасир эткен?
3. Акындын жазуучулук өнөрү башка акындардан эмнеси менен айырмаланган?
4. Анын кандай чыгармалары жана котормолору бар?

**Тапшырмалар.**

М. Элебаевдин жана К. Баялиновдун өмүрүн, чыгармачылыгын салыштырып, Венндин диаграммасын толтургула.
Акындын силер билген ырларынан көркөм айтып бергиле.

**Үй тапшырма.**

Жаңы сөздөрдү жаттап, суроолорго жооп бергиле.
Акындын өмүр жолу, чыгармачылыгы боюнча кластер түзгүлө.

## Узак жол

*(Романы)*

«Узак жол» – кыргыз элинин жакыр турмушун, таптык карама-каршылыктарын *(противостояние сословий)*, падышанын колониялык саясатына наразылыгын, Кытайга үркүшүн, кайра өз жерине келишин сүрөттөгөн автобиографиялык мүнөздөгү **реалисттик чыгарма.**

Чыгарманын башкы каарманы – **Мукай**. Бул романда автор өзүнүн башынан өткөргөн тагдырын: эң эле жаш кезинде ата-энесинен ажырап, топ жетимдер Элебайдын бир бир тууган агасы Элебестин колунда калышын; он төрт жандуу үй-бүлөнү багууга Элебестин чамасы жетпей, Мукайдын жаш кезинен кыргыз орус, дунган байларына малай жүрүшүн; алардын

көрсөткөн мамилесин; кордугун; зомбулугун; адам чыдагыс оор кыйынчылыктарын; бир жагынан орус падышасынын кысымын көтөрө албай мукураган кыргыз элинин абалын; экинчи жагынан жергиликтүү бай-манаптардын эзүүсүнө чыдабай, элдин көтөрүлүшкө чыгышын; Кытай жергесине качышын *(үркүшүн)*; жолдо көргөн азап-тозогун; Кытайда деле жыргап кетпей, ал жерден андан да оор турмушка кабылышын жогорку чеберчиликте сүрөттөп жазган. Ошондуктан Мукайды адабий чөйрөдө сөз менен келиштирип сүрөт тарта билген чебер сүрөткер *(искуссный художник)* катары баалашып, кыргыз адабиятында «Узак жол» романын улуттук прозанын мактанычы *(похвала)*, уюган алтыны *(слиток золота)* деп аташат.

Мукайдын «Узак жолу» – адилетсиздикке, теңсиздикке, зордукка, адамды кор кылган жакырчылыкка, жокчулукка каршы көтөрүлүш жана ошондой эле Мекенди, атуулдук сүйүүнү даңазалаган улуу чыгарма.

***Романдагы башкы оң каармандар***: Мукай, Бурмаке, Бейшемби, Байболот жана казак эмгекчилеринин образдары эзүүчүлөрдүн кысымына, зордукчулугуна баш ийип, келечегин жоготуп койгондордон эмес. Булар жергиликтүү эзүүчүлөрдүн жана орус падышачылыгынын баскынчылыгына каршы күрөшкөндөр, боштондукка, бейпил жашоого умтулгандар. Баштарынан оор, азаптуу турмушту кечиришсе да, кол куушуруп *(сложа руки)* отуруп калбай, эзүүчүлөргө каршы күрөш жүргүзгөндөр.

***Романда эмгекчи элди эзген терс каармандар:*** орус баскынчыларынын өкүлдөрү: пристав, Василий, Башарин, стражник – Чоңкол, кыргыз болуштары: Байзак, Ыбыке, старчын Карабай, бай Карып, жасоолдор: Чоңкурман, Балакурман, кытай байы, соодагер Мамирмазин ж. б. Булар кайда болсо да, өз пайдасы үчүн ар кандай ыплас *(грязным)* иштерге барышып, элди эзип, кыйнап келгендер.

## Узак жол

*(Романдан үзүндүлөр)*

### 1. Күнөө кимде?

(...) Бир күнү түшкө жакын апийимден келип, үйдүн жанында арыкка колумду жууп отуруп Байболотту көрдүм. Алдында мингени өзүнүн эзелки кашка айгыры. Бир жасоол айдап алыптыр. Экөө тең Ыбыкенин үйүнө келип түштү. Мында бир топтон бери пристав жаткан. Чоңкол да ушул чөйрөдө болчу. Пристав баягыда Карпыктын үйүнүн жанындагы топтун ичинен мен көргөн ачуулу пристав. Кыргыздын жайын жакшылап жаттаган.

Байболот атынан түшүп, үйгө киргиче мен аңырайып карап калдым да, кирип кеткенден кийин ошондо жүгүрүп бардым. Эшиктен кире берген жерден, төрдө, столдун үстүндө мурутун чычайтып *(с торчащими усами)* сурданып, бир кагазды тикийип тиктеп олтурган приставды көрдүм.



Чоңкол жок экен. Приставдын алдында, жерде, улуктун урматына кулдук кылып, жүгүнүп отурган кишилердей старчын, элүү башы сыяктуу бир тобу отурат. Карабай бар. Мен кирип барганда бирөө:

– Жүр ары! – деди эле, чегинип барып, эшиктин алдында туруп калдым. Приставдын оң кол жагында, столдо элден өзүнүн бөтөнчөлүгүн көрсөтүп тургандай, чалкалай тартып, чиренип Ыбыке олтурат. Байболот кирип барганда, бул мурутунан күлүп приставка карай:

– Таксыр, баягы тентегиңиз ушул, – деди.

Улук жалт карап алып, алдындагы кагазга сүйрөңдөтүп бирдемени жазып коюп, анан:

– Сен, доңуздун баласы, элди эмне бүлдүрүп жүрөсүң? Айтчы кана! – деди, оң колу менен столду таяна түшүп адырая калды. Байболот жаман шапалагын бүктөй кармаган бойдон боюн токтотуп, шашпай гана жай дабыш менен:

– Мен жазыктуу *(виновный)* болсом, айбымды тартайын. Абалы күнөө кимде, ошону акыйкаттагыла!.. – деди.

Пристав бирдеме дегени камданып келе жатканда, Ыбыке:

– Старчындарды сабап, списканы тартып алганыңды эмне дейсиң? – дей бергенде, Байболот жулуп алгандай:

– Тартып алганым ырас. Буга бизден бөлөк элдин түгү коробойт экен. Солдатка кетсек, бир көрөт экенбиз. Эгер силер элдин чын камкору болсоңор, калыстыгыңар кайда? Ошол спискада байлардын, жакшылардын балдарынан кирген бирөө барбы? Анысы аз келгенсип, макул болду деп биздин сыртыбыздан *(без нас)* пристав жазып, 17ни 19 кылып, 40ты 30 кылып каттап берип отурасыңар. Байлар болсо балдарын сатып калат экен.

### 2. Байболоттун каты

Ушундан он чакты күн өткөндө, мага бирөө кат окутту. Кат Байболоттон экен. Сөздү бирден эжелеп *(по слогам)*, үйрөнүп барып окубасам, шар кете албаймын. Кат даана жазылган экен. Эң мурун ичимден бир сыйра күбүрөп *(про себя)* окуп чыктым, кат мындай:

«Мен түрмөдө жатам. Азыр арманымды угар эч ким жок. Кыргызды бул жерде жан ордуна да санабайт. Пагону жаркылдаган полициялар бизди кеңсалардын ченине жолотпой, улуктарга жибербейт. Кыргыздын жакшылары болсо бий, болуш талашуудан, бирөөнү кырына алып, кырсыгын тийгизип, пара жеп, кулкунун майлоодон бошобойт. Жер, суу болсо жылдан жылга колдон кетип баратат. Ач-арыктын абалына кароо, арыз-муңуна кулак салуу, жердин камын ойлоо, элдин тагдырына карашуу дегендерди булар ойлоп да койбойт. Алардын бар максаты: жаат курап, жайлоо талашуу, даражага жетүү, элге чыгым салып, зоболосун тийгизүү, кедейдин 20 коюн ашырып, 100 кылып, байдын 1000 коюн кемитип, 200 кылып каттатып, андан жем түшүрүү, өчүккөнүн жасоолдорго, полицияларга сабатып, ыза

көрсөтүү, жүрөгүн алуу, алсыздарын ыйлатуу, улуктарга, сотторго жагынуу *(прислуживаться)*, парага семирүү *(жиреть на взятку)*, өз кулкундарын тойгузуу, алардын бар ою ушул. Эми кызыл кулактарды, соодагерлерди алсак, кедейлерди бир жагынан жокчулукка учуратып, түгөтүп бараткандар ушулар эмеспи? Жайында бир сом берсе, күзүндө бир кой кылып алат. Бир маасылык тери берсе, бир уй алат. Пара деген кыргыздын сөөгүнө жетип сиңген. Парасыз кылдай иш бүтүрө албайсың. Судьяга бир арыз айтыш үчүн томояктар жалгыз уюн сатат. Жакында Сатаркул үй-бүлөсү менен чубап, арыз берем деп Караколго келиптир. Көрүнүп турат, эч кимден кайыр жок...».

## 3. Музарт дайрасын кечүү

Күн сурданып тумандап, чыкыроон тартып турган. Мелтиреген талааны каптаган көч кытайдын жерине өтө албай ары-бери толкуп, ийрилип турат...

Так ушул убакта арт жактан удаасы менен эки жолу күрсүлдөп замбирек атылды. Кай жерден атып жатканы маалым эмес. Баятан араң турган эл муну көргөн соң илгери карай дыр коюп жөнөй берди эле, чек арада турган кытай черүүлөрү *(аскерлери)* алдынан тарсылдатып аткылап, дүркүрөгөн калың элди кайра жапырып таштады. Койлор мылтык үнүнөн чочуп, дыркырап кайра качты. Эл кызарган өрттөй эки жоонун ортосунда калды! Калың көч уюлгуй түшүп бир аз туруп булкунду эле, черүүлөр дагы жанагыдай жооп кайтарды. Тарсылдаган мылтык сүрүнө чыдай албай толкуган көч кайра жапырылды... Ошентип, бирде илгери карай каптап, бирде кайра тартып, уюлгуп, калың элдин тагдыры бир ууч болуп, акыр заман айланып турду.

Замбирек күрсүлдөп дагы бир-эки жолу атылды жанагыдан жакын. Эл чуркурай түштү!..

Ошол кезде баятан бирөөнүн чегине батпай толкуп, тирешип турган калың журт «эми өлсөк да сенден өлөлү, сен өлтүр!» деп башын өлүмгө байлап, бардык күчүн жыйып бир таштагандай, черүүлөрдүн тарсылдатып ок жаадырганына карабай калың көч, дүркүрөп каптап алып жүрүп берди. Ошол замат ээн жерде койго тийген ач бөрүдөй, эми калмактар да чын оюнду баштады. Туш-туштан тарсылдатып аткылап, элдин үрөйүн алып, үйүрдүү малды үйүрү менен, жүктүү малды жүгү менен четинен тизип алып жөнөдү. Бара-бара тандап, малга, дүнүйөгө тойгондон кийин, көчтү аралап, сулуу кыздарды, келиндерди коштой качып кетип жатты. Муну көргөндөн кийин кыздарын жаман кийинтип *(плохо одев)*, түрүн бузуп алгандар да болду.

Эл кара талашып алактап кетип баратып, бир кезде Музарттын күркүрөгөн, тайгак суусуна көч-мөчү менен, бешиктүү катын бешиги менен камалыша чуркурап барып, чогуу бойдон бир күрүлдөп кирди дейсиң – эми



кыргынды сураба! Чуркураган сансыз үндөр адамдыкы экенин, айбандыкы экенин айрып болбойт. Бир жерде жүктүү мал агып бараткан, бир жерде элечеги чубалып, бешиктүү катын агып келе жаткан, бир жерде өлүп, суунун четине тырайып чыгып калган, бир жерде көмөлөнүп сууга кетип бараткан, баласына чыркырап түшө калып жаткан, бир жерде селейген өлүгүнүн жанында боздоп турган.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**айыбымды тартайын** – отвечу за вину
**чын камкору** – по настоящему заботитесь; Нужно думать о своём народе
**өз кулкундарын тойгузуу** – думать только о своей выгоде
**томаяктар** – очень бедные люди *(слишком бедные)*
**дүнүйөгө тойгондон кийин** – набрав богатства. Нахватав ограбленного, отобранного
**Музарт** – название реки на которой погибли попадая в бурное течение

■ **жакыр** – бедный
**наразы** – недовольство
**мукураган** – измученный
**уюган** – слиток
**атуулдук сүйүү** – патриотизм
**даңазалаган** – прославляющий
**эжелеп** – по слогам
**даана** – разборчиво
**кеңса** – здание, где сидят чиновники
**кырсык** – беда
**жаат курап** – собрав своих людей
**чыгым** – дань
**алсыз** – слабый
**кулкун** – глотка
**кызыл кулак** – спекулянт
**томаяк** – нищий
**чыкыроон тартып** – моросив
**замбирек** – пушка
**маалым эмес** – не известно
**черүү** – солдат *(китайский)*
**уюлгуй түшүп** – взбудоражившись
**ач бөрүдөй** – как голодный волк
**тандап** – выбирая
**алактап** – спеша
**кыргын** – истребление

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. «Узак жол» романында кайсы мезгил сүрөттөлөт?
2. Бул роман аркылуу автор эмнени айткысы келген?
3. Мукай Элебаевди бул роман ким катары таанытткан?
4. Берилген үзүндүлөрдү окуп которгула, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.
5. Кыргыздын өз элин, жерин таштап, Кытай жергесине качуу себебин түшүндүргүлө.

**Тапшырмалар.**

«Музарт дайрасын кечүү» деген темада долбоор тарткыла.
«Узак жол» романындагы «Үркүн» темасын дагы кайсы чыгармалардан жолуктурабыз.

| | **«Кандуу жылдар»** | **«Ажар»** | **«Узак жол»** |
|---|---|---|---|
| окшоштугу | | | |
| айырмачылыгы | | | |

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Автобиографиялык чыгарма** – өз өмүрү жөнүндөгү баян; мемуарга ыктаган адабий жанр. Мемуардан айырмасы: мында автор жеке өзүнүн башынан өткөргөндөрү, ой-сезимдери, көз караштары тууралуу көбүрөөк сөз кылат. **Автобиография** – дүйнөлүк адабияттагы байыркы жанр. Көркөм автобиографияга Ж. Ж. Руссо жана А. И. Герцен негиз салган. Дүйнөлүк классиктердин айрым чыгармалары да автобиографиялык мүнөздө. Кыргыз адабиятында А. Токомбаевдин «Автобиографиялык фрагменттер», А. Осмоновдун «Жазуучулук баяным» дегендери ушу жанрга тиешелүү. Кыргыз адабиятындагы эң көрүнүктүү автобиографиялык чыгарма – М. Элебаевдин «Узак жол» чыгармасы. Жазуучу өзүнүн башынан өткөргөн окуяларды көркөм чагылдырган.

## Кайталоо

**Кайталоо үчүн суроолор:**

1. Касымалы Баялинов ким болгон?
2. Кандай чыгармаларын билесиңер?
   «Ажар» повести ким жана эмне жөнүндө?
3. Чыгарма кайсы мезгилге таандык окуяны сүрөттөйт?
4. Негизги сюжети эмне жөнүндө?
5. К. Баялиновдун «Көл боюнда» повести кандай чыгарма?
6. Башкы каармандардын мамилеси жөнүндө эмне айта аласыңар?
7. Согуш мезгилиндеги адамдардын эмгеги, биримдиги, сүйүүсү, турмушунун сүрөттөлүшү?
8. Мукай Элебаев кандай турмушту башынан өткөргөн?
9. Кандай жанрдагы чыгармаларды жазган?
10. Кимдердин чыгармаларын которгон?
11. Жазуучу билим алууга кандай умтулган?
12. «Зарыгам» ырынын мааниси эмнеде?

1. Дилбаян жазуу.
2. Жылдык тестирлөө.

# КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН ТЕКСТТЕР

## «Огуз-наме» дастаны

«Огуз-наме» оозеки түрүндө бир нече вариантта болжол менен VI–VIII кылымдарда жаралып, «Коркут ата китеби» аттуу чыгарма сыяктуу эле, XIII–XIV кылымдарда кагаз бетине түшүрүлгөн. Тарых илиминин далилдегенине караганда, огуздар VI–VIII кылымдарда Борбордук жана Орто Азияда жашап, түрк тилинде сүйлөгөн уруулардан болгон.

«Огуз-наме» чыгармасынын көлөмү анча чоң эмес. Анда ар бир тогуз ыр сабынан түзүлгөн кырк эки строфа бар, же болбосо 371 ыр сабынан курaштырылган. Ал тарыхый ырааттуу жайгаштырылган окуяларга, б. а. бирдиктүү бекем сюжетке негизделген. Поэманын мазмуну беш чакан аңгемеден турат.

1. Огуздун төрөлүшү, балалык чагы, эр жетиши.
2. Огуздун үйлөнүшү жана балалуу болушу.
3. Огуздун кагандыкка көтөрүлүшү, жортуулга аттанышы.
4. Огуз кагандын жеңиштери.
5. Улуг түрк акылманынын кеңеши. Огуз каганынын уулдарына жер бөлүп бериши.

Эпостун кыргызча котормосу мыкты иштелген, ошондуктан чакан көлөмгө чоң, абдан бай сюжет батырылган. Каармандын төрөлүшүнөн, анын сүрөттөлүшүнөн мисал келтирели:

«Ай каган көз жарды да болду уулдуу.
Баланын өң чарайы көк чаар эди.
Тектирлүүдөн теңдеши жок көрктүү.
Ошол уул бир оозанып энесинин ак уузун,
Мындан артык эмбеди».

Чыгарманын башы айрыкча мифологиялык мүнөзгө ээ. Баланын жигит болуп төрөлүшү жөнүндө минтип айтылат:

«Тилге келди. Чийки эт, аш, сүзмө тиледи,
Кырк күн өттү, ойноп кетти.
Бука сындуу, бөрү белдүү,
Булчуң жоорун, аюу көөдөн,
Бүт бадани түк эди.

Күтүрөтүп жылкы күтүп,
Күлүк тандап минер болду,
Кийик уулап жүрөр болду.
Күн өттү, ай, жыл тозду. Жигит толду».

Мындан ары баш каармандын токойдогу кыят менен күрөшүп, аны жеңгени жөнүндө сөз болот.

Мифологиялык мотив Огуздун үйлөнүшүндө да кашкайып көрүнөт. Ал кадимки адамдардай эмес, жомоктогу эпикалык каармандардай «эпикалык салт» боюнча үйлөнөт. Көк-Теңирдин шооласынан бүткөн нур төгүп тартуу кылган кереметтүү бир сулуу кызга үйлөнөт. Андан төрөлгөн балдарына Күн, Ай, Жылдыз деп ат коёт.

«Жана бир күн бир жерде,
Көк теңирине сыйынууда эле.
Күүгүм уюду. Көк-Теңирден көгүлжүм нур куюлду.
Күндөн жарык. Айдан каарлуу,
Огуз каган жүрүп берди. Көрдү анан,
Ал жарыктын арасынан бир кызды,
Жандан жалгыз. Көркү арбаган,
Нурдай сулуу жан эле,
Маңдайында шоолаланган жарык меңи бар эле.
Алтын казык дегидей!
Көз талыткан көркү ушунча –
Күлсө Көк-Теңири кошо күлөр,
Ыйласа Көк-Теңирде түн түнөрөр!
Бир көрүп ашык болду.
Алды аны. Бирге жатты. Балын татты».

Ошентип, Огуз кагандын ала турган жары да кадимки бийкечтерден айырмаланган, алардын үйлөнүшү да, балалуу болуп, аларга ат бериши да мифологиялык мотивде өнүгөт.

«Жана бир күнү Огуз каган ууга чыгат», дагы бир сулуу кызды көрөт, ага үйлөнөт, дагы үч балалуу болуп, аттарын Көк, Тоо, Деңиз коюшат. Каган эми элине «жалаң казы-карта чайнатып» улуу той берет.

«Той соңу Огуз каган эли, бегин кашына алып,
Мамындай жарлык айттырды дейт:
– Теңир буйруп, болдум Каганың, будан ары:
Жаа, калкан болсун куралың.
Тамга болсун куралың.
Тамга болсун буланың!
Көк бөрү болсун ураанын!».



Мындан кийинки окуя Огуз кагандын жер каратып, жоокерчилик турмуштары жөнүндө сүрөттөйт. Бирок ал элди бейчеки чаап, себепсиз кан төгө бербейт. Бул маселеде гумандуулук чыгармада абдан бекем орун алган.

Чыгарманы баштан аяк толук окуп чыккан адам бир нерсени байкабай койбойт: ал «Огуз наме» эпосунан чыккан оозеки чыгармачылыктын нукура классикалык үлгүсүндө таралып, ошол тарыхый тилкедеги *(мезгилдеги)* элдин түшүнүгүн, диний ишенимдерин, дүйнө таанымы менен коомдук-саясий көз караштарын толугу менен чагылдырат. Көптөгөн доорлордун тарыхый турмуштук негиздерге таянган толук кандуу көркөм чыгарма катары калыптанып, улам өзгөрүп, өсүп-өнүгүп отурду, кыймылда болду.

«...» Жол бойлоп кетет. Жол бою жомоктогудай капка үй көрөт.
Керегеси чылк алтын, түндүгү түгөл күмүш,
Каалгасы как темир, ачкычы жок бек темир.
Черикте ченебеген чебер бар эди,
Аты Темирди Кагул эди.
Каган жарлык кылды: – Мында кал, ач!
Капкага кирээрсиң, кайтып соңума жүрөрсүң,
Ал андан ага ат калды Калач.
Кол баштайт Каган кайра, санаа теңиз,
Жол баштайт көк жал салып бөрү желиш,
Бир күнү тык токтоду. Каган да кошун жайлайт.
Келберсип кең жазыгы,
Кербез калк жатыр экен – Жүржүт аты.
Дөөлөткө мас эли териге батпай,
Ай туяк, ача мүйүзү ыңкып жерине батпай,
Алтын-күмүшү агылып төрүнө батпай,
Жаткан экен чалкып Жүржүт каган,
Сап тартып салгылашты.
Төшкө найза куркурап, төбөдө от чыркырап...
Акыры Огуз басты, Жүржүт качты.
Канынын башын кесип байланды Огуз,
Калкынын түгөл каратып жайланды Огуз. «...»
«...» Көк Теңири колдоп,
Көк жал бөрүсү жолдоп.
Чыңды алды, таң Кутту алды.
Андан ооп Шамга аттанды.
Шамын өчүрүп, бек шаттанды.
Масар эле каган аты,
Ошол жакка бурду Огуз каган атын,
Кыл чайнап кырчылдашты. Масар качты. «...»

**Поэма** – байыркы түрктөрдүн дүйнө-коом таанусун, жашоо албалын, аң-сезимин, турмуштук жана аскердик мамилелерин мифологиялык баатырдык мүнөздө чагылткан чыгарма.

- **далилдегенин** – доказанный
  **ыр сабы** – строк песен
  **тарыхый** – исторический
  **ыраттуу жайгаштырылган** – по порядку, аккуратно расположен
  **негизделген** – основан
  **эр жетиши** – взросление
  **дүйнө-коом таануусун** – мировоззрение, обществоведение
  **ал-абалын** – положение

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Огуздар кайсы жерде жашаган?
2. Бул чыгарма көлөмү боюнча кандай?
3. Поэманын мазмуну кандай?
4. Эмнени чагылтат?

## Огуз-наме

Түндөрдүн бир түнүндө түш көрүптүр,
Түшүндө мындай кызык иш көрүптүр:
Күн тууштан Күн жүрүшкө,
Керилет алтын жаа дейт.
Түн жагын түптүз мелжеп,
Тебилет күмүш ок дейт.
Ойгонуп уйкусунан, толгонуп тынчы кетип,
Таңында каганына таазим этип,
Түшүн аян кылат, баян кылат:

– Ай каганым, өмүрүң узун болсун,
Төрөлүк болсун түзүк!
Теңирим түштө көргөнүңдү оңго келтирсин,
Тең дүйнө жерин уругуна бердирсин! –
Каган кары үгүтүн куп көрдү дейт,
– Түшүң түш эмес, туш келсин – дейт.
Анан кашына жыйып бар уулун айткан экен:
– Көңүлүм күсөй салбыруун,
Бирок ой жеткенге кол жетпей мында турум.

Эми Күн, Ай, Жылдыз – үч уулум,
Таң атар жакка силер бар.
Көк, Таг, Деңиз – алты уулум,
Түн түнөр жакка силер бар.
Салбыруун мыктап салыңар да,
Санаада дартты табыңар.
Үч улуусу таң атарга барышты.
Үч кичүүсү түн түнөккө чабышты.



Күн, Ай, Жылдыз уу сапарын карытты,
Кайткан жолдо бир алтын жаа табышты.

Каганга тартуулашты,
Карт каган карс-карс күлөт, жааны иет.
Карс сындырып үчкө бөлөт:
– Жаага эми силер эге,
Жаа атар көккө жебе...
Жана да бир күн Көк, Таг, Деңиз уудан кайтты,
Жолунан бирдей күмүш үч ок тапты.
Каганга тартуулашты,
Карт каган карс-карс күлөт.

Жебени үчөөнө үлөштүрөт да, айтат:
– Үч жебе үчөөңө энчи,
Жаа атса ок көккө төнчү...
Ошондон соң Өгүз каган көңүлү тынып, элин жыйып,
Улуу курултай чакырыгы дейт,
Таңдайлашкан билги чечендерин,
Маңдайлашкан баатыр, кашка эчендерин,
Кашына алып, каган наркы менен
Калкайып ордосуна отурду дейт.

Оң жагында он эки канат ак өргөө,
Түндүгүндө алтын шумкар,
Оң ирегеде он эки айры бугу,
Сол жагында он эки канат ак өргөө.
Түндүгүндө күмүш ылаачын,
Сол ирегеде мүйүзү карыш кулжа.
Оң жагына бузуктар олтурушту,
Сол жагына үч октор олтурушту.
Каркыттап кырк күнү той курушту.
Анан каган үлүштөп журтун бөлүп уулдарына,
Айтыптыр: – Канчама ашуу аштым,
Канча жоо менен салгылаштым,
Аргымак минип алкынттым,
Найза сайып, жоо жыктым.
Касым кан жутту.
Досум шаң күттү. Баары бүттү.
Эми өтөө чагым Көк Теңириме. Ыкыбал,
Кайыр кош!.. Калын журтуң күтүп ал...

# Орхон-Энесай жазма эстеликтери

Кыргыз элинин өткөндөгү башынан кечирген тарыхый жолуна тиешеси бар таш бетине түшүрүлгөн белги-эстеликтердин ичинен – өзгөчө баалуусу Орхон-Энесай эстеликтери.

Бүгүнкү тарыхчылар, адатта, байыркы түрк жазуулары – деп атаган бул эстеликтер жөнүндөгү илимге белгилүү алгачкы маалымат XVII кылымдын 90-жылдарына таандык. 1697-жылы белгилүү орус географы С. У. Ремесов даярдаган эки карта жарык көргөн. Сибирь элдеринин жер чектеринин бөлүнүшүн белгилеп көрсөтүүгө арналган ошол картада азыркы Кыргызстандын Талас өрөөнүндөгү байыркы түрк жазуулары табылган жер белгиленген. Бирок, бетине сырдуу тамгалар чегилген таш экерилгени менен анын маани-жайы чечмеленген эмес. Ошондон чейрек кылым өткөндөн кийин, тагыраак айтканда 1721–22-жылдар аралыгында Энесай өрөөнүнөн орус падышасы Петр Iнин кызматында жүргөн Д. Моссершмид жана аны коштоп жүргөн Полтава кармашындагы согушта туткунга түшкөн швед офицери Ф. Табберт *(Страленберг)* деген адамдар бетинде түшүнүксүз белгилери бар таш таап, чегилген тамгалар жазуу экенин аныкташкан. Экспедиция мүчөлөрү таш бетине түшүрүлгөн тамгаларды сырткы окшоштуктарына карап рун жазуулары деп аташкан.

1889-жылы орус изилдөөчүсү Н. М. Ядринцев атайын экспедиция уюштуруп, Орхон суусунун боюндагы Кошо-Цайдам деген жерден тикесинен тургузулган, бети толо жазуусу бар чоң таш табат. Ал жазуулар Энесайдан табылган мурдагы таш эстеликтердеги жазуулар менен окшош экендиги аныкталат.

Байыркы түрк жазууларын алардын маани-маңызына карата илимде «байыркы түрк жазуулары» деп да, кээде алардын үлгүлөрү алгач табылган жерлердин аты менен «Орхон-Энесай жазуулары» деп да, же бул эстеликтерди биринчи байкаган адамдар берген наам менен «түрктөрдүн рун жазуулары» деп да атай беришет. Орхон-Энесай эстеликтери илимге белгилүү болгондон кийинчерээк мындай жазуулардын металл, жыгач, тыйын, таш, кумура жана башкалардын беттерине түшүрүлгөн үлгүлөрү түрк тилинде сүйлөгөн элдер менен уруулар жашаган Борбордук Азиянын, Түндүк Кавказдын көптөгөн жерлеринен табылган. Биздин республиканын аймагынан биринчи жолу 1896–98-жылдар аралыгында Талас суусунун боюнан азыркы Талас шаарына жакын жерден В. А. Каллаур деген адам жазуусу бар үч таш тапкан. Ошондон бери Талас өрөөнүнөн аскага, чулу таш бетине, карапага, металлга жазылган он бир рун жазуулары табылганы белгилүү. Андай эстеликтер Ысык-Көл айланасынан, Алай, Ферганада да жолугат. Бүгүн илимге Орто Азия чөлкөмүнөн табылган чулу таш, аска, карапа, металл беттерине жазылган 40 чамалуу эстелик белгилүү. Алардын ичинен көлөмдүүсү жана мааниси боюнча баалуусу Талас өрөөнүндө табылгандары. Таластагы жазуулар өлгөн адамга арналып коюлган эстеликтер. Мазмуну боюнча ушундай эле максатты көздөгөн Энесай эстеликтерине жакын, бирок сүйлөмдөрдүн көркөмдүк курулушу, ойдун так айтылышы, аягына чыгып баяндалышы жактан начардык кылат. Мисалы, Таластан табылган жазуулардын илимде номери биринчи делип жүргөнү 1896-жылы азыркы Талас шаарынын түштүк чыгыш жагындагы Айыртам-Ой деген жерден табылган, биринчи жолу 1899-жылы академик В. В. Радлов окуп которгон төрт сүйлөмдөн турган тексти бул:

1. Атызым и (тип), эр атым Удун. Сизе...
2. Катуны эр эринте тул калмыш
3. Инилери: Кара Барс, Огул Барс.
4. Үзинте ишинке...

Жазуунун бүгүнкү кыргыз тилине которулушу:

1. Байлыгым ашып, эр атым Удун. Сизден...
2. Катыны анын эр экендигинен тул калды
3. Инилери: Кара Барс, Огул Барс.
4. Өзүнүн жолдошторунан...

Мүрзө үстүнө эстелик катары коюлган таш бетиндеги жазуулар Удун аттуу атак-даңкы артып, байлыгы ашып-ташыган адамдын эрдик көрсөтүп, аялын тул калтырып, жакындарынан бөлүнүп, артына инилери Кара Барс, Огул Барсты калтырып, өзүнүн жолдошторунан ажыраганы – өлгөнү жөнүндө баяндайт. Бирок ушул маңыз чегилип жазылган тексттерде ырааты менен так берилген эмес.

Орхон-Энесай эстеликтериндеги жазуулардын түйүнүн чечип, тамгалардын аталыш наамдардын тактап, эмне деген сөздөр жазылганын окуусу биринчи жолу 1893-жылы даниялык окумуштуу Вильгельм Томсон баштаган жана жазуулар кыргыздарга таандык болсо керек деген жоромолун айткан. В. Томсон менен бир учурда эле орус окумуштуусу академик В. В. Радлов да сырдуу жазуулардын маанисин чечүү аракетин көрүп, даниялык окумуштуу эстеликтердин алфавитинин маңызын ачып, ар биринин аталышын тактаганга чейин эле өз алдынча 15 тамганын маанилерин белгилеп чыккан жана эстеликтерди окуу ишин баштаган. Эстеликтерди толук окууну жүзөгө ашырып, сөз курамына караганда тексттер кыргыздардын тилине жакын деген ой айткан. Орхон-Энесай жазууларын изилдеген абройлуу түркологдордун бири С. Е. Малов «Түрктөрдүн Енисей жазуулары» деген кеңири белгилүү эмгегинде байыркы түрк жазууларынын маңызын ачууга арналган ойлорун жыйынтыктап келип, «чоң авторитеттердин – академик В. В. Радлов жана профессор В. Томсондун артынан бул Енисей эстеликтерин кыргыздарга таандык деп эсептебөөгө эч кандай себебим жок», – деп белгилейт.

Орхон-Энесай эстеликтерин изилдөө ишине көптөгөн белгилүү окумуштуулар катышкан. Талас өрөөнүнөн табылган эстеликтерди изилдеп үйрөнүүдө, окуп тактоодо, маанилерин чечмелөөдө кыргыз окумуштуусу, академик И. А. Батмановдун эмгектери орчундуу.

Орхон-Энесай жазууларында 37–38 тамга бар, алардын ичинен үндүүлөрү – сегиз (а, е, ы, и, о, ө, у, ү). Айрым үнсүз тыбыштар каткалаң жана жумшак түрүндө болуп, бир эле тамга эки мааниде окулат (б-бь, г-гь, и-иь, к-кь, л-ль, н-нь, р-рь, с-сь, т-ть). Байыркы түрк жазууларынан качан, кантип пайда болгону илимде али тактала элек. Табылган эстеликтердин эң эскилери биздин замандын VII кылымынын экинчи жарымына таандык. Ушуга таянып окумуштуулар бул жазуу VII кылымдын биринчи жарымында пайда болсо керек деген жоромолду айтышат. Илимдин бүгүнкү деңгээлинде Орхон-Энесай жазууларынын, жалпы эле байыркы түрк эстеликтеринин кайсыл үлгүсү кимге, кайсыл уруу же элге таандык экендигин так белгилеп, кесе айтуу кыйын. Ошондой эле рун жазууларын алгач ойлоп тапкан, же пайдаланган эл да так эмес. Бүгүн илимге күмөнсүз белгилүү болгон бир гана нерсе – бул жазууну түрк тилдүү элдердин көбү пайдаланышкан. Эстеликтердеги тексттер менен бүгүнкү түрк элдеринин сүйлөө тилдерин салыштыруу аркылуу көптөгөн тилдик фактыларга, лексикалык жакындыктарга, фонетикалык, грамматикалык каражаттарга, белгилерге ж. б. далилдерге карап айтылган белгилүү түркологи окумуштуулардын пикирлеринде так айтылган бирдик жок. Алардын көпчүлүгү рун жазуулары бүт түрктөргө таандык, жалпыга орток мурас деген ойду кубатташат. Мына ушуну эске алганда да түрк элдеринин ичиндеги эң байыркыларынын биринен болгон кыргыздардын Орхон-Энесай жазууларына, анын пайда болушуна, ал эстеликтердеги маалыматтарга тиешеси бар экендиги шексиз. Бул ишенимди байыркы түрк жазууларынын негизги үлгүлөрү Орхон-Энесай, Талас сыяктуу кыргыздардын мурда жана кийин жашаган жайларынан табылышы эле эмес, ал эстеликтерди алгач окуган В. Томсон, В. В. Радлов, кийин кеңири изилдеген С. Е. Малов сыяктуу белгилүү окумуштуулардын пикирлери, эстеликтердин сөз курамы, тилдик түзүлүшү ж. б. көптөгөн белгилери, ал гана эмес мазмун жактан алардын тексттерине элибиздин оозеки чыгармаларынын, айрыкча «Манас» эпосунун окшош, жакын жактары арбын экендиги да бекемдеп турат.

Орхон-Энесай жазууларынын ичиндеги мазмуну, көлөмү, маалыматтарынын кеңирилиги жактан өзгөчө маанилүүрөгүнүн бири – Күл-Тегинге арналып, анын мүрзөсүнүн жанына коюлган эстелик.

## Элдик поэма. «Кулмырза менен Аксаткын»
## «Кулмырза менен Аксаткын» жөнүндө

1. Кулмырза деген жигит менен Аксаткын аттуу кыз экөө бири-бирин сүйүшөт. Бирок Аксаткындын кудалап койгон жери болот, калың алып мал, пул алып коюшкан атасы, ач көз агасы зар жандуу байлыкты жакшы көрөт. Калың берген жерине жөнөтө турган болушат.

Кыз жигитке эскертет жашырынып келүүсүн айтат, бирок Кулмырза кыздын үйүнө келип кетпей коёт. Ошондо кыздын агалары менен атасы жигитти өлтүрүп жерге көөмп коюшат. Кулмырзанын атасы көп адам менен Кулмырзаны издеп келет, бирок таппайт. Аксаткын өзүнө канжар уруп өлөт, өлөр алдында чындыкты айтып, жигиттин кунун айтып кетет.



2. Кутчу Кубаттын уулу Кулмырза менен Мундуз Обонбайдын кызы Аксаткын экөө ашык болуп, Аксаткынды Кулмырза алам деп жүргөндө, ушак сөз менен Обонбай кулдарына Кулмырзаны өлтүртүп коюптур. Обонбай Кулмырзанын өлүгүн бекитип таштап, корконунан үркүп, көчүп калыптыр. Бул арада Кубат: «Эки күн болду, балам жок, ботом ай, бул кандай шумдук!» деп, Кулмырзаны издеп жүрүп, Обонбайдын көчүнө учурайт. Кубаттын элеңдеп жок издегендей шашып жүргөнүн көрө салып, Аксаткын Кубатка карата Кулмырзанын эмне болгонун кошок менен дайындап уктурат.

Иренин өчүп, кубарды, досум.
Алты адам келди жыйылып,
Азиз жан калды кыйылып,
Агамдар турду сүйлөшүп, досум,
Ар кимге акыл үйрөтүп, досум.
Күл дөбө казып жашырды досум.
Күйүттү шунтип ашырды, досум,
Күйүп бир жаным калбады,
Койгун деп эч ким барбады,
Ар кимдер мендей айтабы, досум,
Азабын мендей тартабы, досум!
Күйгөндөр мендей айтабы, досум,
Күйүтүн мендей тартабы, досум!
Алтындан терек сен элең, досум,
Алманын гүлү мен элем, досум.
Күмүштөн терең сен элең, досум,
Күнөстүн гүлү мен элем, досум.
Жигиттин гүлү сен элең, досум,
Жийденин гүлү мен элем, досум.
Адамдын гүлү сен элең, досум,
Алчанын гүлү мен элем, досум.
Жайында терек силкинер, досум,
Жалдырап калды селкилер,
Алтын бир терек силкинер,
Азапта калды селкилер, досум.
Алтындан терек ыргалбай калды,
Ачылган гүлдөр ырдалбай калды.
Күмүштөн терек ыргалбай калды,
Гүлдөгөн кыздар ырдалбай калды...
Жоктошуп келди элинден, досум,
Жогорку айыл жеринден, досум,
Жоктошуп келип тапкан жок, досум.



Жоругу мага жаккан жок, досум.
Сурашып келди элиңден, досум,
Сумсайып калган жериңден, досум.
Сурашып келип тапкан жок, досум
Сур дөбө казып тапкан жок,
Атакең алып топ атчан элди,
Асылын сурап бүгүн да келди.
Өлтүргөн кимдер, өлгөн ким,
Өлүгүн дөңгө көмгөн, ким, досум?
Айтайын эми калкына, досум,
Ачык бир болсун жалпыга,
Өлгөнүң бүгүн эл билсин, досум,
Өйдөтөн соккон жел билсин,
Ажалың бүгүн эл билсин, досум,
Өйдөтөн соккон жел билсин, досум,

Минген бир атың көк кашка,
Көркөмү малдан бир башка,
Аларга кошо сулуу кыз, досум.
Кыз десе элиң – өзүбүз, досум,
Болбосун эки сөзүбүз, досум.
Алманын гүлү күбүлсүн, досум,
Адамдар бизден түңүлсүн, досум.
Жийденин гүлү күбүлсүн, досум,
Жигиттер бизден түңүлсүн, досум.
Талаанын гүлү күбүлсүн, досум,
Тирүүлөр бизден түңүлсүн, досум.
Кун берген атам куурасын, досум,
Кун алган атаң жыргасын, досум.
Кулмырза өлүп, куп болду, элим,
Аксаткын экөөң жуп болду, элим!
Канжарды уруп Аксаткын өлдү,
Курбулук күчтү тургандар көрдү.
Ак шамшаар салып Аксаткын,
Ашыглык күчүн адамдар көрдү.

# Касым Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасы

Касым Тыныстановдун эң көлөмдүү чыгармасы «Жаңыл Мырза» поэмасы менен тааныштыруу. Элдик сюжетти нукура акындык эргүү менен поэмага айландырган.




## Жаңыл Мырза

Нойгут элинен чыккан баатыр кыз Жаңыл чын эле – ашкан баатыр, ары сулуу болот. Эли аны сүймөнчүлүгүнө бөлөп, атак-даңкка жеткирет. Анын эң жогорку касиети – элге болгон тунук сүйүүсү жана таза адамгерчилик. Эл бактысы үчүн каршы турууга даяр.

Уруу башчылары Түлкү, Үчүкө отурат, ырчы Жаңыл баатыр жөнүндө ырдап бергенде Түлкү баатыр ачууланат. Бирок өзү Жаңылды сүйчү, ага жетсем деп эңсечү. Бирок ал сүйгөнүн ачыкка чыгара албай, кур намыска чиренип: «Мен ага жүгүнүп барбайм, элин чаап, малын талап, кайра Жаңылды жүгүндүрөм, – деп оолугуп, нойгут элине арам ой менен жөнөйт. Жаңыл



мырза аларды жакшы эле кабыл алат. Түлкү текеберлик менен: «Жуучу жиберсем оңдуу жооп бербейсиң. Акыры өзүм келдим – деп түнөрөт. «Мени менен кетесиңби, жокпу? Жообун азыр бергин», – деп Жаңылды демитет. Жаңыл кыз наркын сактап ачык жооп бербегендиктен Түлкү кур намысын күчөтүп, конок болуп кет дегенге көнбөй, кектүү аттанат. Көп өтпөй эле Түлкү даярдыксыз жаткан Жаңылдын элине бүлүк салып, малын олжолоп, эр-бүлөнү туткундайт. Жаңылдын ачуусу келип, элин коргоо үчүн жоого каршы аттанат.

Жаңылдын элин чаап алганына мактанышып, Түлкү менен жанжөөкөрлөрү Чатыр-Көлдүн четинде той кылып жатышканда Жаңыл келет. Манчыркашкан уруу башчылары аял затына шек келтиришет, шылдыңдашат. Эл намысын жана өзүнүн адамдык касиетин ыйык туткан Жаңыл чыдай албай согуш баштайт. Бул кандуу кагылышта Түлкү, Үчүкө, Атагозусу менен бирге Жаңылдын колунан жаздым болуп, туткундар бошотулат.

Мындан кийин «Жаңылды чаап, Түлкүлөрдүн өчүн алам», – деп Калматай бай жулуна баштайт. Бул иш өзүнүн колунан келбесин билип, ал калмак каны Манжыны жардамга чакырат. Калмак канынын амалы менен Жаңылды Түлкүнүн мүрзөсүнө келип, даярдыксыз турганда туткундашат. Аны менен бирге жан жолдошу Жаркын кыз, Акылбектер колго түшөт.

Калматай Жаңылды, Манжы Жаркынды алабыз деп оолугат, кыздар макул болбогондуктан орго салышат. Акырында элдин жардамы менен Жаңылдар туткундан бошотулат, чыккынчылардын айыбы ачылат, өлүмгө дуушар болот.

■ **эргүү, эргүү менен** – *(поэтический)* вдохновение
**айландырган, ырга айландырган** – превратил
**сыңары, ушу сыңары** – как
**эрезе (эрезеге жетти)** – взросление
**куралдуу кагылуу** – вооруженное нападение
**кадыр салып** – кто приходит свататься
**ырайымсыз, ырайымсыз адам** – беспощадный человек
**бойдок** – холост
**барымта, барымтага койду** – залог
**өрүү, өрүүгө чыкты** – отдых *(после долгой езды)*
**купуя, купуя-сыр** – тайно
**бапалуу** – верной
**убада** – обещание
**жыйын** – собрание
**өч алуу** – месть, мстить
**бүтүм** – решение
**күң** – рабыня
**айлакерлик менен** – хитростью
**көңүлсүнбөй** – нехотя, без желания
**теребел** – вокруг
**тындым кылат** – убил

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Жаңыл ким болгон?
2. Кандай сапаттарга ээ экен?
3. Даңкы кимге жетти?
4. Түлкү мырза өзү ким болуптур?
5. Ал туура кылдыбы?
6. Жыйында эмне деген бүтүмгө келишти?
7. Жаңыл кандай тагдырга туш болду?
8. Эрдик кылган кыз кандай нерсени жасады?

**Үйгө тапшырма.**

Текстти окуп, которуп, айтып берүүгө даярдап келгиле.

## «Жаңыл Мырза» поэмасынан

Жел ойногон Ала-Тоонун боорунда Тагай бийдин урпактары Түлкү, Үчүкөлөр жыргап-куунап жашап турушат. Жаз келип, эл жапырт жайлоого көчүп жатканда, негедир Түлкү үйдө жок. Келинчеги унаага жүгүн артып, атын өзү токуп, кайненесин аткарбай, өзү бешигин эңип, жол тартат. Кызыл-тазыл көп көч тоону көздөй барат. Короо-короо койдон, чубаган жылкыдан кең талаа жаңырып, өзүнчө эле ажайып.

Бешим чакта Түлкү келгенде апасы: «Колунан баланы ал да, балам болсоң жоготкун, көч үстүнөн кетсин бейбак» – деп, какшанат. Түлкү энесинин айтканын аткарат.

Түлкү жоро-жолдошторуна сырын айтпай, эки жыл өткөрдү. Бир күнү Түлкү Үчүкө, Атагозу менен Чабакка Какшаалдын кан кызы Жаңылды аларын айтат. Жаңылдын эч кимден жеңилбесин, бирок айылдагы бир жаш бала чоңойгондо гана, ал колго тиерин саймедирейт. Бирок ашыгышкан баатырлар жылкыдан ат тандашып, азык-түлүк алышып, Какшаалга бет алышат.

(...) Жаңыл кыз – эрдин эри, шердин шери,
Жаңылдан далай эрдин сынган бели.
Кир жууган, киндик кескен кичинеден,
Какшаал-Тоо – кыз Жаңылдын туулган жери.
Какшаалда кайгысы жок, көчүп-конуп,
Эркиндеп мал өстүргөн ойгут эли.
Ойгуттун жаны – Жаңыл, каны – Жаңыл,
Чытырап так ошондо толгон кези.

Жаңылда кандык кылган так болбогон,
Андайга өзү дагы кол создобогон.
Жаралган жандан өзгө бир мүнөздүү,
Беш күндүк өмүр жолун башка ойлогон.



Токтоду. Жаңыл түштү, атын байлап,
Карады жар башынан отту абайлап.
Жамбаштап өңчөй баатыр жаткан экен,
Ортодо таш кордосу бор-бор кайнап.
Олжолоп алып кайткан көп жылкыны,
Ийрилтип туюк жарга салган камап.
Экенин Түлкү, Үчүкө тааныган соң,
Жаңыл кыз жар башында турду сынап.

Сындады эрдин баарын бирден сынап,
Үчүкө, Атагозу, өттү Чабак,
Түлкүдөн сын тайгылып, кемтик таппай,
Толкундап түшкөн кезде чын махабат.
Кертайган илгертеден канга жолдуу,
Шимшилеп кирип барды от жакалап.
«Канчыктын Кертайганы...» деди Түлкү,
Мөндүрдөй тарткан жебе тийди шак-шак!

Түлкүнүн тууган-урпактары анын кунун куумак болуп жоого атланышат. Кол үчкө бөлүнүп, биринчиси жылкы тиет, экинчиси жол торойт, үчүнчүсү жол бөгөйт. Айла-амал менен Жаңылды колго түшүрүшөт да, жаш өмүрү чирисин деп, аны бир карыга олжо кылып беришет. Бир топ жыл өткөндөн кийин жайлоодо кымыз ичип отурушкан кары-жаш: «Эриккен элге Жаңыл көрсөтсүн өнөрүн кыз кезинде кылып көргөн» – деп, сурашат. Муну уккан Жаңыл ары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры макул болот да, Шырдакбектин жоргосун, өзүнүн жоо кийимин, жарак-жабдыгын сурайт.

Түшүрбөй тебетейди кагып алып,
Абылга берди: «кий» деп, алып барып.
Караса: тебетейде түк төбө жок,
Тегерек түпкүч болгон, курбу калып.
Багындым, баракелде!.. деди да Абыл,
Мойнуна кулдук кылды чылбыр салып.
«Кош, кайным! Бизге уруксат болгон чыгар!
Деп, Жаңыл жолго түштү камчыланып...»

**Синквейн түзүү. Саптары:**

1. Жаңыл Мырза кыз.
2. Баатыр, чебер.
3. Өсөт, коргойт, баш ийет.
4. Ал өз эл, жерин коргойт.
5. Аял.

**Же «кластер» түзүү:**




**Түзүлгөн схема боюнча сүйлөшүү.**

– Кандай сапаттар силерге жагат?
– Кайсы сапаттар кемтик кылат?
– Өз оюңарда бул сапаттарга ээ болгон кыз кандай болушу керек эле?

**Үйгө тапшырма.**

Кыскача аңгеме жазып келүү. Темасы: Адамдардагы мага жаккан сапаттар.

## Касымалы Баялиновдун «Көл боюнда» повести жөнүндө

К. Баялиновдун дагы бир көлөмдүү, көркөмдүк-идеялык жактан кеңири масштабдуу маанилүү чыгармасы – «Көл боюнда» повести. К. Баялинов согуштан кийин кеңири масштабдагы повесть жана романдардын үстүндө иштеди. Окурмандардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон «Көл боюнда» повестинин биринчи китеби 1947-жылы «Бакыт» деген ат менен, 1952-жылы повесть толук бойдон «Көл боюнда» деген ат менен жарыкка чыгат. Табигый таланты бар жазуучунун чыгармаларынын окуялары ага өтө жакындан тааныш болсо көпчүлүк учурда андай чыгарма өзүнүн авторуна ийгилик алып келери небактан белгилүү. Ошондуктан, «Көл боюнда» повести өзүнүн авторуна чоң ийгилик алып келген, жазуучунун көркөм чеберчилик, чыгармачылык жактан өсүп жетилгендигин көрсөткөн чыгармасы. «Көл боюнда» повестинин идеялык мазмунун согуштун мезгилиндеги жана согуштан кийинки мезгилдеги айыл адамдарынын майдандагы жана ооруктагы патриотизми, достугу, күжүрмөн эмгеги, моралдык саясий биримдиги, гумандуу таза сүйүүсү жана тынчтык үчүн күрөшү сыяктуу тематикалар түзөт:

1. Чыгарманын башкы каарманы Жапар майдандан жарадар болуп айылга келгенден кийин фронт үчүн эмгектенип жаткан ооруктагы колхозчулардын эмгегин уюштуруу жана жетекчилик кылуу. Тойчубек, Жутабай, Чүкөбай, Айша сыяктуу көпчүлүк эл катышкан окуялардын тегерегинде согуш мезгилинде жана согуштан кийинки алгачкы жылдардагы колхоз адамдарынын күжүрмөн эмгегин жана патриоттук иштерин ар тараптан көрсөтүү.



2. Жапар менен Миколанын согуш талаасында чыңалып, кийин түбөлүккө улантылган достугу, эл достугун даңазалоо.

3. Башкы каармандар Жапар менен Жамийланын ортосундагы мамиледен келип чыккан чыныгы гумандуу, таза сүйүүнү баяндоо.

■ **майдан** – фронт
**ооруктагы** – в тылу
**күжүрмөн эмгек** – ударный труд
**айрыкча** – особенно
**табигый талант** – природный талант, дар
**ийгилик** – удача
**көркөм чеберчилик** – художественное мастерство
**курулуш** – строение
**көп салалуу** – разветвлённый
**белгилүү даражада** – в известной степени
**мүмкүнчүлүктөрдү түздү** – создал возможности
**аракет** – старание, действие
**кагылышуу** – стычка, столкновения
**чөйрө** – среда
**кеңейтти** – расширил

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. К. Баялиновдун бул чыгармасы кандай ат менен чыккан?
2. Бул чыгарма авторго ийгилик алып келдиби?
3. Повесттин идеялык мазмуну эмнеде?
4. Негизги каарман кандай милдет аткарат?
5. Сыналган достук жөнүндө эмне айтса болот?
6. Башкы каармандардын мамилеси?

**Үйгө тапшырма.**

Сөздөрдү жаттагыла. Текстти айтып берүүгө даярданып келгиле.

## Көл боюнда

*(Үзүндү)*

Июнь. Самсаалап көктө асылган ак булуттар таарынып ажырашкан балдардай. Кечээтен бери күн көнөктөп жаап, бүгүн түш оой гана басылды болуп бөлүнө, үзүлө баштады. Бирин бири куушуп, алыскы Тянь-Шандын чокуларына жол тартты.

Кино театрдын алды азан-казан эл. Элдин бир четинде орто бойлуу, оор басырыктуу, кең ийиндүү, жашы жыйырма эки, жыйырма үчтөр чамасында сары чийкил, арык чырай жаш жигит бир чоң карагайдын түбүндө турду. Бул – Жапар деген жигит.

Жапар партиянын райкомунун инструктору болуп иштөөчү. Мурда мугалимдик кылган. Эми эки-үч күндүн ичинде ал аскерге, согушка кеткени жатат. Жапар Пржевальскиде Педагогикалык окуу жайынан окуган, көптөн бери сүйгөн, келечекте кызык, сонун турмушту куруу үчүн шерт-

тешкен Жамийласына кезигүүгө, ага акыркы сөздөрүн айтып, аны менен коштошууга атайын бүгүн райондон келген. Жапар шаарга келери менен эле Жамийланы издеп барган. Аны турган үйүнөн таба албай, кечте кинодон жолугушууга ага кат жазып калтырган. Жапардын мында, бак түбүндө күтүп турган себеби да ошол.

– Жаныке, сени биз кайда экен деп издеп жүрсөк, мында турбайсыңбы, – деген бир кезде Жамийланын үнү чыкты.

– Ооба, мен мындамын, – деди Жапар күлүп.

Жамийла жалгыз эмес эле. Айша деген кыз менен бирге келген. Айша – токтоо, муңайым, көп сүйлөбөй турган, эс-акылы бар кыз. Жамийла болсо шайыр, сөзмөр, суйкайган, жароокер. Ал жарашыктуу кийинүүнү, учуру келе калса тырмактарын боёну, оюн-күлкүнү, кинотеатрда жүрүүнү жактырчу. Ошентип кулк-мүнөздөрү, жүрүш-туруштары жагынан караганда кандайдыр экөөнүн көңүлдөрү жакын эле.

Жапар Жамийла аркылуу Айша менен таанышкан. Айшанын үйүндө да бир-эки курдай болгон. Фронтто Талып аттуу жигити бар экендигин да ал Жамийладан уккан.

Жапар кыздар менен кол кармашып көрүштү. Эсенчилик сурашты. Экөөнүн ортосуна түшүп алып, аллей менен басты, аны-муну, жокту-барды сүйлөшүп келип, аскерге чакыргандыгын аларга айтты.

Бул сөздү укканда демейде шайыр, сөзмөр Жамийланын кабагы бүркөлдү, сөзү токтолду, башын төмөн салып, терең ойго баткандай. Бир кезде Жамийланы сөзгө катырмакчы болуп, Айша:

– «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» – деген эмеспи. Жапар ага, армияга барганыңыз жакшы, өзүңүз теңдүү кыргыз жигиттеринин көпчүлүгү азыр армияда жүрбөйбү... – деди.

– Аныңызга рахмат – деди Жапар, эки жагында бара жаткан кыздарга алмак-салмак көз жиберип. Армияга баруу, Ата Мекенди коргоо – биз сыяктуу жигиттердин ыйык милдети. Мен ал милдетимди аткарбасам болобу...

## Мукай Элебаевдин «Зарыгам» ырынан

Мукай Элебаев 1924-жылы «Эркин-Тоо» газетасына «Зарыгам» аттуу биринчи ыры басылып чыкканга чейин эле эл арасында жамактатып ырдап, «төкмөчүлүк» кылып жүргөн.

Мукай Элебаев акын, жазуучу болуш үчүн илим-билимдин зарыл экендигин эртелеп эле туюнган сыяктуу. 1924–25-жылдары Түптөгү монастырда ачылган Айыл чарба техникумга келип киргенден кийин Мукай, 1926-жылы Бишкектеги Педагогикалык техникумда окуп, билим алууга аябай белсенип катуу киришкен.

Кажыбас аракет, көшөргөн кара мээнет менен Мукай өзүнүн билимин өстүрүп, эстетикалык аң-сезимин жаңылоого жетишкен. Европалык элдерде «өзүн өзү жасап алган адам» деген кеп бар. Мукай жөнүндө да ушинтип



айтсак, эч жаңылбасак керек. Бир кезде алыскы көл башында жүргөн жетим Мукай минтип арман кылбады беле:

Таңды-кеч ойлоп тарыгам,
Талыкшып жаным талыгам.
Амалым жок кол кыска,
Ойлонуп жатып зарыгам.

Ачык бир даана бет албайт,
Алыскы жерге кете албай,
Самаган, күткөн жериме.
Зарыгам асты жете албай.

Канткенде табам амалын,
Көкүрөктө жаранын,
Алыста окуу артык деп,
Угамын катуу кабарын.

Москва, Ташкент ураанын,
Жакшы деп, элден угамын.
Ошолорду мен угуп,
Канткенде чыдап турамын.

Издеген окуу мен карып,
Элде жатып саргарып.
Канат кагып, жете албай,
Каламбы куру сандалып?

Көңүлдү койдум абыдан,
Күзөткөн максат жагынан.
Ойлоп келсем окууну,
Козголот жүрөк кабынан.

Арманым баштан ашынат,
Качан көңүл ачылат?
Ордуна жетип оюмдун
От жүрөк качан басылат?

Жаштайынан жетим калып, каардуу, дүрбөлөңдүү замандын не бир жан чыдагыс азаптарын баштан кечирип, турмуштун тепсендисинде калып, кор болуп ай – сени! деп кекенген Мукай совет бийлиги чыгып, ойдо жок жерден жакшылык келип, окууга мүмкүнчүлүк ачылган кезде билим дүйнөсүнө дене боюн таштап, баш-оту менен кирип кеткен.

Толук жаш адамдын илим, билим деп ак эткенден так эткен армандуу

көксөөсүн чагылдырган «Зарыгам» аттуу ыры ошо кезде окурмандарга тез эле жагып, калктын калың катмарына сиңип кеткен. Улуу муундагы акын-жазуучулар бул жөнүндө мындай дешет: «Окуу издеп тоо-тоолордон шаарды көздөй агылып түшүп жаткан батрак-кедейлердин балдары үчүн «Зарыгам» кыргыз жаштарынын жалпы ырына айланып кеткен» (К. Маликов). «Ошондой оюн-зоок кечесинде эң алды ушул «Зарыгам» деген ыр ырдалчу, аны укканда кишилер ырдаган баланы алкашчу: – «О, үнүңдөн айланайын. Зарыккан тилегиңе жет, садага!» (Т. Сыдыкбеков).

■ **жамактатып** – сочинять
**токмочулук** – импровизированное песнопение
**зарыл экендигин** – необходимость
**туюнган** – почувствовал
**белсенип катуу киришкен** – постарался из-за всех сил
**кажыбас аракет** – неустанный труд, старание
**кошоргон кара мээнет** – упорный труд
**аң-сезим** – мышление,
**жаңылоо** – обновление
**эч жаңылбас элек** – не ошиблись бы
**тарыгам** – стесняюсь, переживаю
**талыкшып** – усталость, устаю
**амалым жок** – нет уловки, способ решения проблемы
**зарыгам** – отчаиваюсь, жду
**көңүлдү** – все внимание
**күзөткөн максат** – ожидаемая цель
**козголот** – тревожиться, сердце *(кабынан – из груди)* выскакивает
**каардуу** – злой
**дүрбөлөңдүү** – тревожный
**чыдагыс азаптарын** – невыносимые мучения
**тепсенди** – растоптанный
**мүмкүнчүлүк** – возможность
**көксөө** – желание, мечта
**калың катмарына** – глубоко в народ
**сиңип кеткен** – проник, просачилась
**улуу муун** – старшее поколение
**алкашчу** – благодарили

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Мукай Элебаев билим эмнеге керек деп ойлогон?
2. Кайсы жерлерден окуган?
3. Билимин кандай аракет менен алган?
4. Аны кандай адам деп айтса болот экен?

**Үй тапшырма.**

Сөздөрдү жаттагыла. Текстти айтып бергиле.

# КӨРКӨМ ОКУУ

## «Семетей» эпосунан үзүндү

Аман бол – деп, Семетей,
Аттанып жүрөр болгондо.
Имерилип Каныкей,
Ичине капа толгондо.
Кызыл жүзү кубарып,
Кылгырып жашы муңайып,
Семетейге муну айтат,
Кашка тишин кылайтат:
«Адамдын кебин уга элек,
Аттанып үйдөн чыга элек.
Жортуп жолго жүрө элек,
Жоонун ченин биле элек.
Тоздуруп тонду кие элек,
Тон кадырын биле элек.
Ат арытып мине элек.
Ат кадырын биле элек.
Алыска сапар жүрө элек,
Азабын жолдун биле элек.
Баралына бара элек.
Баласың, али толо элек.
Барар болсоң элиңе,
Барып, кел балам саламат.
Жаралган жалкы жалгызым,
Жаратканга аманат.
Ат-тонуңдан ажырап,
Боло көрбө жаман ат.
Арбактуу атаң колдосун,
Алптар болсун жолдошуң.
Бастыргын балам жол болсун,
Басташкан душман кор болсун.
Арбагы колдоп атаңдын,
Айбатың журттан зор болсун.
Аңдап уккун Семетей
Айткан кептин башы ушул.
Айтылуу Кең-Кол,Таластын
Аркайган бийик ташы ушул.
Дайындап сага арнаган,

**имерилип** – со всей душой переживая
**кубарып** – побледнев
**кылайтат** – выставив зубы
**жортуп** – рыскать в поисках врага
**баралына бара элек** – не достиг зрелости
**жалкы** – единственный
**алптар** – богатыри
**басташкан** – враждующий
**айбат** – грозный вид
**аңдап** – внимательно

Тайбуурул деген тулпар бар
Казатка минер ат ушул.
Аттанып балам жөнөрсүң,
Апаңдын жашын төгөрсүң.
Буркурап ыйлап кеп айтам,
Бузбагын ишти деп айтам.
Энеңди таштап кетерсиң,
Элиңе балам жетерсиң.
Апаңды таштап кетерсиң,
Ата журтка жетерсиң.
Аттанып жолго кирерсиң,
Ат кадырын билерсиң.
Тоорулуп жолго кирерсиң,
Тон кадырын билерсиң.
Акылың болсо кулунум,
Айтканыма кирерсиң.
Эсиң болсо кулунум,
Энеңдин сөзүн билерсиң.
Аттанып чыксаң Таласка,
Алтымыш күндө жетерсиң.
Апаңды көп какшатпай
Айланып кайта келерсиң.
Эрикпей мындан жол жүрсөң,
Элүү күндө жетерсиң.
Энеңди көп сагынтпай,
Эрмегим кайта келерсиң.
Апаңдын айткан насаатын,
Акылыңа илерсиң.
Аман болсоң кулунум
Жүз күнгөчө келерсиң.
Андан ары барарсың,
Айлантып көзүң саларсың.
Аттанып чыксаң жол келер,
Арбактуу жолуң оң келер,
Адырмак кара тоо келер,
Ашуусу бийик зоо келер,
Агыны катуу сел келер,
Аркары калың жер келер.
Аркарын кууп кетпегин,
Аркардын башын кеспегин.
Артыңда калган энеңдин,
Агызып жашын эзбегин.
Будурмак кара тоо келер,
Булутту челген зоо келер,

**тулпар** – скакун
**казат** – поход
**буркурап ыйлап** – рыдая
**бузбагын** – не испортить
**тоорулуп** – почуствовав холод
**какшатпай** – не заставляй горевать
**эрикпей** – не ленясь
**насаат** – назидания
**адырмак** – холмистая гора
**эзбегин** – не мучай
**булутту челген** – укутанная облаками скала



Бурулуп аккан сел келер,
Бугусу калың жер келер,
Бугуну кууп кетпегин,
Бугунун башын кеспегин.
Буркураган энеңдин,
Булатып жашын эзбегин.
Тиреген көрктүү тоо келер,
Төбөсү бийик зоо келер.
Тескери аккан сел келер,
Тексеси калың жер келер.
Текесин кууп кетпегин,
Текенин башын кеспегин.
Телмирген сага энеңдин,
Тентитип жашын эзбегин.
Аркарды куусаң токтолор,
Ажалы анын ок болор,
Аркарды кууп сен кетсең,
Арманда энең жок болор.
Бугуну куусаң токтолор,
Буйруган ажал ок болор,
Бугуну кууп сен кетсең,
Буркурап энең жок болор.
Текени куусаң токтолор,
Теги эле ажал ок болор,
Текени кууп сен кетсең
Тентип бир энең жок болор.
Буркурап Каныш көп ыйлап,
Булуттуу көк кошо ыйлап.
Кайгырып Каныш көп ыйлап,
Кайышып кошо жер ыйлап.
Уккандын баарын муңайтат.
Узактан сөзүн улантат:
«Айтканга кулак саларсың,
Акылыңа аларсың.
Сары абам менен саламат,
Бакайга туура барасың.
Эскерткен кебим алгының.
Эсиңе түйүп салгының.
Эки энеңди ыйлатпай.
Эртелеп кайра жангының.
Ботонун белин ашканда,
Кара-Буура, Чаткалда,
Каңшаар кара таш келет,
Ташка ошол катканга.

**тиреген көрктүү** – вздымающиеся к небу
**телмирген** – беспомощную
**арманда** – в муках
**теги эле** – в конце концов
**көк** – небо
**муңайтат** – печалиться
**эскерткен** – предупреждающий
**жангының** – возвращайся
**каңшаар** – молва



Атаңдын көзү барында,
Хан ордом аман чагында.
Устаны далай жыйдыргам,
Ташты ошол ойдургам.
Атаңдын асыл дүйнөсүн,
Каттырып ага койдургам.
Адисти далай жыйдыргам,
Алмастап ташты ойдургам.
Жан кишиге туйдурбай,
Жетимиш нарга арттыргам.
Кызыл алтын дүйнөнү
Жашырып анда каттыргам.
Артынан ташты көзөтүп,
Шамалга жол ачтыргам.
Таш менен Талас арасын,
Бир күндүк болжоп каздыргам.
Семетей сага керек – деп,
Дүйнөңдү антип жашыргам.
Таш менен кептеп тешигин,
Табылгыс кылып бөктүргөм.
Орду анык болсун деп,
Оозуна топо төктүргөм.
Көчүрүп келип шилбини,
Көгөртүп анда өндүргөм.
Андан нары барганда,
Айлантып көзүң салганда,
Үч-Кошойдун чатында,
Жекендүү көлдүн башында,
Телмирген сенин жолуна,
Темир тоонун астында,
Бек атаңдын карасы,
Бепилдүү Бакай абасы.
Хан атаңдын карасы,
Кайраттуу Бакай абасы.
Мына ошондо жатуучу,
Акылдан алтын чачуучу.
Жолуң тосуп жаткандыр,
Көзүнө дүрбү тарткандыр.
Атаңдын ошол абасы
Бакайды таап аларсың.
Абыке, Көбөш, Жакыпка
Баштатып аны барарсың.
Бакайды таппай сен барсаң
Балаага башың каларсың.

**ойдургам** – продырявили
**дүйнөсүн** – богатства
**адис** – специалист
**туйдурбай** – не показывая
**көзөтүп** – просверлив
**болжоп** – примерно
**бөктүргөм** – замуровала
**топо** – земля из глины
**өндүргөм** – вырастила
**чатында** – пространство, часть горы
**жекендүү** – болотное растение
**бепилдүү** – мудрый
**дүрбү** – бинокль
**балаа** – беда

Жалгыз туяк Семетей,
Жаныңа жабыр саларсың. — **жабыр саларсың** – пострадаешь
Бакай жолун тоспосо,
Барбагын анда чунагым.
Калбасын башың балаага,
Баатырдан калган туягым.
Андан нары жүргөндө,
Атаңдын досу Көкбөрү,
Айткандын уулу Каракөк,
Тартуу кылып атаңа, — **тартуу кылып** – в подарок
Алып келген кара Лөк.
Кайран Лөктү ойлоймун,
Жооругандыр бели – деп. — **жооругандыр** – натерло спину
Чаткалдын тумшук жолунда,
Жаткандыр тосуп сени – деп.
Айбан да болсо жаныбар,
Адам билгис жайы бар.
Кош өркөчү койкойгон,
Эгиз кара сеңирдей. — **сеңирдей** – гребень
Аркасын басып албан жүк,
Жүргөндүр байкуш семирбей.
Кал басып көзүн калгандыр — **кал** – пятно
Же, Каныкей сөзү жалгандыр.
Каныкей сөзү чын болсо,
Чөгүп жатып алгандыр. — **чөгүп жатып** – опускаясь на колени
Жатканын көрсөң кара Лөк,
Түшпөй өтүп кетпегин.
«Атакемдин кара нар,
Амансыңбы сен? – дегин.
Каткан алтын зарыңды, — **зарыңды** – золотые монеты
Таап алса адамдар,
Кара Лөк боздоп жиберет.
Албаса киши дүйнөңдү,
Айбаттанып чиренет. — **чиренет** – расправляя ноги
Чачыратып жинин ал,
Чаңдатып жолду чамынат.
Куудай мойнун койкойтуп, — **куудай мойнун** – высунув шею как лебедь
Салпылдатып өркөчүн
Тайманбай сени качырат. — **тайманбай** – не боясь
Жаныңа кирип келгенде,
Көөнүнө азар бербегин. — **көөнүнө азар бербегин** – не дай волю
Адашып кетип канча жыл,
Элимди издеп келаткан
Семетейиң мен дегин.



Сенин атың укканда,
Селдей жашы төгүлөт,
Карып калган кара Лөк
Жашарып кайта жаңы асый, — **жаңы асый** – по пятому году
Жаш бууржундай көрүнөт. — **бууржун** – как молодой верблюд
Башын салып буркулдап,
Бакайды көздөй жүгүрөт.
Кара Лөк кайра тартканда
Куу тайган келет арсылдап. — **арсылдап** – лая
Алгыр тууган Кумайык — **алгыр** – ловкий
Азуулары карсылдап.
Утуру келген куу тайган,
Улуп-уңшуп ажылдап.
Кирип келет качырып,
Боз жоргоңду такымдап. — **такымдап** – неотступно следуя
«Куу тайганы атамдын,
Мен Семетей жалгыз» – де.
«Абыке-Көбөш айынан,
Тентип кеткен алыс» – де.
Семетей атың укканда,
Ай чапчып алыс түйүлөт. — **түйүлөт** – подпрыгивая калачиком
Уулуң келди дегенсип,
Сүйүнчүлөп Манастын,
Күмбөзүнө жүгүрөт.
Анын тыяк жагында,
Жекендүү көлдүн башында,
Шабырлуу көлдүн чатында. — **шабырлуу** – озеро поросший камышом
Сан миң бээни байлаган,
Салакалуу атаңдың — **салакалуу** – влиятельный, солидный
Санжыргасы жайнаган.
Алтын мамы казык бар,
Аккуланы байлаган.
Андан нары жагында
Атаңдын сайган багында.
Төрт-Көлдүн төмөн жагында
Төрөмдүн сайган багында. — **төрө** – господин

Баркөлдүн маңдай жагында, — **маңдай** – напротив
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө.
Кең-Кол ата чатында,
Ала-Көлдүн башында.
Атаң Манас күмбөзү,
Заңкайып турат алдында. — **заңкайып** – возвышаясь

Ошол жерге барганда
Атыңан ыйлап түшүрсүн.
Медет сурап арбактан,
Көөнүңдө ишиң бүтүрсүн.
Оң бөйрөгүң таянып,
Ойронум атам – деп түшкүн.
Сол бөйрөгүң таянып,
Солтонум атам – деп түшкүн.
Арбагы анын колдосо,
Шамал чыгат күркүрөп.
Баргын десе чунагым,
Доош чыгат күңгүрөп.
Күү толгогон комуздай,
Күңгүрөнүп күүлөнөт.
Агыны катуу дайрадай.
Айбат салып сүрдөнөт.
Күмбөздөн доош чыкпаса,
Билдирип белги кылбаса.
Кайтып кел, анда чунагым,
Какшаган зарың укпаса.
Күмбөзгө барсаң чунагым,
Аземдеп аны салдыргам.
Кыш койдурчу топосун,
Тогуз миң төөнү чубатып,
Чоң Ополдон алдыргам.
Чоң Ополдун кил топо,
Ажыралбас кил ошо.
Төкөр уста Бөлөкбай,
Көк жал атаң Манастын
Бар шайманын жасарда,
Кен бышырган көл ошо.
Маңдайына күмбөздүн,
Атаңдын атын жаздыргам.
Ал ичинде күмбөздүн,
Арка болгон атаңа
Арстандардын сүрөтүн,
Адис менен тарттыргам.
Абайлап баштан карасаң,
Ак сакалы жайкалган,
Боз жорго минип чайпалган,
Акылман абаң Бакай хан.
Анын арткы жагында
Минген аты Коёнбоз,
Салынганы баяндос.

**көөнү** – в мечтах
**солтон** – покровитель
**доош** – звук
**айбат салып** – покажется в грозном виде
**какшаган зарың укпаса** – если не услышет плач
**аземдеп** – разукрасив
**төкөр** – храмой
**көк жал** – храбрый, бесстрашный
**шайман** – снаряжение
**арка болгон** – опора
**чайпалган** – раскачиваясь
**баяндос** – подстилка на седло



Аккула минип алпайган,
Ала-Тоодой заңкайган,
Этек-жеңи жыйналбай
Ак көбөө тону далпайган.
Аккелте асып далыга,
Жоо жарагы шайланган.
Арстан атаң алп Манас,
Ак калпак кийип жарданган.
Андан кийин карасаң,
Тоодой тору аты бар,
Толгомо саптуу камчы бар,
Ээрчиткен тайган ити бар,
Адамдан башка сүрү бар,
Тургандай тирүү түрү бар,
Көргөндө көңүл толкунган,
Олуя заада Кошой хан.
Андан нары карасаң,
Карыга найза илинүү,
Бакырыгы баш жарган,
Баатырлыгы белгилүү.
Темир кызыл аты бар,
Жаалысы жанды жаздырган,
Көзүнөн кызыл от күйүп,
Жалыны жанга чачырар,
Калем, дүбөт кармаган,
Кагазга түшкөн каты бар.
Атаң менен аталаш,
Агаң Сыргак аты бар.
Каныкей энең жанында,
Кан зардап болгон дарты бар.
Андан нары карасаң,
Төр жагына тартылган,
Төрөлөрдөн бешөө бар,
Аттары катар айтылган:
Музбурчак, Агыш, Керкөкүл,
Үрбү, Сынчы алар бар.
Ал бешөөнүн артынан,
Айрым жалгыз тартылган,
Көк дөбө жээк тон тийген,
Көк ала тулпар ат минген,
Айдаркан уулу Көкчө хан.
Сол жагында күмбөздүн,
Ай чырайлуу, нур жүздүү,
Ичи сүттөй, ак көңүл,

**этек-жеңи** – подол шубы
**жоо жарагы** – доспехи
**толгомо саптуу** – плеть с рубцами на рукоятке
**Олуя заада** – человек праведной жизни
**кары** – верхняя часть руки
**жаалысы** – злоба
**дүбөт** – чернила
**кан зардап** – горько плакать
**төрө** – господин
**көк дөбө жээк** – с голубым краем
**ай чырайлуу** – подобно луне

Ийриси жок, түз сөздүү,
Жээрде сакал, айбаттуу,
Кажыбаган кайраттуу,
Айдай жүзү нур чалган,
Алтындан кемер курчалган,
Сары ала тулпар ат минген,
Сары алтындан тон кийген,
Жердеги кымбат асылдан,
Жетимиш эки тил билген.
Баштап барып атаңды,
Чоң Бээжинге кийирген.
Калмак менен касташып,
Кардына кара жин кирген.
Алтын тактан ажырап,
Элинен качып тентиген,
Азиз кандын Алмамбет,
Атаң Манас дос билген.
Андан нары карасаң,
Көктеке тулпар ат минген,
Көзү күйүп жалындап,
Көпкөк темир тон кийген.
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Бет алган жагы от күйгөн,
Тогуз жашта кошулуп,
Атаң менен бир жүргөн.
Өнөгүн колдон бербеген,
Беттешип пенде жеңбеген.
Кармашарга жоо келсе,
Камынып алды мен деген.
Жоону сайса көп сайган,
Мен сайдым – деп айтпаган,
Жолборсум сайды –деп айткан.
Эрди сайса ал сайган,
Эр сайдым – деп айтпаган,
Эр Манас сайды – деп айткан.
Сундуруп найза тартпаган,
Сумсайып жоодон качпаган.
Суу ордуна кан кечкен,
Акбалта хандын Чубак хан.
Андан ары карасаң,
Карткүрөңдөй ат минген.
Сүлөөсүн ичик, суусар бөрк,
Сыланып кыздай кийинген.
Жетик окуп жашынан,

**ийриси жок** – прямолинейный
**кажыбаган** – неустанный
**кемер** – ремень
**Бээжин** – Пекин
**тактан ажырап** – лишившись трона
**жалындап** – ярко светив
**куу сүрөөн** – крики-выкрики
**өнөгүн** – уменье
**камынып алды** – уже готов
**Жолборсум сайды** – им. ввиду Манас
**сумсайып** – степенный
**бөрк** – шапка с куньей опушкой
**жетик окуп** – учился с умом



Жетимиш канча тил билген.
Ак калпак кыргыз ичинде
Анчалык илим ким билген?!
Элчи болуп Манаска
Эл кыдырып көп жүргөн.
Хан алдында тартынбай,
Таамайлап так сүйлөгөн.
Коңур чечен Ажыбай,
Алты сан элди бийлеген.
Андан нары карасаң
Ак кагазга кат жазган,
Атаң Манас эрдигин
Абанга салып жат айткан.
Жаагын жанып кайрыган,
Кызыл тили сайраган.
Айткан кезде Манасты
Кардыгып үнү калбаган.
Ырамандын Ырчы уулу,
Ыр менен даңкын тараткан.
Айтылуу «Манас» жомогун
Алмадай баштаган жараткан.
Атаңдын балам күмбөзүн,
Аземден ошондой жасаттым.
Айкөл Манас атагын,
Ай-ааламга тараттым.
Арстандарды жат кылдым.
Ал өзүңдү, атаңдын
Арбагына тапшырдым.
Бакайдын берген белгиси,
Бул кынды ала баргын – деп,
Көрүшкөн жерде абаңа,
Көрсөтүп аны салгын» – деп.
Кайран Каныш буркурап,
Чыйырды турат зыркырап.
Ал экөөнү көргөндө,
Калың эл ыйлайт чуркурап.
Анда Семең кеп айтат,
«Ыйлаба эне – деп – айтат:
Акыл сөзүң алармын,
Адашпай элге барармын.
Атакемдин күмбөзүн
Анык издеп табармын.
Хан атамдын ордосун,
Кайтарып өзүм алармын.

**тартынбай** – не боясь, не стесняясь
**таамайлап** – четко
**бийлеген** – правил
**абанга** – с музыкой
**кардыгып үнү калбаган** – не охрипнет
**айтылуу** – всем известный
**тараттым** – прославляла
**белгиси** – знак
**кын** – ножны
**чуркурап** – визгливо плакать
**адашпай** – не заблуждаясь
**кайтарып** – верну обратно

Насаат кебиң алармын,
Намыска кылыч чабармын.
Абыке менен Көбөштөн,
Кегиңди алып жанармын.
Аркарды көрсө атат – деп,
Адырда түнөп жатат – деп,
Ойлобогун энеке,
Кызыкка куунап батат – деп,
Кулжаны көрсө атат – деп,
Курбуда уктап жатат – деп,
Кам санаба энеке,
Кан кызыкка батат – деп,
Бугуну көрсө атат – деп,
Ат үркүтүп жатат – деп,
Кайрылбагын энеке,
Капылетке батат – деп,
Бурuштуу жерде бугу бар,
Мусапыр эрдин муңу бар.
Муңу жок киши баштанып,
Бугуну кантип атайын?
Буркурап энем сен турсаң,
Бурулуп кантип жатайын?
Адырлуу жерде аркар бар,
Азамат эрде арман бар.
Армансыз киши кептенип,
Аркарды кантип атайын?
Тентиген энем сен турсаң,
Термелбей кантип жатайын?..
Тектирлүү жерде теке бар,
Тел болгон менде капа бар.
Текени кууп атат – деп,
Тентек туулган чунагым,
Теңселип уктап жатат – деп.
Теги ойлобо энеке,
Теңир урсун балаңды,
Тентип кетсем теги эле,
Теке атыштын ордуна,
Тентиген жоону басармын.
Абыке менен Көбөштүн,
Алайтып көзүн ачармын».
Амандашып, коштошуп,
Ноюбаган эр Семең
Жүрүп кетти бастырып,
Жүрөгү курч шер Семең.

**кегиңди алып** – отомщу
**кызыкка куунап** – наслаждается
**кам санаба** – не переживай
**капылетке батат** – в беспечности
**бурuштуу жерде** – поворотливые места
**муңу жок** – без печали
**адырлуу** – холмистый
**термелбей** – не колебаясь
**тектирлүү** – равнина *(не больш.)* в горах
**теги ойлобо** – вообще не думай
**алайтып** – широко раскрою
**ноюбаган** – не утомленный



Муну коё туруңуз,
Ата журтун Семетей,
Тапканынан угуңуз.

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Каныкейдин насаатын Семетей аткарат деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн?
2. Бул насаат эмне себептен келип чыкты? Себебин айтып бергиле.

## МОЛДО КЫЛЫЧ

## «Зилзала»

Молдо Кылычтын «Зилзала» деген чыгармасы 1911-жылы Казан шаарында басылып чыгат. Бул эмгек кыргыз тарыхында басмага жарыяланган алгачкы чыгармалардан болот.

### Зилзала

Өзүң түзөп оңдогун,
Бу заман түрлөндү,
Жер силкинип термелди.
Кылкылдаган асман-жер.
Бузулуп кетээр өңдөндү.
Санаага келбес иш болду,
Сакта кудай, бендеңди.
Тоо бузулуп, таш кулап,
Жер жарылып, жар улап,

Ит бүткөндүн баарысы,
Улуп-уңшуп чуркурап,
Жан алуучу келээрдей
Чочуп турдук зыркырап.

Өлүмдү эске түшүрүп.
Алланын иши ушундай,
Аманат бенде курусун,
Акыл жетпес караса,
Кудуреттин жумушун.
Жер дүйнөнү туйлатып,
Көрдүңбү мындай кылышын,
Добуш тартып дүрүлдөп,
Өлүмдөн башка ойлобой,
Акылың кетти бириндеп.
А, кудайлап жалбарып,
Алда кандай болор деп,
Уктаган балдар ойгонду,
Ыйлабай өзү сооронду.
Алда кандай журук деп,
Эси чыгып жаш балдар,
Булар дагы ойлонду.
Жан-жаныбар, макулук
Чочубастан койбоду.
Туурда куштар талпынып,
Ат кошкуруп алкынып.
Адам кантип коркпосун,
Акыл башта бар туруп.
Мына мындай өңдөнгөн,
Мындай журук ким көргөн.
Билгенге айткан бул сөзүм,
Битина журук бенделен.
Адетте болбос мынчалык,
Жер кыймылдап термелген.

Жараткан алда кудурет,
Бендеге кылган айбатты,
Ай тутулуп жарылмак,
Күн кетилип, нур таймак.
Куйруктуу жылдыз кеп чыгып,
Асмандагы Ай, Күндүн,
Бетин жаап кир чалмак,
Адамзаттын шумунан
Анты шерти, убада –
Баары кетти жалтайлап.
Эл кыдырып кожолор,
Амал кылбай молдолор,
Адам акын көп жеди.
Түрлүү, түрлүү бенделер,
Кууланган жорук көбөйдү,
Кудайдан башка ким билээр.
Акыретке барганда
Адам уулу тергелээр.

Насипке кылсаң канагат,
Ыйманың болор саламат.
Сынап турчу, жарандар,
Зилзала болгон алаамат.
Жер чайкалып туйламак,
Там жыгылып куламак.
Далай адам зар катып,
Кайгы тартып куурамак.
Чүйдүн башы Чоң-Кемин,
Мен айтайын билгеним.
Анык билген адамдар,
Айтып берди көргөнүн.
Үч жүздөн көп киши деп,
Жери урап өлгөнүн.
Санаага келбес иш болду,
Замандын көрчү түрлөрүн.
Биздер бала, жаш чакта,
Жер чайпалмак бар эле,
Билген адам билбесе,
Бул эмне болду деп,
Билбегендер көп эле.

Жер силкинип жарылды,
Байсоорунду барып көр.
Зилзаладан чочуду,
Жаны чыгып далайы,
Чочуганда кантебиз,
Сакта, кудай, тобокел.
Чоң-Кеминде бузулду
Тоо тоосунан канча жер.
Жалпы журтка кудайым,
Жакшылыкты бере көр.
Дин мусулман агайын,
Сактоочу өзү кудайым.
Акыр заман белгиси
Сизге баян кылайын.
Китептерде сөзү бар,
Ынанбасаң табайын.
Заман андай болмогу,
Жерге бузук толмогу.
Ар сонундуу иш чыгар –
Мына ушул болжолу.
Былкылдабас кара жер
Азоо аттай туйлады.
Сонун иштер көп болду,
Шумдугунан бенденин.
Алалдыкка арзыбай
Сүткө кылар сооданы.
Ысырапка мал чачып,
Журтуң кылды кооганы.
Үстүбүздө асман, көк,
Айы бирөө, жылдыз көп.
Күн чыкканда түн кетээр,
Мунун жолу бир бөлөк.
Адеттеги иштер бул,
Ар жаныбар төлдөмөк.
Ушул акыр замана,
Жер секинин туйламак.
Кудуретине таң калып,
Турар көзүң алайып.

Өзүңүздү байкаңыз,
Элди-журтту нетесиң.
Тобо кылсаң күнүгө,
Даражага жетесиң.



**түрлөндү** – изменилась
**улуп-уңшуп** – выли
**бенде (пенде)** – личность, человек
**жалбарып** – молились
**сооронду** – перестали плакать
**макулук** – животные
**канагат** – довольство
**алаамат** – конец, апоколоапсис
**зилзала** – землятресение
**белгиси** – знак
**ынанбасаң** – если не веришь
**болжолу** – примерно
**санаага келбес** – не ожиданное
**оңдонгон** – похожее
**ай тутулуп** – затмение луны
**куйруктуу жылдыз** – метеорит
**шумунан** – от плохих людей
**анты, шерти** – клятва, слово чести
**жалтайлап** – отвернулись
**кууланган жорук** – обман, хитрость
**акырет** – другой мир, конец
**тергелээр** – ответят
**ысырапка** – трата без счета
**адеттеги** – обычный
**кудуретине** – способности
**байкаңыз** – заметьте
**даражага** – степени, уровню

## Жинди суу

Болот калем болжолсуз
Тантык эмес тили так.
Чие бербейт орунсуз
Бекеринен тантырап,
Кажыбаймын мен өзүм
Кызыл тилим сүйлөп бак.
Сарбагыштын Көк-Ойрок,
Көчөт экен жабыла.
Күз башынан ылдыйлап,
Жолоочулап Кочкордон,
Чубуруп келип күңгөйлөп,
Агып кете жаздадым,
Жинди суудан сермелеп.
Айтып өтөм алымча,
Айып кылба, сал кулак.
Аз да болсо укканга,
Дастан болор бир сабак.
Агыны шар, тик жылга,
Аягында коосу.
Эки жагы тең кашат,
Кысык экен куушу.
Чакырымча чоюлган,
Тоо, таш, шагыл турушу.
Агып жатат чаңырып,
Жиндиленген суусу.
Көчөр болсо жутам деп,
Оп тарткандай оозу.
Киргенинде буркурайт,
Тумандаган буусу.

**тантык эмес** – не пустословен
**кажыбаймын** – не поколеблюсь
**көчөт** – саженец
**чубуруп** – медленно стекая
**сермелеп** – хвататься то за одно, то за другое
**алымча** – сколько смогу
**жылга** – впадина
**коо** – ложбина
**шагыл** – щебень
**оп тарткандай** – как вдохнувший

Зилзаладай дүркүрөйт,
Күрпүлдөгөн күүсү.
Күндүк жерге угулат,
Күркүрөгөн дуусу.
Кечкенинде ар качан,
Арылбаган чуусу.
Тескейинде керилген,
Тектирленген торпусу.
Күн чыгыштан көрүнгөн,
Көк-Ойроктун өз ичи.
Күн батыштан аркайган,
Айтымбеттин чокусу.
Күңгөйүндө көп экен,
Калың арча коктусу.
Ар жылгасын жүз түтүн,
Жайлап жатат өлчөсөм.
Маңдайында баткалыш –
Кара-Кумдун жылгасы.
Кара карга алдырбас,
Мал жайыттын ордосу.
Жылгасынын оозунда,
Айтып берди бир киши,
Абалтадан жердеген,
Калмакынын кыштоосу.
Этегинен башталат,
Капталдаган кыясы.
Калың арча, карагай
Каршы-терши салаасы.
Каптал жолдон өткөндө,
Кашкелеңдин жаасы.
Торпуланган каман төш,
Чалкак экен талаасы,
Кар жатпаган жайында
Кара кумдак тоо башы.
Арсак ташка аралаш,
Кызыл кабык согондор.
Кылыч бияз дагы бар,
Капталынан карасам,
Жергиликтүү даамы бар,
Базар бияз курусун.
Сырты жайык көк шибер,
Сарбагыштын жайлоосу,
Жайлаганда чарбага,
Жери бекен жалгыз жол.

**күрпүлдөгөн** – грохочущий
**дуу** – шум
**арылбаган** – нескончаемый
**тектирленген торпу** – каменистые склоны с ровными склонами
**коктусу** – лог, впадина (в горах)
**жылга** – ложе ручья
**баткалыш** – пространство, которое не просматривается из-за естественной преграды
**ордосу** – удобное место для скота
**абалтадан** – с давних времен
**этек** – подол
**торпуланган** – каменистый склон горы
**чалкак** – широко раскинувшийся
**арсак ташка** – торчащий камень
**согон** – дикий лук
**бияз** – лук



Артык экен пайдасы.
Жеке дөрөө ашуусу.
Кышта калат кар басып,
Күрткү аралаш көк музу.
Канаттуулар болбосо,
Адамдын жок өткүсү.
Жинди суудан кыныккан,
Кузгун менен бөрүсү.
Асман менен айланган,
Аңдып жүрөт жорусу.
Карагайды жамынган,
Калың экен доңузу.
Кийик көрсө аңдыган,
Чамынышкан илбирси.
Аюулары ар качан,
Адамга көп кылмышы.
Ажалына даарыган,
Коргоолдой коргошун.
Толуп жатат дагы да,
Көк-Ойрокто илбээсин.
Угар болсо баяндайм,
Жинди суунун турмушун.
Туш-тушунан аянбай,
Куюп жаткан баары суу.
Балыктары көп экен,
Кичинеси, ириси.
Жинди суудай кишини,
Агызбаган баарысы.
Зыяны жок кымындай,
Жумшак экен агышы.
Актым деген кишинин,
Угулбады дабышы.
Оолугасың, Жинди суу,
Жин ургандай желди суу.
Жиндиленген чагында,
Кечкен кетпейт эсен-соо.
Ысык болуп күн жааса,
Кире турган белгиси,
Тоо жаңырып, таш агып,
Күлдүрөгөн сүрдүү суу.
Чалмаланып, сурданып,
Ылайланган кирдүү суу.
Тунук агып жыбылжып,
Кирбегенде нурдай суу.

**жеке дөрөө** – единственный проход
**күрткү** – сугроб
**кыныккан** – входящий во вкус
**доңуз** – кабан
**чамынышкан** – рвущийся
**кылмышы** – преступление
**илбээсин** – пернатая дичь
**кымын** – малейшая частица
**оолугасың** – бесноваться
**эсен-соо** – здоровый
**күлдүрөгөн** – грохотать
**чалмаланып** – забалтывая
**ылайланган** – становиться мутным

Эртең менен, түндө тынч,
Түш кыйшая аңги суу. — **аңги** – весенняя, полая
Кары-жашка карабас,
Тил албаган маңги суу. — **маңги** – вечный
Тоо жаңыртып киргенде,
Кече албаган миң десе,
Кирбей калат жай агып,
Бүркөк болсо бир эсе. — **бүркөк** – пасмурный
Тоо өркөчтөп киргенде,
Кишинин жок көргүсү.
Эрибеген ээлден — **ээл** – сдавних времен
Эң башында мөңгүсү.
Заарканып карабай, — **заарканып** – бушевать
Заматка жок тургусу,
Ак-караны тергебей — **терге** – не разбираясь
Адамга өч кандуу суу.
Көктөм менен күзүндө, — **көктөм** – ранняя весна
Сопу болгон бир кези. — **сопу** – набожный
Жайдын күнү ысыкта,
Жиндиленет мүнөзү.
Агызаарда текшербейт,
Адамзаттын күнөөсүн. — **күнөө** – вина
Качып кетет капкайда,
Жанындагы жолдошун.
Качпаганда не пайда?
Жинди сууну ылгасам, — **ылга** – выбирать
Эч ылаажы кыла албайт. — **ылаажы** – способ
Кудай медет бербесе, — **медет** – помощь, опора
Таштан-ташка соккулап,
Агызууда белгиси.
Агып өлө жаздадым,
Ажалың жок болгон соң,
Мейман дебейт бир келген.
Кантип ичим жылысын.
Уяты жок Жинди суу,
Канга тойбос бөрүсүн.
Агызууда тилегин,
Кантип ишиң оңолсун.
Сел жүргөндөй тополоң,
Киргениңде буурасың.
Үйөр, көчкү кыяндай — **үйөр** – бурный, весенний горный поток
Борошолоп турасың. — **борошолоп** – мести *(о поземице)*
Кайгы, капа, кандуу бет,
Жалынсаң да болбойсуң.



Бөгүп жолун кезенип,
Жолоочуну торойсуң,
Жоо сыяктуу узанып, — **жоо** – враг
Тил албаган долусуң, — **долусуң** – взбалмошный
Бай кечкенде айгырчан
Ажалынан коргойсуң.
Чабал атчан кечкенде, — **чабал** – слабый, немощный
Жалынса да койбойсуң.
Жарга уруп шар менен,
Шалактатып сомдойсуң.
Арык атчан кечпегин,
Агып өлүп шордойсуң.
Агып кете жаздадым,
Жинди сууң оңбосун.
Алтын, күмүш берсе да,
Мындан кийин келбесмин.
Бир чакырым жогору
Кашат жандап өрдөсөң, — **кашат** – высокий берег
Кечүүсү бар алкымда, — **алкым** – глотка
Жөө кечсең да өлбөссүң.
Жинди суудан кечериң.
Андан кечсең убалың,
Агып өлүп калбайсың.

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Акын чыгармасын эмне үчүн «Жинди суу» деп атаган?
2. Чыгармада суудан башка эмнелерди да сүрөттөйт?
3. Алардын өз ара кандай байланыштары бар?
4. Негизи эле адамдын жашоосунда суунун ролу кандай?

## ТОГОЛОК МОЛДО

## Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы

**Талым кыз:**

– Адамзат пендеси,
Сүйгөн нуру не болот?
Асман менен закымдап, — **закымдап** – мчась
Жүргөн нуру не болот?
Аркасында тунарык, — **тунарык** – мгла
Кирген нуру не болот?
Асман, жерди жаркыткан, — **жаркыткан** – освещающий
Ачык нуру не болот?

Асман, жерди бүркөгөн,
Сасык нуру не болот?
Асман, жердин зыйнаты,
Канык нуру не болот?
Эл ортосун ынтымак,
Кылган нуру не болот?

**зыйнат** – красота, украшение
**канык** – опытный

Бир ордуна кебелбей,
Турган нуру не болот?
Талымдын тартпа домогун,
Таба салгын жомогун,
Менин атым – Талым кыз,
Ченеп мага жологун.

**домогун** – скандал, угроза

**Көбөктүн жообу:**
– Адамзат пендеси,
Сүйгөн нуру таң болот,
Асман менен закымдап,
Жүргөн нуру ай болот,
Аркасында тунарык,
Кирген нуру түн болот,
Асман, жерди жараткан,
Ачык нуру күн болот.
Жер – асманды бүркөгөн,
Сасык нуру туман дейт
Жер – асманды бүркөгөн,
Анын нуру жылдыз дейт.
Эл ортосун ынтымак ,
Кылган нуру жакшы сөз.
Бир ордуна кебелбей,
Турган нуру убада,
Таптымбы, Талым, сөзүмдү?
Келтирдимби, кезинди?
Аптыкпагын, Талым кыз,
Ачмак болдум көзүңдү!..

**закымдап** – мчась
**аптыкпагын** – не запинайся

**Талым кыз:**
– Жер сиңип кеткен жети атаң,
Ал эмне Көбөк чоң?
Жерди жемире баскан чал буура,
Ал эмне Көбөк чоң?
Желини сүттүү куу инген,
Ал эмне Көбөк чоң?
Жез буйлануу нар тайлак,

**жемире баскан** – коверкая
**инген** – верблюдица
**нар тайлак** – одногорбый верблюжонок



Ал эмне Көбөк чоң?
Оргочордо от күйөт,
Ал эмне Көбөк чоң?
Ысык-Көлдө ит үрөт,
Ал эмне Көбөк чоң?
Жан бүткөндүн баарынан
Каргыш алган ким болот?
Жанга залал кылбастан,
Алкыш алган ким болот?
Түйүлгөндүн түйүнүн,
Чечип турган ким болот?
Күндөп-түндөп токтобой,
Көчүп турган ким болот?
Сөөгүңдү ысытып,
Эзип турган ким болот?

**каргыш** – проклятие
**алкыш** – благословение

**Көбөк:**
– Жер сиңип кеткен жети атаң,
Жети атабыз эмеспи!
Жерди жемире баскан чал буура –
Түп атабыз эмеспи!
Жез буйлануу нар тайлак –
Карындашым эмеспи!
Оргочордон от күйсө, –
Эки көзү жайнаган,
Ысык-Көлдөн ит үрсө,
Бака болот чардаган.
Жан бүткөндүн баарынан,
Каргыш алган карышкыр.
Жанга залал кылбастан,
Алкыш алган байкуштар.
Түйүлгөндүн түйүнүн,
Чечип турган чечендер.
Күндөп-түндөп токтобой
Көчүп жүргөн санаа дейт.
Сөөгүңдү ысытып,
Эзип турган бала дейт.

**чардаган** – квакать

**Талым кыз:**
– Узун, узун, узун жол,
Учун билген ким экен?
Күндөп-түндөп жүгүрүп,
Аянбай жүргөн ким экен?
Алыс менен жуууктун,

**жуук** – близко

Чечин билген ким экен?
Ачуу менен таттууну,
Даамын таткан ким экен?
Кара сууну кайнатып,
Каймак алган ким экен?
Кан төгүшкөн душманды,
Жакын кылган ким экен?
Кайраты бар адамды,
Баатыр кылган ким экен?
Оолуктуруп адамды,
Чечен кылган ким болот?
Ойдо жокту ойлонтуп,
Кесел кылган ким болот?
Мүңкүрөтүп адамды,
Карып кылган ким болот?
Мууну-жүнүн бошотуп,
Арык кылган ким болот?
Кызыл жүзүн оңдуруп,
Сарык кылган ким болот?

**кайрат** – энергия, решимость

**оолуктуруп** – подзадоривать

**кесел** – болезнь

**мүңкүрөтүп** – довести до тяжелого состояния

**Көбөк:**

– Узун жолду узартып,
Учун билген кербенчи.
Күндөп-түндөп жүгүргөн,
Аябаган мергенчи.
Алыс менен жууктун,
Чечин билген базарчы.
Ачуу менен таттуунун,
Даамын таткан казанчы.
Кайраты бар жигитти,
Баатыр кылган эл болот.
Оолуктуруп адамды,
Чечен кылган тил болот.
Ойду жокту ойлотуп,
Кесел кылган жин болот.
Күңгүрөтүп адамды,
Карып кылган ургаачы.
Муун-жүнүн бошотуп,
Арык кылган убайым
Кызыл жүзүн оңдуруп,
Сарык кылган бересе.
Жана сөзүң бар болсо,
Жообун берем бир нече.

**сарык** – желтуха



**Талым кыз:**

– Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн
Кууда бүтүн бар бекен?
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Казда бүтүн бар бекен?
Башынан алыш албаган,
Таш оодарып салбаган,
Сууда бүтүн бар бекен?
Качырганын кайсаган,
Иттин чоңу бар бекен?
Качырганын куткарбас,
Куштун чоңу бар бекен?

**ылаачын** – сокол

**Көбөк:**

– Кулдуюп жерге түшпөгөн
Кууда бүтүн куркулдай.
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Каздан бүтүн карлыгач.
Башынан алыш албаган,
Таш оодарып салбаган,
Суудан бүтүп Ысык-Көл.
Качырганын кайсаган,
Иттин чоңу кумайык.
Кармаганын куткарбас,
Куштун шери буудайык.
Каргашалуу Талым кыз
Ушул кимге ылайык?

**кулдуюп** – окоченеть

**карлыгач** – ласточки, стрижи

**буудайык** – хищная птица *(сказоч.)*

**Талым кыз:**

Тим жүрбөстөн сөзүңө,
Тийиштик кылдым өзүңө.
Күнөөм болсо – кечкин деп,
Күрмөгөн жибиң чечкин деп,
Таппадым деп ыгыңды,
Талым кыз сөзгө жыгылды.

**күрмөгөн** – завязанный

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Талым кыз менен Көбөктүн айтышы түшүнүктүү болдубу?
2. Мындай табышмактуу айтыштан эмнени түшүндүңөр?
3. Талым кыздын Көбөккө минтип кайрылуусунун себеби эмнеде?
4. Көбөктүн жооптору Талым кызды кандай абалда калтырды?

## Куштардын аңгемеси

Сөз айтамын билдирип,
Ызгыт келди ырсылдап,
Уккандарды күлдүрүп.
Баарынын арка жагынан,
Айткан сөздүн аягын,
Боз куш менен суу кушу,
Жегичтерге тийдирип.
Кеңешип кылды абыдан.
Өткөн заман өзүндө,
Булбул чечен кеп айтат,
Күйгөн сөз кетпейт эсимде.
Мунун зарын ким айтат:
Баары куштун жоругу,
– Кел мында, баатыр куу төрө,
Мааниси болот сөзүндө.
Арзымды уккун – деп айтат.
Куш экиге бөлүнөт,
Бүлүнгөнү кеп болду,
Ирети менен келинет,
Бизге кыйын эп болду.
Жол-жобосу айтылып,
Азапты таштай катырып,
Анык көзгө көрүнөт.
Карчыга бизди жеп койду
Бирин айтат боз куш деп,
Ынтымакка келсеңер,
Бирин айтат суу куш деп,
Суудан орун берсеңер.
Боз кушунан сөз келет,
Туугандыктын жөнүнөн,
– Кысылды биздин турмуш – деп.
Ушу сөзгө көнсөңөр.
Булбул сайрап кеп айтат,
Ийри тумшук курч тырмак ,
Кеп айтканда бек айтат:
Душманыбыз көбөйдү.
Кеңеш кылып кеп салам,
Суу болбосо жан калбайт,
Кебимди ук журтум – деп айтат.
Көрсөттү далай өнөрдү.
Жыргап жатат суу кушу,
Суу жалгыз сенин сууңбу,
Көлгө барып ойноду.
Көпчүлүктүн суусу – дейт.
Суудан болду коргону,
Кеңешип бизге орун бер,
Буга эч жамандык болбоду.
Суу кушунун куусу – дейт.
Кырсык бизди торгоду
Куу туруп анда кеп айтат:
Жырткычтар бизди койбоду,
– Кутурбаңар – деп айтат.
Четке чыккан жан болсо,
Аз деп бизди кордобо,
Бири да аман болбоду.
Өзүңдү-өзүң зордобо.
Жагалмай менен Турумтай,
Кузгун турат карыңар,
Чакмак алып ойноду.
Буга кеңеш салыңар,
Кыргый деген кыйратып,
Суу менен бирлик орноду,
Кыйла чымчык сойлоду.
Ынтымак менен алыңар.
Өрттөнгөн кыргый өксөтүп,
Булбул турат чеченден,
Өмүрүнчө тойбоду.
Торгой турат эшенден,
Ушул турган боз кушка,
Элге журтка эп айтып,
Убал жок деп ойлоду
Куунун сөзү басылды,
Ителги менен ылаачын,
Адилдик менен айтты деп,
Канча жанды кыйратты.
Калктын чери жазылды.
Катын менен баланы,
Айыкпаган чыр турат,
Кан какшатып ыйлатты.
Айтып өлчөр сыр турат.
Карчыга деген кушу бар,
Ортобузда талашкан,
Кадиксиз мерген ушу бар,
Бийлик менен суу турат.





Калктын баарын кыйратып,
Үмүт кылып бийликтен,
Каныңды төккөн ушулар.
Тоодак менен куу турат.
Бүркүт деген зору бар,
– Суунун сайып башына,
Биз үчүн жайган тору бар,
Бийликтин коюп кашына.
Азабы көп боз куштун,
Ат жарышты салалы,
Арылбай турган шору бар.
Армансыз болуп калалы.
Таз кара менен жору бар,
Талашпай сууну, бийликти,
Ал дагы бизге душмандар.
Чыкканыбыз алалы.
Баары боз куш баш коштуң,
Учкан куштан тандайлы,
Ынтымактуу болуңар.
Армандуу болуп калбайлы.
Көк жору менен ак жору,
Болом деген боз кушу,
Көрүнөө бизге зордукчу.
Ушул сөздөн танбайлы,
Четинен серпип жеп кетет,
Булбул чечен шаңкылдап,
Мындан да көрдүк кордукту.
Сайрап турду элине.
Ак сары менен бөктөргү,
Эми ишенип кебине,
Аңдыганы балапан,
Келтирди ишин жөнүнө.
Аман-эсен төл кирбей,
Суу кушунан тандалып,
Кырылды мындан кыйла жан.
Кыл куйрук чыкты камданып.
Бүркүттүн зору буудайык,
Боз кушунан кара боор,
Күн көрбөй мындан куурадык,
Бу да чыкты тандалып.
Кулак угуп, көз көргөн,
Чыкканы байге алышка,
Ушул иш кимге ылайык.
Калганы куру калышка.

– Турбайлык мындай чууга – дейт,
– Куу төрө бизден сууну алды.
Кылалык кеңеш буга – дейт.
Арылбай турган чуу салды.
Кара жанды калкалап,
Кошуп алдың бийликти,
Кетелик көчүп сууга дейт.
Кылбадың оокат тирликти.
Суу кушунун баарысын,
Кыйналбай мындай барышка,
Көп жашаган карысын,
Кыйын элем жарышка,
Талапка кудай жеткирсе,
Акмактык кылып кара боор,
Табайын дейт дарысын.
Алдатып ийдиң куйрукка.
Боз куштан суу куш аз келди,
Кара боор оңбоссуң,
Өрдөк, чүрөк, каз келди.
Кайгырттың биздин жүрөктү,
Жер жарылып чөп чыгып,
Карчыга куштан кутулбай,
Бул мезгилде жаз келди.
Канчалык кылдың дүмөктү.
Аңыр келди аңкылдап,
Ат жарыштык арман жок,
Айтып сөзүн даңкылдап.
Ал сөздө арман калган жок.
Анын арка жагынан,
Кубанып турган кезиң бул,
Тартар келди такымдап,
Куу төрө бийлик кут болсун,
Эчки маарек, кашкалдак,
Боз куш менен суу кушу,
Ызгыт менен ак чардак,
Ынтымак кылып журт болсун!
Канаты жаман кара каз,
Ким ойлобойт айланы,
Көлдүн четин булгаган.
Журтка келчү пайданы.
Куунун кылган жарлыгын,
Буюрган ишке айла жок,
Бул да эки кылбаган.
Куу төрө алдың байгени.



■ **билдирип** – сообщаю пожирателям
**жегичтерге** – хищники
**кеңешип** – советуясь
**күйгөн** – горькие слова
**зарын** – жалобу, арызын
**жол-жобосу** – пути решения
**көрсөттү далай өнөрдү** – показал много выходок
**жамандык болбоду** – ничего плохого
**кырсык торгоду** – несчастье
**кордобо** – не унижай
**бирлик орноду** – установилась единство
**өлчөөр сыр** – есть что сказать
**үмүт кылып** – надеясь
**зору** – величавый, почетный
**армансыз** – без сожаления
**арылбай турган** – нельзя несчитаться
**ынтымак кылып** – объединиться
**журтка кылчу пайданы** – польза для народа

**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Куштар кандайча бөлүнүшкөн?
2. Боз куштар кимдерден кордук көрүшөт?
3. Ынтымакка келүүгө суу кушу макулбу?
4. Талаштын чечилиши, поэманын максаты эмнеде?

# КЫРГЫЗ ИСКУССТВОСУНУН ТАРЫХЫНА АРНАЛГАН АКАДЕМИЯЛЫК КЕЧЕ
## (7 көшөгөлүү тарыхый драма)

## Капитализм мезгили
*(Экинчи кече)*

### БИРИНЧИ СҮРӨТ

*Шабдандын кабыл алуу бөлмөсү. Дубалда (Николай II) падышанын жана анын аялынын сүрөттөрү. Дубалда илинип турган курал-жарактар. Бөлмөдө жазуу столу жана дивандар турат.*

### Биринчи көрүнүш

### ШАБДАН ЖАНА КЕМЕЛ

Ш а б д а н. Мен картайып, төрүмдөн көрүм жакын болуп калды. Карылыктын кубаты кеткен ушул алаканымда бүткүл кыргыз ууччалып турчу эле. Кыргызга камчы гана керек – сенин чоң атаң Жантай кыргызды камчы менен гана башкарган. Силер үч күндүк ишти, он күндө бүтүрө албадыңар, эл башкарууну билбейсиңер. Мамлекеттин тапшырмасы мөөнөтүндө аткарылуута тийиш.

К е м е л. Сиздин айткан чараңыз бизге белгилүү. Биз камчыны катуу жумшап жатабыз, ал ыкмага кедейлер да көндүм болуп алышты. Калыбы, азыр камчы менен иш бүтпөй калды го, кедейлер уюшулган түрдө каршы чыга баштады, айылдагылардын кыжыры келиши мүмкүн, анткени – 20 миң сом акча эмес да.

Ш а б д а н. Ха-ха-ха!.. Сен али баласың да, бала... Сен мага акыл үйрөтпө... Айыл арасындагы наразычылык биз үчүн пайда. Ушундай учурда чырды атайын чыгарыш керек, – эки үч кедейди, падышанын законуна каршы чыкты деп, айыпташ керек, мына ошондо гана иш оңунан чыгат. Ха-ха-ха... сен али баласың.

■ **мөөнөтүндө** – в свое время
**көндүм болуп** – привыкли
**уюшулган түрдө** – организованно



### Экинчи көрүнүш

### МУРДАГЫЛАР ЖАНА ЖАСООЛ

Ж а с о о л *(шашып кирип)*. Айылда чоң чатак болуп жатат, мырзам.

К е м е л. Чыр чыгарган кимдер?

Ж а с о о л. Токтор, Керимбек, Ташым жана бир топтору.

Ш а б д а н. Талкалаш керек... 20 миңди бүгүндөн калтырбай жыйнаш керек... *(Кемел менен Жасоол)*. Ха-ха-ха... Падыша менен ойногусу келген акмактар толуп жатат... ушундай небак эле болмок, акыры бышып кеткен тура. Бул учурдан пайдаланып калыш керек.

**бышып кеткен тура** – созрело

### Үчүнчү көрүнүш

### МОЛДО ЖАНА ШАБДАН

М о л д о. Сиз мени келсин деген экенсиз, бегим.

Ш а б д а н. Куран менен мечитке жүктөлгөн милдет аткарылбай жатат. Эл арасы жакшы эмес, кедейлер падышаны, төрөлөр менен эл башчыларын сыйлаганды койду. Ушул учурда силердин алдыңарда мындай милдет турат.

М о л д о. Аллага шүкүр, куран менен мечит өз милдетин орундап жатат.

Ш а б д а н. Губернатордон жашырын тапшырма бар. Анда Россиянын ички абалы жакшы эмес. Япон менен болгон согушта армия жеңишке ээ болбой жатат. Ошондуктан, ак падышанын душмандары эл арасына бүлгүн салып жатат деген. Эл арасында диний иштерди күчөтүш керек деп губернатор приказ жибериптир.

М о л д о. Кудурети күчтүү кудай, жеңишти ыйгара көр. Ак падышанын жеңиши үчүн куран өзүнө жүктөлгөн улуу милдетти аткарат.

Ш а б д а н. Султандын Стамбулдагы мечитине мен эки мертебе зыярат кылдым. Андан мен халифаттын атынан имамдын насаат айтканын уккамын. Чогулган эл ал насаатка терең кунт коюу менен кулак салган. Падыша такка отурган мезгилде, поптордун иштеген ишине таңгалганмын. Такка отурган күнү Петербургдун бардык эли кудайдын сүрөтүнө баш ийип, таазим кылышкан. Эгер силер ушундай иштерди иштей алсаңар, анда эбегейсиз зор милдет аткарар элеңер. Куран жана мечитти кадимкидей иштеткиле.

М о л д о. Түшүнөм, Сиздин шарапатыңызда, түшүнөм. Сиздин буйругуңузду орундоого дайым даярмын *(кетет)*.

Ш а б д а н *(өзүнчө)*. Туура айтып жатат Кемел. Азыр жалгыз камчы менен иш бүтпөйт. Ха-ха-ха... жарайсың Кемелим. Кемел менин дал өзүмдү тарткан.

**жүктөлгөн милдет** – порученные обязанности
**бүлгүн салып** – разобщать, разделять

### Төртүнчү көрүнүш

## ШАЦКИЙ ЖАНА ШАБДАН

Ш а ц к и й. Мен бүгүн жөнөсөмбү деймин, Жантаев мырза.

Ш а б д а н. Сиз дагы эки, үч күн эс алып, көңүл ачпайсызбы?

Ш а ц к и й. Азыр Россиянын чыныгы уулуна эс алыш кайда, Жантаев мырза. Япондордун ташын талкан кылып, Манчжурияны колубузга алмайынча, мамлекетибиздин Сиз жана биз өңдүү ишмерлерине уктамак кайда. Улуу Россиянын кечээки эле жапайы япондордон жеңилип калышы маскарачылык эмеспи. Европадагы мамлекеттердин алдында биз маскара болдук. Биз менен санаалаш болбогон Англия сыяктуу мамлекеттердин чырагына май таамп жатат. Ушундай кырдаалдан кийин бизге эс алыш кайда, Жантаев мырза.

Ш а б д а н. Ооба, ооба, сиз туура айтасыз, азыр бизге эс алчу учур эмес. Өткөн жылы, эгер керек десеңер мени согушка жөнөткүлө деп губернатордон суранган элем. Губернатор ага макул болбоду. Жашымдын алтымыштан ашканына карабастан, ак падыша үчүн, колума курал кармап, япондор менен беттешсемби дедим эле.

Ш а ц к и й. Орус падышасынын тактысын Сиз өңдүү чын ниети менен сүйгөн кишилер чанда чыгат.

Ш а б д а н. Биз, ыраматылык Скобелев экөөбүз, аз гана кол менен Анжиян жана Кокон шаарларын алган элек. Кичине гана отряд менен мен өзүм Алай кыргыздарын талкалаган болчумун. Ыраматылык Скобелев орус генералдарынын чыгааны эле.

Ш а ц к и й. Силер туркестандыктар бизди жаман жосунга үйрөтүп койдуңар. Биз силерди чилче кууп, мылтыктын көчүгү менен койгулап жүрүп караткан элек. Орустун генералдары япондорду да силерге колдонгон ыкма менен алабыз дешкен. Биздин акылсыз генералдарыбыз япондорду штык менен качырганда, япондор пулемет менен куйкалаган. Бизди япондор Мукдендин жанында ой сулатканда, Европанын эң алдыңкы мамлекеттеринин көздөрү ачылган болчу. Бул жашырын сырларды сизге айтпаганда, кимге айтам, Жантаев мырза.

Ш а б д а н. Шацкий мырза, кыргызда: «Бул жол пайгамбар баскан жол, бул кол – жеңе жүргөн кол» – деген макал бар. Ак падыша душманын дайым жеңип келген, ал япондорду да жеңмекчи. Кудурети күчтүү кудайым ак падышага жар болот.

Ш а ц к и й. Сизге губернатордун бардык буйругу тапшырылды. Эгер сиз уруксат кылсаңыз, бүгүн мен жол тартышым керек.

Ш а б д а н. Жакшы болот, сиз жөнөңүз. Бардык манаптарга тапшырма берилди. Чыгым он күндө жыйналып бүтөт. 20 миң сом биздин айылдан бүгүн эле жыйналат да, аны телеграмма менен салып жиберебиз. Япон согушуна кыргыздын малы даяр экенин губернаторго айтып коюңуз.



Ш а ц к и й. Губернатор сизге аябай ишенет. Ал сизди өз атасындай жакшы көрөт. Губернатордун орустун мамлекеттик ишмерлери менен аңгемелешип жатканында сиз жөнүндө: «Орус падышасына ким чын дили менен кызмат өтөгүсү келсе, ал Шабдандан үлгү алсын», – деп айткандарын мен бир нече жолу өз кулагым менен уккамын.

Ш а б д а н. Шацкий мырза, сиздин сөздөрүңүздө эч калет жок. Ак падыша тууралуу менден камчы жебеген кыргыз жок чыгар дейм *(жасоол бети-башы кан жалаган кедейди айдап кирет).*

- **маскарачылык** – позор
- **жаман жосунга** – плохой привычке
- **ыкма менен** – по способу
- **чыгым** – налог, расходы
- **үлгү алсын** – пусть научаться
- **эч калет жок** – ваша правда

### Бешинчи көрүнүш

## ЖАСООЛ, ТОКТОР, КЕРИМБЕК

Ж а с о о л. Баскыла, иттин балдары, жооп берүүгө даярдангыла *(түртөт).*

Ш а б д а н. Токтор, дагы сенсиңби?

Т о к т о р *(таңылган колу менен).* Ооба, дагы менмин.

Ш а б д а н. Падышанын сүрөтүн көрбөй турасыңбы, эмне үчүн тебетейиңди албайсың?

Т о к т о р. Шапкечендердин алдында тебетей алып жүгүнүп жүрүп ушул абалга жеттик. Тебетейимди алсам да, албасам да, жазаланышыма көзүм жетип турат.

Ш а б д а н. Тебетейиңди ал! *(Токтордон башкасынын баары алышат.)*

Т о к т о р. Колум байлануу, баатыр, коркутпаңыз.

Ж а с о о л. Үнүңдү өчүр, иттин баласы *(жаакка чаап, тебетейин алып ыргытат).*

Ш а б д а н *(Керимбекке).* Атың ким, сен эмне бүлүк салып жүрөсүң?

К е р и м б е к. Атым Керимбек. Биздин абалыбыз өтө оор, кудуреттүүм. 15 күн мурда падышанын согушуна деп тондорубузду, аркандарыбызды, байпактарыбызды тартып алды. Согуштун керегине деп, адамга 15 сомдон салык салды. Болуштар менен старчындардын салыгы чачтан көбөйдү. Күн сайын салык менен көз ачырбайт. Биз кантип жашайбыз, кудуреттүүм. Атка минерлериңер айылды талап бүтүрдү.

Ш а б д а н. Бизге душмандарыбыз менен согушуп жатканда падышага жардам кылбасаңар качан жардам бересиңер?

Т о к т о р. Бутубуздагы байпактарыбызды чечип, падышага бердик. Үйдүн жабуусун сыйрып, падышага бердик. Биздин колубузда эч нерсебиз калган жок, падышага эми эмнебизди беребиз. Эгер падыша жаңы жер,

жаңы элди каратуу үчүн согушуп жатса, ал эми биз мында бала-чакабызды бага албай жатабыз. Биз жерибизден да, суубуздан да ажырадык. Биз эң акыркы унаабыздан кол жууп, жыланча жер боортоктоп калдык. Падышага эмнеси үчүн, кайсы шарапаты үчүн жардам беребиз?

Ш а ц к и й *(туталанып)*. Бул жорукка мен чыдай албайм, чыдай албайм, Жантаев мырза. Бул маскаралык, маскаралык... *(Токторго)* сен иттин гана баласы, айтчы, падыша сага ким?

Т о к т о р. Падыша – эл жегич.

Ш а ц к и й. Жантаев мырза, маскарачылык. *(Дагы Токторго кайрылып.)* Дагы бир жолу айтчы, падыша эл жегичпи?

Т о к т о р. Ооба, эл жегич.

Ш а ц к и й. Айбан кыргыз! Ит кыргыз! Тилинин уусун карасаң иттин. Бул жорукка кантип чыдоого болот. Жантаев мырза, бул не деген маскарачылык?

Ш а б д а н *(жасоолго)*. Итти жогот. Бүгүндөн калбай приставка бер. *(Жасоол алып кетет.)*

Т о к т о р *(жолдошторго)*. Башыңарды төмөн салбагыла... Кош болгула...

Ш а б д а н. Эл жегич экенин мындан ары эсиңден чыгарбассың, иттин баласы.

Т а ш ы м *(аягына жыгылып)*. Биз жаңылып, жолдон тайдык.

А м а н. Бизди кечириңиз... Жаңылбас жаак жок. Биз жаңылыштык.

Ш а ц к и й *(Керимбектин көзүнө сөөмөйүн такап)*.

Айтчы, айбан десе... А падыша сага ким? Ал кан соргучпу... Айтчы... *(Тымтырстык.)* Сибирди көксөп турган экенсиң го... Иттин баласы... десе.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**жазаланышыма көзүм жетип турат** – знаю что накажут, уверен накажут
**жыланча жер боортоктоп** – ползем как змеи
**кайсы шарапаты үчүн** – за какие заслуги
**жаңылып, жолдон тайдык** – ошиблись, сбились с пути

■ **жүгүнүп жүрүп** – подчиняясь, кланяясь
**чачтан көбөйдү** – *букв.* больше волос, много
**атка минерлериңер** – ваши ставленники, управляющие
**эл жегич** – *букв.* кто есть народ, мучитель народа
**жорукка** – этому поступку

### Алтынчы көрүнүш

## МОЛДО, КЕМЕЛ ЖАНА МУРДАГЫЛАР

М о л д о *(Шацкийге)*. Сабыр этиңиз... Сабыр...
Ш а ц к и й. Мен буларга Сибирди көрсөтөм.
М о л д о. Шайтан сайган акмак! Кээ бирөөлөр жолдон ушинтип таят.



*(Куранды ачып)* Падышага жана анын закондоруна каршы чыгуу – кудайга каршы чыккандык. «Кудайсыз жер оңбойт да, падышасыз эл оңбойт. Эй, менин үмүттөрүм, бул сөздү көкүрөгүңөргө түйүп койгула» – деп пайгамбарыбыз айткан. Курандын айтканы – кудайдын айтканы, кудайга тобо келтиргиле, балдарым *(Аманга куранды алпарат, ал таазим этип, куранды өбөт)*. Кудурети күчтүү кудай, ага сыйынсаң, бейишке чыгарат, тобо келтир, уулум *(Ташым да куранды өбөт)*.Тиги дүйнөдө периштелер менен дос болосуң, тобо келтир, балам *(Керимбек куранды көңүлсүз өбөт)*. Урматтуу улугум, бул кедейлерди мага бериңиз, буларды шайтан азгырып жолдон тайдырган, шарыят боюнча өз жазасын алышат.

Ш а б д а н. Мен шарыятка моюн сунам, мен сизге буларды берейин, шарыят боюнча жазалаңыз.

М о л д о. Ыракмат, улугум сизге, ыракмат... Сиз дайым динди катуу кармайсыз. Жүргүлө балдарым, мечитке *(Молдо туткундарды ээрчитип чыгып кетет)*.

Ш а ц к и й *(Кемелге)*. Кемел мырза, сиз атаңыз Шабдандан үлгү алып, элди катуу кармаңыз.

К е м е л. «Алма шагынан алыс түшпөйт» – деген макал бар. Сиз тарапка жардамы менен биз ата жолун жолдоого аракет кылабыз.

Ш а ц к и й. Жакшы эмесе, мен жолго чыгайын. Силердин колдонуп жаткан чараңар жөнүндө мен барарым менен губернаторго доклад жазамын.

К е м е л. *(Пара берет.)* Сиздин жол расходуңузга 5 миң сом.

Ш а ц к и й. Рахмат, Шабданов мырза, сизге жардам кылууга мен ар качан даярмын.

Ш а б д а н. Шацкий мырза, менин сизге кичине өтүнүчүм бар. Мындан беш жыл мурда ак падышага жазган өтүнүчүм бар эле. Ал өтүнүчүмө мени жооп ала элекмин. Менин ошол ишимдин алга жылышына түрткү болуусун губернаторго айтып коюңузчу. Ал өтүнүчүмдүн көчүрмөсү мына.

Ш а ц к и й *(окуйт)*. Бардыкка аркасы тийген, улуктардын улугу, Россиянын шарапаттуу улуу падышасы Николай Александрович. Кара кыргыздардын манабы Сарыбагыш болушу, Пишпек уезди, Жети-Суу областындагы войсковой старшина Шабдан Жантаев төмөнкүдөй өтүнүч менен кайрылат: Менин ыраматылык атам Жантай Карабеков кыргыздарды силердин падышачылыкка караткан мезгилде, өзүнүн кадыр-баркы менен бул ишке чоң жардамын тийгизген. Бул окуяга 53 жыл мурда каарданып келген казактын орто жүзүнүн султаны Кенесары Касымов менин атамдын айылында өлтүрүлүп, анын башы Батыш Сибирдин генерал-губернаторуна белек кылып жиберилген. Ушул эмгеги үчүн орус падышасынын 1867-жылдагы приказы менен атама подполковник деген наам ыйгарылган экен. Россиянын падышасына атамдын чын дили менен берилгендигинен үлгү алып, менин Кокон хандыгын каратууга арналган бир нече жүрүшкө катышкандыгым согуш министри мырза генерал лейтенант Куропадкинге да белгилүү. Алай жүрүшүнө катышып, ал жүрүштү башкарганмын, ыраматылык генерал Скобелевдин буйругу боюнча Кара тегин хандыгына баргамын. Мына ушул

иштерден кийин, сиздин падышалык такка отурган күнүңүздүн урматына мага войсковой старшиналык наам ыйгарылган. Жогоруда айтылгандардын баарын жана менин манап тукумунан экенимди эске алып, мага жана менин балдарыма түбүнөн бери түтөгөн дворянин деген наам берүүңүздү өтүнөм. Балдарым: Майчы 38 жашта, Андабас 37 жашта, Султанбай 36 жашта, Мухуддин 25 жашта, Жамүдүн 25 жашта, Садык 27 жашта, Кемелиддин 18 жашта, Аманиддин 17 жашта, Абдукерим 15 жашта, Абдужапар 13 жашта. Өтүнүчүмө жоопту Жети-Суу согуш губернаторуна билдириңиз, 1899-жыл, 25-июль, Токмок айылы.

Бул өтүнүчтү жазган Токмоктогу орус тузем мектебинин мугалими Василий Петрович Ровнягин.

Бул өтүнүчкө войсковой старшина Шабдан Жантаев кат билбегендиктен өзүнүн мөөрүн басты.

Бул мазмундагы өтүнүчтү улуу даражалуу падышага 1899-жыл, 1-декабрда жазган Шабдан.

Ш а б д а н. Ошентип, Шацкий мырза, бул өтүнүчтү жазганыма нече жыл болду. Анда Кемелим 18 жаштагы өспүрүм эле, эми да 25 жашка чыгып, эл башкарып калды.

Ш а ц к и й *(эстеп)*. Сизге кубанычтуу кабар айтып коюуга уруксат этиңиз! *(Шабдандын колун кыса кармап.)* Ай, шайтан алгырың эми эске түшүп жатпайбы. Кечээ жакында эле Петербургдан кагаз келген, анда Сизге жана Сиздин балдарыңызга тукум кууган дворянин деген наам берилгени айтылган. Демек, Сиздин суроонуз бардык документтери менен ушул кезде согуш министрлигинде жаткан болуу керек.

Ш а б д а н. Орус падышасынын дал өзүнө өтө чоң ыракмат. Орус падышасы акыйкаттуу падыша. Японлорду талкалоодо ушундай мээримдүү падышага кудурети күчтүү кудай жар болсун. Шацкий мырза, сиз менин ак жолтой коногум болдуңуз. Менин эң жакшы көргөн уулум Кемел, мындан ары сиз бул уулумдун эң жакшы досу болуңуз.

Ш а ц к и й. Шабдан мырза. Сизди дворяндык укугуңуз менен куттуктаймын. *(Колун кысат.)*

К е м е л. Шацкий мырза, сизге ыракмат. Мындан ары сиз менин дамбылдам болуңуз.

Ш а ц к и й. Россия падышасынын чыныгы уулдары Шабдандын тукумуна жардам берүүдөн баш тартпайт. Көрүшкөнчө ден соолукта болуңуздар, мен жөнөйүн.

Ш а б д а н *(колун кармап)*. Губернаторго менден салам айтыныз, эч бушайман болбосун, Шабдандын көзү тирүү турганда, көчмөн эл анын колунда болот.

Ш а ц к и й *(жүгүнөт, Кемел Шацкий менен чыгып кетет)*.

Ш а б д а н. Өз учурунда мен кыргыздардын баштарына кылыч ойнотуп, коменданттык кызмат кылдым. Башка оор иш түшкөндө, Кокон хандыгын өз колум менен талкаладым. Элди жана жерди сатып, ак падышага сүйөнүп алып, атам Жантайдын осуятын актадым. Азыр мен өкүмөт менен элдин ортосундагы данакери болуп калдым. Менин өкүмүмө каршы чыккан кедейлерди конфеттей сугунуп, катыгын бердим. Өмүрүмдүн акырында мен иштеген иштерден кымындай да кемчилик кеткен жок.

Бул ачык айткан сырымдын кенедей да апыртмасы жок. Менин ишим, мен басып өткөн жол мына ушундай. Дворяндардын тизмесине катталсам деген менин эң акыркы тилегим да ишке ашты. Өз бийлигимди мына былк этпес кылып чыңдадым.

Кана эми, кыргыздар, менин таман астымдан бошонуп көрсүнчү!

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**кудайга каршы чыккандык** – это значит идти против бога
**чын дили менен берилгендигинен** – так, как был верен душой
**түбүнөн бери түтөгөн** – столбовой дворянин
**былк этпес кылып чыңдадым** – укрепил власть прочно

■ **ушинтип таят** – так оступают с пути
**таазим этип** – поклонившись
**өтүнүчүм** – просьба
**түртку болуусун** – стать толчком
**эч бушайман** – пусть не переживает
**данакер** – посол, посредник

## Жетинчи көрүнүш

## ЖАСООЛ ЖАНА ШАБДАН

Ж а с о о л. Улугум, бир казак Сизге кирсем дейт. Калыбы акын болсо керек, колунда домбурасы бар.

Ш а б д а н. Киргиз.

Ж а с о о л *(эки жакты карап)*. Кир мында.

## Сегизинчи көрүнүш

## ЫРЧЫ ЖАНА МУРДАГЫЛАР

Ы р ч ы. Саламатсызбы, бегим.

Ш а б д а н. Сен кайдансың?

Ы р ч ы. Мен казакмын. Мен атайы Сизди көргөнү келдим.

Ш а б д а н. Кесибиң эмне?

Ы р ч ы. Бир аз өлөң айтам, бегим.

Ш а б д а н. Болуптур, анда мени мактачы.

Ы р ч ы. Чоң атаң Карабек хан эл башкарган, өкүмү Ала-Тоо, Алайларга бүт тараган, өз атаң Жантай баатыр чыныгы арстан, Карабек, хан

Жантайдын тукумусуң, бактылуу, ырыскысы көлдөй ташкан. Кыргыздын кыйырына өкүм кылып, оозунан кызыл-жалын отту чачкан –

Адамдан артык жаралган,
Алланын сүйгөн пендеси.
Ак падыша чен берген,
Ааламда жок теңдеши.
Атагы чыккан казатта,
Берешендик жагынан,
Атагы жеткен Иледеги казакка.

Ш а б д а н. Сен Иленин кайсы районунансың?

Ы р ч ы. Жаркент уездиненмин, бегим.

Ш а б д а н. Жаркенттин казактары Шабдандын ким экенин билеби?

Ы р ч ы. Сиздин даңкыңыз жеке казакка эмес, калмакка да угулган.

Ак падышадан кем эмес,
Атагың бүткүл калыкка,
Кадимки киттин өзүсүң.
Теңештирсем өзүңдү,
Суудагы сүзгөн балыкка.
Атактуу десем илгирбейт,
Ааламда Сизди ким билбейт.

Ш а б д а н. Жакшы... Өтө сонун... Сен сөздү жерине жеткизе, таамай айткан анык акын экенсиң *(жасоолго)*. Короодогулардын ылайыктуу аты болсо, аны жыгып алып, ырчыга мингизип жибер.

Ж а с о о л. Куп болот бегим.

Ы р ч ы. Ыракмат, Сизге ыракмат. *(Кетет.)*

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**ырыскысы көлдөй ташкан** – богатый, обилие удачи
**кыйырына өкүм кылып** – руководил, управлял обширной территорией

■ **берешендик** – щедрость
**даңкыңыз** – слава
**кем эмес** – не хуже

### Тогузунчу көрүнүш

## МОЛДО ЖАНА ШАБДАН

М о л д о *(колунда селдеси жана чапаны бар)*. Бүгүн жума, намазга барыш керек, Сизди мечитте эл күтүп жатат.

Ш а б д а н. Жакшы болот... Жакшы... Баралы. *(Молдо Шабданды кийиндирет. Алыстан маазиңдин азаны угулат.)*

К ө ш ө г ө.



# КӨЗ КӨРГӨНДӨР

## 7 көшөгөлүү тарыхый драма

### ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

**Көшөгөгө катышуучулар:**

**Куланбай** – эзүүнүн капиталисттик формасына өтө элек, улгайган манап
**Кыдырбай** – соода ишине киришкен жаңы манаптардан, болуш, 35 – 40 жаш чамасында
**Токторбай**
**Сагымбай** – бий *(эл соту)*, 35–40 жаш чамасында
**Ашымбай**
**Молдо** – Шабдан молдосу, дин окулу
**Ашымбай** – соттун катчысы, жаш жигит
**Иван** – орус, полициянын стражниги
**Иман** – кыргыз
**Итибай** – улгайган бай
**Алым** – кедей, жаш жигит
**Асан** – батрак, жаш жигит
**Серкебай** – 40–50 жаштагы бай
**Мирзажан** – өзбек, соодагер, жаш жигит
**Ташым** – кедей жигит
**Айна** – Ташымдын аялы, жаш келин
**Алешка** – орус, кулак, жашы улгайынкы
**Аман** – кедей киши
**Ажар** – Итибайдын 4-аялы, жаш келин
**Андаш** – Ажардын бир тууганы, жаш жигит
**Нигмат** – татар, соодагер, 40–50 жаш чамасында
**Дмитрий** – орус
**Керимбек** – кедей жигит

**Бөлмө.** Дубалда падышанын сүрөтү илинип турат. Көшөгө ачылганда, сот ишин уланта берет. Молдонун алдында чоң куран. Катчы менен стражниктер туруп турушат.

**Биринчи көрүнүш**

Манаптар, бий. Стражниктер, Ашымбай, Итибай жана Алым.

А ш ы м б а й *(окуйт)*. Амандыков Алым №2 айылда жашаган Бурабаев Итибайдан 50 саржан жерге дубал салып, 2 теше жердин чөбүн чаап, боолап, чөмөлөп беремин деп, үч ай мөөнөткө бир саан уй, 1 ай мөөнөткө бир өгүз алган. 50 саржан дубалын салып берген да, ошол учурда ооруп калдым деп, эки теше чөптү чаап берген эмес. Бурабаев Итибай чөп чабуунун мезгилинде башка жумушчу жалдап *(наняв)*, үнөм жаатынан чоң зыян тарткан. Жогоруда аталган адамдардын чыр-чатагын карап көрүп, төмөнкүдөй чечим кылат: Амандыков Алымдан Бурабаев Итибайдын пайдасына 30 сом акча кесилсин, эгер аны Амандыков акчалай төлөй албаса, Бурабаевге бир жыл малай болуп, кызматын кылып берсин. Бийлердин пайдасына эки

тараптан үч сомдон акча өндүрүлсүн. Бул бийликти чыгарганыбыз үчүн бийлер: Токторбай, Сагымбай жана Алымбайлар мөөрлөрүбүздү басабыз. Өкүм шарыятка каршы келбейт деп, Молдо Касымбай мөөрүн басат.

Т о к т о р б а й *(председателдик кылган)*. Жоопкер Амандыков Алым, сен бул өкүмгө макулсузбу?

А л ы м. Жок, мырза бий менен макул эмесмин.

Т о к т о р б а й. А сизчи, добагер?

И т и б а й. Мен ыраазымын, мырза бийлер, мен ыраазымын.

С а г ы м б а й. Кана, жоопкер, сен эмне үчүн ыраазы эмессиң, сүйлөчү!

А л ы м. Силердин чечимиңерге мен кантип ыраазы боломун, мырза бийлер. Уй арыктыгынан сүт берчү эмес жана уйду менин колумдан эки жарым айда, Итибай, музоосу арыктап кетти деп, алып кеткен. Өгүз арык жана картаң болгондуктан, күч бере алган эмес. Өгүздү ирдентейин деп, мен жем чөбүмдүн баарын түгөттүм. Өгүздүн ирденгенин көргөндө, мөөнөтү бүттү деген себеп менен Итибай аны алып кетти. Дубалды салган мезгилде, мен өз тамагымды ичтим…

И т и б а й *(сөзүн бөлүп)*. Жалган сүйлөбө, ыймансыз! Дубал салып жатканыңда мен сага берген бир бут талкан тамак эмей таш беле?

А л ы м. Сенин бир бут арпа талканың эмнеге жарамак эле. Дубалды 2,5 айда араң салып бүттүм, чөп чабуу мезгилинде мен келте менен ооруп калдым. Менин дубалга жумшаган эмгегим байдын берген акысынан ашып кетти. Мен силерге таазим кыламын, мырза бийлер, менин көз жашымды көлдөтпөгүлө.

К ы д ы р б а й. Болду, жетишет… Сиз буга эмне дейсиз, молдо аке?

М о л д о. Бирөөнүн эмгегин жешке шарыят эч жол бербейт, албетте. Ошондуктан, мен бийлердин өкүмүнө мөөрүмдү басам. *(Мөөрүн басат)*…

А л ы м *(тизесине чөгөлөп)*. Кулдугум бар. Молдоке, кулдугум бар… Акыйкаттык кыл, мени бошко кыйнаба. *(Бийлер мөөрүн басат)*.

М о л д о. Эй, ач көз эшек! Бирөөнүн акысын эмнеге жедиң, тиги дүйнөдө кудай алдында кантип жооп бересиң, кудайдан корксоң боло митаам?!

А л ы м *(тура калып)*. Кудайга миң мартаба тобо, молдо мырза, тиги дүйнөдөгү жыргалга жеткенче эле, бул дүйнөнүн азабы өтүп жатпайбы. Менде беш тыйын байлык жок. Ата-энем кары-картаң, аларды кантип багам. Бул өкүмүңөргө мен ыраазы эмесмин.

Т о к т о р б а й. Жаагыңды бас, жетишет… Бул келжиреген кедей биздин чечимди бекитмек беле. Иман, эшикке алып чыгып, камап сал, чыгымды бизге төлөгөндө бошот.

И м а н. *(Алымды жакадан алып)*. Бас.

А л ы м. Кулдугум бар, мырза бийлер, акыйкаттык кылгыла! Молдо мырза, көлдөтпөгүлө *(Алымды чыгарып кетет)*.

К у л а н б а й. Буларды ушундай кылбаса, адисинен ашып кетет. Азыркы мезгилде кедейлердин баары законго каршы чыгып, аны талкуулоочу болду. Илгерки заманда биз алардын малын гана эмес, өздөрүн байгеге сайчу эмес белек.



К ы д ы р б а й. Куланбай мырза, азыркы заман байыркыдай эмес. Азыр кедейлер түшүнө баштады. Кедейлердин кимиси гана болбосун, азыр сени менен тең атадай айтышат.

М о л д о. Ооба… Ошондой… Акыр заман жакын калган кезде, карамагындагылардан уят кетип, кудайды, ата-бабанын арбагын жана кожоюндарын сыйлабай калат.

А ш ы м б а й. Бай, мына сизге көчүрмөсү. Бул көчүрмөнү болушка тапшырсаңыз, ал сиздин акыңызды өндүрүп берет.

И т и б а й. Ракмат, уулум, ыракмат! Мына 3 сом чыгым, мына силердин калем акыңарга 1 сом. Менин экинчи ишимди орундаткыла.

А ш ы м б а й. Ал жөнүндө сиз аксакалдар менен сүйлөшүңүз!

К у л а н б а й. Ал кандай иш, столго көбүрөөк таштап койсоңуз, мен ал ишиңди жөнгө салам. Ха-ха-ха… Мына бул сараң бай ким менен сүйлөшкөндүн, ага кандай кылыштын ыгын билбейт.

А ш ы м б а й. Анын токолу ажырашам деп аракет кылып жүрөт.

К у л а н б а й. Эгер сен жаш токолуңду канааттандыра албайсыңбы, анда сенин карыганың. Ха-ха-ха…

Б и й л е р. Ха-ха-ха.. Туура, туура айтат.

И т и б а й. Кылар айла жок, Куланбай мырза. Менин жашым 70-тен өттү.

М о л д о. Ха-ха-ха… Мойнуна алды, туура.

К у л а н б а й. Кана, столго канчаны коёсуң? Мен сенин ач көз экениңди жакшы билемин. Сараңданбай айтчы!

И т и б а й. Бардык укукту мен сизге берем, Куланбай мырза. Өзүңүз айтыңыз. Мага өз кадыр-баркымдын сакталганы керек, картайган кезде катыны чанып кетиптир деп, эл өсөк кылбагандай болсун.

К у л а н б а й. Ха-ха-ха… Сенин абалыңдын начар экенине мен жакшы түшүнөм. Анда мындай, үч бийдин ар бирөөнө бирден тай, молдого бир тай, аксакалы мага бир семиз бээ, мырза Кыдырбайга бир тай, ал эми катчынын калемине бир кой илинтпесе болбойт! *(Күлүшөт)*.

И т и б а й. Кулдугум бар, Куланбай мырза. Сиздин айтканыңызды закон катары колдойм. Мага өз абийиримди гана сакташ керек. *(Үйдөн чыга бергенде, эшиктин алдында турган Иванга акча сунат.)* Ме, сен четте калышың жарабайт, башка улуттун өкүлүсүң.

К ы д ы р б а й. Туура, туура, Ивандын четте калышы жарабайт.

И в а н. Ыракмат, бай, ыракмат.

Ү н. Коё бериңиз, коё бериңиз… Эмне мени өлсүн деп турасыңарбы? *(Иман жибербейт, Асандын бетин көрсөтөт.)*

И в а н *(жакасынан алып)*. Токто, токтогун, шайтан. Сен эмне үчүн чатак чыгарасың?!

А с а н. Он күндөн бери менин арызым каралбай жатат. Бийлер менен өзүм сүйлөшөйүн.

Т о к т о р б а й. Мейли, коё бер!

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**үнөөм жаатынан** – со стороны экономии
**акчалай төлөй албаса** – если не может заплатить деньгами
**бир жылы малай болуп** – пусть один год служит ему

■ **мөөрлөрүбүз** – наши печати
**өкүм** – наказание
**ирдентүү** – прокормит, ухаживать
**ыймансыз** – бессовестный
**акыйкаттык кыл** – судите по справедливости
**талкуулоочу** – стали обсуждать, спорит
**карамагындагылардан** – из подчиненных
**орундаткыла** – исполните
**өсөк** – позор, стыд
**илинтпесе** – если не отблагодарит

**Экинчи көрүнүш**

## Асан. Иман жана мурдагылар

А с а н *(чөгөлөй калат.)*. Менин даттануу арызымды текшериңиздер, мырза бийлер, менин бул келгениме туура он күн болду, тамак ичишке акчам жок, канткенде мен…

Т о к т о р б а й *(сөзүн бөлүп)*. Үнүңдү өчүр… Айтчы, Ашымбай, мунун кандай даттануусу бар?

А ш ы м б а й. Бул 3-айылдын адамы Серкебай Ормушовго доо доолап арыз берген, ал эми Серкебай мындан доо доолаган арызы бар.

Т о к т о р б а й. Иман, Ормушовду чакырчы.

И м а н *(эшикти ачып)*. Ормушев, барсыңбы?

Ү н. Бар.

**Үчүнчү көрүнүш**

## Серкебай жана мурдагылар

С е р к е б а й. Саламатсыздар, мырза бийлер. Турмуш кандай, Молдоке, ахывалыңыз кандай, Куланбай мырза?

Т о к т о р б а й. *(Асанга)*. Мүдөөң эмне?

А с а н. Менин агам Серкебай Ормушовго 8 жыл малай болуп жүрүп акыры каза болду. Анын өлүмү мага оор түйшүк болду. Анын каза болушунан пайдаланып, Серкебай менин жеримди тартып алды. Биздин ата-бабабыздан бери пайдаланып жүргөн бир теше жерибиз бар эле. Серкебай бизди ошол кичинекей жерибизден ажыратты. Эгер акыйкаттык бар болсо, жерибизди алып берсеңер экен.

С е р к е б а й. Эми менин сөзүмдү уккула. Мунун агасы менде 8 жылы мал кайтарганы ырас. Жалпы белгиленген тартип боюнча, мен ага бир жылга алты кой же бир жылкы берчү элем. Мунун бир тууганы өлөр



жылы падышанын налогун төлөйт элем деп, жылдык акысы үчүн 12 сомду алган болчу. Бирок тагдырдын жазуусу менен, мага алты ай кызмат кылып бербестен, кайтыш болуп кетти.

А с а н. Мунун айткандарынын баары туура, мырза бийлер, менин агам алланын ажалынан өлгөн жок.

С е р к е б а й *(колун көкүрөгүнө басып)*. О, кудай, кандайча алланын амири менен эмес!

А с а н. Ал жөнөкөй ажалдан өлгөн жок. Ал байкуш миң койду жалгыз бакчу. Бир күнү кыштын катуу суугунда катуу бороон болуп, короодогу койлор тоо-тоого чачылып кетет. Ал койлорду чогултам деп, ачка, жылаңач зуул жүрүп, суукка тоңуп өлөт. Ушул да жөнөкөй өлүмбү?!

С е р к е б а й. Жалган, айтпа, митайым! Ошол менин короомдон 15 коюм өлгөн, анда ал койлорду сен да төлө…

Т о к т о р б а й. Жетишет, жаакташпагыла. Чатактын түйүнү түшүнүктүү. Бул жигит, Серкебай, сенин уруудан экен, чечимин сен айтчы.

С а г ы м б а й. Нөөбөт Алымбайдыкы, чечимди ошол айтсын.

А л ы м б а й. Жок, Серкебай менин жакын тууганым. Ошондуктан, бийликти сен кыл.

С а г ы м б а й. «Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок» деген макал бар. Тууган үчүн туура чечимден тая албайсыз да, болгонду болгондой чечиш керек.

Т о к т о р б а й. Бул ишти ачык түшүнүш үчүн, бир суроо бергим келди. Молдоке, сиз айтыңызчы, бул өлүмгө Серкебайдын кандай тиешеси бар? Эгер тиешеси болсо, Серкебайдан доо доолаганга болобу?

С а г ы м б а й, А л ы м б а й. Токторбай мырза туура айтат.

М о л д о *(куранды барактап)*. Кудурети күчтүү кудайым мындай дейт: «Бардыгын жараткан өзүм, алардын баары менин буйругум менен өлөт».

Бул жалган дүйнөдөн бардыгы, ал гана эмес темир сандыктын ичинде жаткандар да кетет. Ойлоп көргүлөчү, алла тааланын амири кандай күчтүү. Эгер койчунун өлүмүнө кудайдын буйругу эмес адам айыптуу десек шарыят боюнча күнөөкөр болобуз.

Ү н д ө р. Туура, туптуура… Шарыятка моюн сунуш керек.

А с а н. Эгер бардыгы кудайдын буйругу менен болбосо, анда өлгөн агам үчүн мен эмнеге жаа тартышым керек?!

М о л д о. Эй, кеңкелес. Бирөөнүн байлыгын өзүмдүк кылып алыш шарыят боюнча, чоң күнөө.

А с а н. Молдокеси, сенин калыстыгың кайсы. Менин жеримди тартып алууга Серкебайдын кандай укугу бар?

Т о к т о р б а й *(сөздү бөлүп)*. Үнүңдү өчүр шүмшүк!...

М о л д о *(башын чайкап)*. Эх, келесоо! Келесоо десе!

С а г ы м б а й. Өкүм мындай: Доосу далилсиз, жер Серкебайга берилсин, эки тараптан тең үч сомдон алынсын.

Т о к т о р б а й. Туура.

А л ы м б а й. Акыйкат.

А с а н *(өйдө туруп).* Эч кимде акыйкаттык жок… Шарыятта да акыйкаттык жок. Батрак менен кедейдин көрөр күнү жок. Мен жерден да кол жуудум. Эми кантип күн көрөм … Тилек таш капты. Оо, бир боорум, сен бүгүн экинчи жолу өлдүң… Уялашым… Уялашым, кокуй, *(өңгүрөп ыйлайт.)*

И в а н *(Асандын оозун басып).* Ой, шайтан алгыр, өңгүрөбө! Айда, бас! *(Түртүп чыгарат).*

С е р к е б а й *(өйдө туруп).* Ыракмат, Токторбай, ыракмат! Жараткан алла жар болсун өзүңө, мен сизге ыраазымын. Закондун чыгымынан башка, сизге белек, бечкек да болот. Молдоке сизге да ыракмат! *(Кетет.)*

А ш ы м б а й. 12-номурлуу айылда жашоочу Жылкычиев Ташымдан соодагер Мирзажан 100 сом доо доолаган.

К ы д ы р б а й. Ооба, анын мазмуну мага да белгилүү.

К у л а н б а й. Ал кайсы, соодагер, карап көрчү уулум, анын фамилиясы кандай эле?

А ш ы м б а й. Анын фамилиясы Ашымжанов.

К у л а н б а й. Ооба, соодагерлердин, ал көрүнүктүүсү Токторбай. Ооба, ооба, мага да белгилүү. Иман, аларды чакырчы!

И м а н *(эшикке бурулуп).* Жылкычиев Ташым.

Ү н д ө р. Ооба, ооба, мындабыз.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**белгиленген тартип боюнча** – по правилам
**тагдырдын жазуусу менен** – по предписанию судьбы
**алланын ажалынан өлгөн жок** – умер не своей смертью
**жөнөкөй ажалдан** – не простой смертью
**шарыят боюнча күнөөкөр** – виноватыми по шарияту, по корану
**тилек таш капты** – разрушены все мечты, желания

■ **ажыратты** – лишил
**жылдык акы** – плата за год
**жаакташпагыла** – не спорте
**чечимин** – решение
**тиешеси** – не касается

**Төртүнчү көрүнүш**

## Мирзажан, Ашым жана мурдагылар

М и р з а ж а н. Саламатсызбы, Молдоке, турмуш кандай? Алыңыз жакшыбы? Куланбай мырза, ден соолуктар жакшыбы, мырза болуш Кадырбай, Токторбай мырза, турмуш кандай?! *(Баары менен амандашат).*

К ы д ы р б а й. Мирзажан мырза, сиз да келип калдыңызбы?

М и р з а ж а н. Ооба, болуш мырза, менин аялым сиздикине келгенге көнүп калган да. Сиз менен көрүшпөгөнгө кечиресиз. Чолоо жок, иш чачтан көп.



К ы д ы р б а й. Жок, Мирзажан мырза. Сиз өтө куу кишисиз, сиз атайын эле мага жолукпайсыз, мен үчүн сиз 3000 сомдун векселин сатып алуудан баш тарттыңыз.

М и р з а ж а н. Ал жөнүндө мен сизге аябай уяттуумун. Дал ошол мезгилде товар жөнөтүүгө Ташкентке 10 миң сом акча салган элем.

К у л а н б а й. Сиз өңдөнгөн соодагердин намыянында 3000 сому жок деген кимдин оюна келсин.

М и р з а ж а н. Куланбай мырза, биз акчаны колдо алып жүрбөйт эмеспизби. Соода ишинин жайын Кыдырбай мырза жакшы билет.

Т о к т о р б а й. Мирзажан мырза, сиздин суроонуз эмне?

М и р з а ж а н *(чөнтөгүн аңтарып).* Кыдырбай мырзанын айылынан Ташым аттуу бир балбан чыкты. Мына муну окуп көрүңүзчү *(кагазды Ашымбайга берет).*

А ш ы м б а й *(окуйт).* 1906-жылдын сентябрь айынын 6-күнүндө мен Ак-Суу айылында жашоочу Жылкычиев Ташым Каракол шаарынын соодагери Ашымжанов Мирзажанга ушул күбөлүктү бердим, анткени, мен мамлекеттик налогду төлөш үчүн андан 25 сом карыз алдым. Кат билбегендигим үчүн, Жылкычиев Ташым бармагымды бастым. Ашымжанов мырзага 1907-жылдын жазында он кой бермек болдум, же он койдун акчасын Анжиан шаарынын базар баасы менен төлөмөк болдум. Бул документтин ырастыгын күбөлөндүрүп, старчын мөөрүн басты.

А л ы м б а й. Сиздин арызыңыз боюнча, сиз 100 сом доолайсыз.

М и р з а ж а н. Албетте 100 сом. Ошол жылы ал мага төлөмөр коюн бере алган жок, анда мен ага акчалай төлөшүн сунуш эттим жана акымды Кадырбай болуш тастыктады. 1907-жылы бир койдун баасы Анжианда 19 сом болчу. 10 койдун баасы, албетте, 100 сом болот.

К ы д ы р б а й. Көп мылжыңдаштын эмне кереги бар, баары түшүнүктүү.

Т о к т о р б а й. Эмне үчүн сен карызыңды төлөгөнүң жок, сүйлө.

Т а ш ы м. Менин акчам да, коюм да болбосо, эмнемди төлөйүн. Чындыгында мен андан акча да алган эмесмин. Иш мындай болгон. Бир жолу старчын мага токтоосуз 15 сомду ар түрдүү майда-барат чыгым үчүн төлөйсүң деп калды, мен өзүм кедей болсом, анчалык акчаны кайдан алмак элем. Бир аз бүдүрүм бар эле, аларды ар түрдүү чыгым үчүн тартып алышкан. Старшина менин атымдан расписка жазып, мага бармагын басып, бармакты күбөлөндүрүп мөөр басышты. Бул иштин чындыгы мына ушундай, 100 сомду төлөш эмес, жүз тыйынды төлөшкө кудуретим жетпейт.

К ы д ы р б а й. Демек, сен ушул жол менен төлөбөймүн дейт экенсиң да?!

Т а ш ы м. Болуш, айтыңызчы, аларды мен кайдан алам, жерди чукуп акча таба аламбы?

К ы д ы р б а й. Жер чукуйсуңбу, табасың! Сен таба албасаң, анда мен табам: катыныңдын башын ачабыз, бир деп тур, жериңди жана үйүңдү сатабыз. Мына сага акча деген!.. Кана, падышанын налогун төлөөдө баш тартып көрчү…

Т а ш ы м. Кедейлердин терисин сыйрып, байларды куткарган ушундай да налог, ушундай да падыша болобу? *(Өйдө тура калып)* Төлөй албайм, андан көрө мени камап салгыла!

К ы д ы р б а й. Иван. Алып жөнө!

И в а н *(жакасынан алып)*. Жүр шайтан жөнөдү… *(Тебет, Ташым чыгып жөнөйт).*

М о л д о. Айланайын кудай колдо, пайгамбарым, жар бол, адамдардан уят, сыйыт кетти.

К ы д ы р б а й. Бул кедейдин кендирин кесиш керек. Налог төлөөдөн дайыма баш тартат. Аялынын башын ачып, жалгыз теше жерин сатып, жан тындырыш керек. Мунун иши кедейлерге үлгү болсун. Сиз кандай дейсиз, Күлөшбай мырза?

К ү л ө ш б а й жана М о л д о. Туура, туптуура айтасыз, Кыдырбай мырза.

М и р з а ж а н. Ыракмат сизге, ыракмат, Кыдырбай болуш! Сизге алла талам ырыс-таалай берсин.

А ш ы м б а й. Же аялынан, же өзүнөн арыз болбосо, булардын никесин кантип бузабыз?

Т о к т о р б а й. Мени бага албайт деп даттанды деп жаз. Бизди ким текшермек эле.

С а г ы м б а й жана А ш ы м б а й. Туура айтат, дал ошентип жаз.

Ү н *(сырттан)*. Мындан көрө өлгөнүм жакшы.

И в а н *(артка түртүп)*. Артка, артка токто!

А й н а *(эшиктин алдында, байларга жулунуп)*. Бизди ажыраштыра албайсыңар, желдеттер десе!.. Мен эримден ажырашпайм…

И в а н *(Иманга жардамдашып)*. Кет, шайтан… *(Экөө түртүп, Айна эшиктин алдында жыгылат).*

А й н а *(эшиктин сыртында)*. Каргыш тийген, өлүк тиригиңерди көрөйүндөр десе.

А ш ы м б а й *(Мирзажанга)*. Мына сизге көчүрмөсү.

К ы д ы р б а й. Бирөөнү, бул көчүрмөнү колуна карматып, түз эле старчынга жибериңиз. Бул чечимди старчын дароо ишке ашырат. Ал жерин жана аялын сатат да, сиздин акчаңызды орундатат.

М и р з а ж а н *(тура калып таазим этип)*. Ракмат. Сизге чоң ыракмат, болуш мырза! Мырза Токторбай, Кунанбай жана Молдоке, сиздерге чоң ыракмат! Кечинде мен сиздер менен боломун *(кетет)*.

А ш ы м б а й. Бир орус Аман Асантаевде доом бар дейт.

И м а н. Алёшка мырза, кириңиз, Аман, сен да кир.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**келгенге көнүп калган** – жена любит приходит к вам
**өтө куу кишисиз** – вы очень хитрый человек
**соодагердин намыянында** – в кошелке торговца
**ырастыгын күбөлөндүрүп** – подтверждая точность
**кудуретим жетпейт** – нет возможности



**башын ачабыз** – разведем жену с мужем
**кендирин кесиш керек** – нужно наказать
**үлгү болсун** – пусть будет примером
**каргыш тийген** – будьте прокляты

■ **чолоо жок** – нет времени
**атайын** – специально
**баш тарттыңыз** – отказались
**аябай уяттуумун** – очень стыдно, виноват
**соода жайын** – правила торговли
**тастыктады** – подтвердил
**тартып алды** – забрал
**ишке ашырат** – выполнит, претворить в дело

# ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

**Аллегория** (*гр.* – башканы айтам) – абстрактуу түшүнүктү же ойду алмаштыра турган затты же көрүнүштү сүрөттөө. Мисалга макал-лакап, тамсилдерди келтирүүгө болот. Аллегория ойду поэтикалык күчкө, өзгөчө эмоцияга ээ кылат. Образды элестүү, таасирдүү мүнөздөйт, анда каймана мүнөздөр негизги орунду ээлейт. Мисалы: Карышкырдын образы менен ач көздүктү, булбулдун образы менен акындыкты, чечендикти берет.

**Драма** (*греч.* – аракет) – сахнага коюуга ылайыкталып жазылган чыгарма, өзүнчө бир адабият теги. Ал байыркы грек адабиятында пайда болуп, ошол мезгилдеги негизги сапаты азыр да кадимкисиндей сакталып келе жатат, б. а. драмалык чыгармаларда окуя каармандардын речинде гана өнүгөт, мында прозадагыдай автордук баяндоо, сүрөттөөлөр болбойт, жанрдын негизин конфликт түзөт. Драма комедия, трагедия, драма болуп үч жанрга ажырайт.

**Жанр, адабий жанр** (*франц.* – тек, түр) – адабий чыгарманын негизги тектери – эпос, лирика, драма жана алардын ар кыл бөлүнүштөрү жанрга кирет. Жанр деп азыркы учурда адабий чыгармалардын түрлөрүнүн жана бөлүктөрүнүн формалары да аталат. Ошондой эле тематикалык өзгөчөлүктөрүнө жараша да жанрга бөлүнөт. Жанр термин катары ар түрдүү аныктамаларга ээ.

**Идея** (*греч.* – ой-пикир) – чыгарманын идеясы – көркөм чыгармада берейин деген ой-максат, ал образдар системасынын бирдигинде берилет. Жазуучу өз чыгармасында белгилүү бир маселелерди ортого коюу менен чектелбейт, өзүнүн идеялы катары анын чечимин берет, мамилесин билдирет, баалайт.

**Образ, каарман** (*ор.* – көрүнүш, туруш-турпат) – турмуштун конкреттүү жана жалпыланган жактарынан алынган адамдын искусстводогу эстетикалык мааниге эгедер чыгармачылык көркөм фантазия менен түзүлгөн көрүнүшү. Образдар илим менен искусствону айырмалап турат. Жазуучу өз предметин көркөм образдар аркылуу сүрөттөйт. Ал өзүнүн дүйнөгө болгон көз карашына, эстетикалык идеялына, чыгармачылык жана турмуштук тажрыйбасына ылайык турмуш чындыгына, көрүп-билген кишилерге алымча-кошумчаларын киргизет, натыйжада образдын эстетикалык жана тарбиялык кудурети көрүнөт. Чыгармадагы образдын аткарган кызматына жана турган ордуна карап, адабият тануу илимдер кейипкер, башкы каарман, экинчи даражадагы каарман, мүнөз, тип деп бир нечеге ажыратылып жүрөт.



**Өмүр баян** (*греч.* – өмүрдү жазуу) – адам өмүрүнүн тарыхын жазуу. Адабият тануу жазуучунун өмүр жолу үйрөнүлөт. Бул же тигил акын же жазуучунун чыгармачылыгын изилдөө ишинде, аны үйрөнүүдө өмүр баяндык фактылардын, турмуштук окуялардын мааниси чоң. Көптөгөн өлкөлөрдө «Өрнөктүү адамдардын өмүрү» деген адабияттардын сериясы чыгып жатат. Алардын ичинде акын, жазуучулар да бар. Буларды үйрөнүүнүн мааниси чоң.

**Повесть** (*ор.* – баяндоо) – эпикалык тектин бир жанры. Көбүнчө кара сөз формасында жазылат. Повесть романга караганда азыраак (бир же эки) каарманды сүрөттөшү, анын турмушунун азыраак мезгилин гана объект кылып алышы, аңгемеге караганда көлөмүнүн чоңураактыгы, бир эле эпизод эмес, бир нече эпизоддун сүрөттөлүшү, сюжетинин, композициясы романга караганда кыскалыгы, аңгемеге салыштырганда кеңдиги менен айырмаланат. Повесть өзүнө аңгеменин да, романдын да белгилерин камтыйт.

**Поэзия** (*греч.* – жаратамын, чыгарамын) – 1. Байыркы заманда жалпы эле көркөм адабият, сөз өнөрү поэзия деп аталган. Көркөм кара сөз (проза) түзүлгөндөн кийин, поэзия деген термин ыр менен жазылган чыгармалардан гана билгизип калды. 2. Көркөм адабият прозалык чыгармалардан айырмаланып, ыр түзүлүшүнө негизделип жазылган түрү. Элдик эпос, лирика, ыр түрүндөгү драмалык чыгармалардын баары поэмада, ырда өнүгүп келген. Ырга мүнөздүү көрүнүштөр ыргак, муун, муунак, уйкаштык, строфа-поэзия чыгармаларын жаратуунун негизги касиети.

**Поэма** (*греч.* – жаратам, чыгарма жазам) – поэзиялык формадагы лирикалык же баяндоо ыкмасында жазылган көлөмдүү чыгарма. Ал ыр менен жазылган романдан көлөмүнүн кичирээктиги менен айырмаланат. Алгачкы поэмалар байыркы грек адабиятында пайда болуп, белгилүү акындардын дээрлик бардыгы адабияттын бул түрүндө өз күчтөрүн сынап көрүшкөн. Кыргыз элинде да ондогон элдик поэмалар оозеки түрдө ооздон-оозго өтүп, узак убактар бою жашап келген. Аларда элдин социалдык абалы бир кыйла кеңири берилген. Элдик төкмө акындардын чыгармачылыгында да поэма негизги орунда турат.

**Проза** (*лат.* – эркин сөз маанисинде) – ырга мүнөздүү болгон уйкаштыктар, саптар сакталбай, эркин кара сөз түрүндөгү чыгармалар. Прозага роман, повесть, аңгеме, очерк жанрлары мүнөздүү, алар кара сөз менен жазылып, сөзсүз көркөмдүүлүккө ээ болушу зарыл. Поэзияга көбүнчө лирикалуулук жана эмоциялуулук тиешелүү болсо, прозага көбүнчө эпикалуулук мүнөздүү. Кыргыз элдик оозеки адабиятында прозалык чыгармалардын үлгүлөрү *(элдик жөө жомоктор, санжыралар, легендалар)* – поэзияга караганда анчалык өнүкпөгөн болсо да, жашап келген. Жазма адабияттын пайда болушу менен кыргыз прозасы өсүү,

өнүктү, орус жана чет элдер, боордош улуттардын адабияттарынын таасири астында прозанын жаңы көрүнүштөрү пайда болду, мүмкүнчүлүктөрү алда канча кеңиди, жалпы адабиятыбызда омоктуу орундары бар мыкты чыгармалар жазылды.

**Роман** – (*франц.* – француз, итальян, португал ж.б. роман тилдеринде жазылган чыгармалар) – эпикалык түргө кирүүчү, турмушту ар тараптан кеңири жана жайбаракат сүрөттөөгө алган, каармандары көп жана алардын негизгилеринин образдарын ачуу үчүн бир канча эпизоддор киргизилген, композициялык түзүлүшү жана сюжети көп пландуу чыгарма.

**Сюжет** (*франц.* – предмет) – адабий чыгармадагы мүнөздөрдүн өсүшүн жана өз маанилерин ачып берүүчү конкреттүү окуялардын системасы. Сюжет түзүү менен автор чыгарманын бүткүл материалдарын бириктирип, бүтүн картина түзөт. Жазуучу өзү билген окуяларды же ичинен токуп чыккан деталдарды сюжетте өз максатына ылайык пайдаланат.

**Үзүндү** – чыгармадан алынган кандайдыр бир өзүнчө биримдиги бар бөлүк.

**Ыр** – белгилүү ыргак менен айтылуучу, поэзиянын талабы менен түзүлгөн сөз тизмектери. Ыр өз мыйзамдарына ылайык рифмага, ритмге, интонацияга, синтаксиске ээ. Ырдын мындай касиеттери, өзгөчөлүктөрүн аны кара сөздөн айырмаланып турат. Кыргыз тилинде ыр негизинен үч маанидe – колдонулуп, орус тилиндеги «стих», «стихотворение», «песня» деген терминдердин маанилерин туюнтат.

**Эпос** (*греч.* – айтуу, сүйлөө) – 1. Көркөм адабияттагы үч түрдүн бири. 2. Фольклордогу эпикалык түргө кирүүчү ыр формасындагы көлөмдүү чыгармалар. Эпостордо элдин тарыхый турмушу, маданий-социалдык абалы, карым-катнашы, үрп-адаты, келечектен күткөн тилеги кеңири чагылдырылат. Байыркы эпостордо мифологиялык белгилер күчтүү болсо, улам мезгил өткөн сайын эпостор адам турмушунун реалдуу көрүнүштөрүнө жакындап олтурганын байкоого болот. Эпос дүйнөнүн көптөгөн элдерине мүнөздүү болсо да, кыргыз элинде алардын өзгөчө залкар үлгүлөрү бар.

# МАЗМУНУ


КИРИШ СӨЗ .......... 3
УЛУТТУК КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ –
ЭЛДИК МАДАНИЯТТЫН БИР БӨЛҮГҮ .......... 4
«Манас» эпосунун жазма варианттары .......... 7
ҮЧ ЗАЛКАР .......... 12
Сагымбай Орозбак уулу .......... 12
Саякбай Карала уулу .......... 14
Жусуп Мамай .......... 16
«Кедейкан» эпосу .......... 18–25
ЭЛДИК ПОЭМАЛАР .......... 29
«Олжобай менен Кишимжан» дастаны .......... 29–31
КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ .......... 38
Орхон, Энесай, Күлтегин эстеликтеринин тарыхы .......... 38
Күлтегиндин эстелигинде ташка чегилген жазуу .......... 42
Кабус-наама .......... 44–46
Ата-энени урматтоо тууралуу .......... 48
Дос тандоо жөнүндө .......... 49
АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫ .......... 51
Молдо Кылыч Шамыркан уулу .......... 51
Бүркүттүн тою поэмасы (казалы) .......... 53–56
Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов) .......... 59
Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» поэмасы .......... 60–62
КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНЫН
(ПРОФЕССИОНАЛ) ЖАРАЛЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ .......... 69
Поэзия, проза, драматургия .......... 69
Касым Тыныстанов .......... 72
Ала-Тоо .......... 74
Аалы Токомбаев (Балка) .......... 78
«Кандуу жылдар» («Таң алдында») романы .......... 80
Кандуу жылдар (Таң алдында) .......... 83
Касымалы Баялинов .......... 88
Касымаалы Баялиновдун «Ажар» повести .......... 89–93
Мукай Элебаев .......... 96
Узак жол романы .......... 97–98
КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН ТЕКСТТЕР .......... 103
Огуз-наме дастаны .......... 103–106
Орхон-Энесай жазма эстеликтери .......... 108
«Кулмырза менен Аксаткын» жөнүндө .......... 110
Касым Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасы .......... 114–116
Касымалы Баялиновдун «Көл боюнда» повести жөнүндө .......... 118–119
Мукай Элебаевдин «Зарыгам» ырынан .......... 120
КӨРКӨМ ОКУУ .......... 123